САМИЕВ МАМАТИБРАИМ

# ТЕЛЕВИДЕНИЕДЕ ЖАРЫК КӨРГӨН ИНТЕРВЬЮЛАР ЖЫЙЫНДЫСЫ

Ош – 2017

УД 821.51
ББК 84Ки7-4
С 17

Самиев Маматибраим
С 17 Телевидениеде жарык көргөн интервьюлар жыйындысы Ош, 128 б.

ISBN 978-9967-430-66-2

Бул жыйнакта Ош облустук ИИМнин отставкадагы полковниги, мамлекеттик кызматтын I класстагы кеңешчиси, коомдук ишмер, Манас изилдөөчү Самиев Маматибраимдин жана анын уулу Мирбектин, кызы Назгүлдүн 2002-жылдан тартып 2017-жылга чейинки аралыкта телекөрсөтүүлөргө берилген кээ бир интервьюлары, өмүр таржымалына байланышкан айрым учурлар жана кыргыз элинин тарыхы болгон айкөл атабыз Манасты изилдөө жаатында жүргүзгөн ишмердүүлүгү камтылган.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө, өзгөчө жаштарга сунушталат.

С 4702300400-17 УД 821.51
ББК 84Ки7-4
ISBN 978-9967-430-66-2
©Самиев М

# РЕДАКТОРДОН

Самиев Маматибраим Самиевич. Бул инсан жөнүндө канча сөз айтсак да аздык кылат. Маматибраим Самиев мамлекеттик жана коомдук ишмер, Манас изилдөөчү, юрист, милициянын отставкадагы полковниги, ошондой эле Кыргызстан жазуучулар жана журналисттер союздарынын мүчөсү катары элибизге кеңири таанымал болуп калган.

Ал көптөгөн жылдардан бери тарых беттерине толук түрдө ачыкка чыкпай, жазылбай келе жаткан «Манас» тарыхый эпосубузду жекече изилдеп, Манас тарыхый инсан деп өзүнүн жазган макалаларында жана китептеринде далилдеди. Дегеле кыргыз элинин кеңири белгилүү, өзгөчө зор көлөмдөгү тарыхый эпосу болгон «Манасты» изилдөөнүн өзү чоң эрдик. «Манас» эпосу - кыргыздардын көптөгөн кылымдар бою өз билгендери менен табылгаларынын алгылыктуулары, басып өткөн жолу менен башынан кечирген окуялары, жигиттердин эр жүрөктүүлүгү, аялдардын арууллугу жөнүндөгү маалыматтардын орчундууларын дээрлик бүт чогулткан казынанын милдетин аткарып, элдин ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап, улам толуктап келе жаткан улуу мурасы, эл турмушунда мааниси, орду боюнча улуттук сыймыгы катары бааланууучу чыгарма. М.Самиев «Манастын» жалпы дүйнөлүк илимде тарыхый эпос катары кабыл алынуусуна, ошондой эле Манасты тарыхый инсан катары таанууга зор салымын кошту.

Айта кетчү нерсе, бул жыйнакка М.Самиевдин 2011-жылдан тартып 2017-жылга чейинки аралыкта

телеберүүлөргө берген интервьюлары гана тандалып алынган. Бул аралык ичинде Самиев Маматибраим милициядан отставкага чыгып, илимий изилдөөлөр менен шугулданып, жеке Манас изилдөөчү катары, бир канча тарбиялык, тарыхый, көркөм, поэтикалык жана илимий чыгармалардын автору болуп, элге ак кызмат кылып таанылып калды.

Самиев Маматибраим Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Мырзаке айыл округундагы Ленин атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган соң, ФПИнин Ош техникалык факультетинде, СССР ИИМнин Карагандыдагы, Харьковдогу жана Ташкенттеги жогорку мектептеринде окуп, ошондой эле КМУда жогорку билимин уланткан. Учурда ал техника илимдеринин кандидаты, М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин курулуш кафедрасынын доценти, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүндө жаратылыш байлыктары институтунун улук илимий кызматкери.

М.Самиев эмгек жолун Өзгөн районундагы «Алга» совхозунун 6-бөлүмүндө жылкычы болуп иштөө менен баштаган. Андан соң курулуш тармагында катардагы жумушчудан баштап «Ош курулуш» АКнын директорунун өндүрүш боюнча орун басарлык кызматына чейин иштеген. Ошол убактагы жаңы бийликтин алдында Самиев Маматибраимге жооптуу жана кооптуу иштердин бири болгон ИИМдин Ош облустук аткаруу комитетинин ОБХССине иштөө милдети жүктөлгөн. Ал алгач милициянын старшинасы, кийин начальниктин орун басары, капиталдык курулуш бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. Ош облустук ИИМнин бир канча жогорку кызматтарында иштеп, Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин Ош облусу

жана Ош шаары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү катары жигердүү кызмат кылган.

Мамлекеттик, коомдук иштерде талыкпай эмгек кылганы үчүн ондогон Ардак грамота, төш белги, орден, медалдар, өз мезгилинде комсомолдо сиңирген эмгеги үчүн ВЛКСМ БКнын 60 жылдыгынын Ардак грамотасы, Кыргыз милициясынын юбилейлик медалдары, ИИМнин экономикалык коопсуздугунун жана Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы төш белгилери, Ош курулуш тармагындагы жигердүү кызматы үчүн Ардак грамота, коомдук ишкердүүлүгү үчүн Алкыш баракчалары, Ыраазычылык каттары менен сыйланган.

Кыргыз элинин көөнөргүс мурасы болгон «Манас» эпосун изилдөөдө өзүнүн илимий эмгектерин китеп беттерине басып чыгарып, Манастын тарыхый инсан экендигин далилдөөдө кошкон салымы үчүн Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Бул жыйнакка кирген интервьюлардын баары телевидение үчүн тартылган тасмалардан жазылып алынды.

***Т.Жороев,***
***Кыргыз Республикасынын жазуучулар союзунун***
***Ош облустук жана Ош шаары боюнча***
***башкармалыгынын төрагасы***



Жусуп Мамайга жолугуп, Манастын түпкү тегин, кандай инсан экендигин билип келели деп калдык. Ошентип Кытайга сапар тартып кеттик. Жетип эле Жусуп Мамай атабызга жолугууга аракет кыла баштадык. Жусуп Мамайга жолугуу оңой эместей туюлду. Себеби биз Кашкардан манасчынын катчысы менен сүйлөшкөндө, ал бизге «Жусуп Мамай мамлекеттик адам, аны менен жолугуу үчүн мамлекеттен уруксат алуу керек» деп айтып калды. Анан биз жолугуу буюрар бекен деп ойлоно баштадык. Кашкарда биз Мамбет аттуу жигитке жолугуп калдык. Ал жигит Жусуп Мамайдын шакирти Омондун таанышы болуп чыкты. Ошентип анын жардамы менен биз Жусуп Мамайдын үйүндө болуп калдык. Манасчы 95 жашка келип, карылыкка моюн сунуп калгандай көрүндү. Бизди өзү сыртка чыгып, сыйлуу конок кылып тосуп алды. Үйүнө кирип даам татканча сүйлөштүк, Манас тууралуу бир-эки ооз сөз айтты. Кыргыз элинин тынчтыгын, ынтымагын, келечегин тилеп бата берди.

Жусуп Мамай аксакалдын жарык көргөн китептеринен сурап ала келдик. Ал китепте «Манас кыргыз элинин тарыхый эпосу» деп берилген. Бул аныктаманы Кытай мамлекети далилдеп, тактап, ЮНЕСКОго тарыхый мурас катары киргизип коюшкан. Кытай мамлекети аны ырастаган соң, кыргыз эли сыймыктанса арзыгыдай улуу тарыхый эпос экенине шек санабасак да болгудай экени көрүнүп турат. Мен Жусуп Мамайга «Манас тарыхый инсанбы, чын эле болгонбу» деген жүрөк өйүгөн суроо менен кайрылдым. Манасчы бул күмөндүү ойду четке кагып, «Манас тарыхый улуу инсан болгон, бул чындык» деген оюн айтып, бизди сүйүндүрүп, мекенибизге сыймыктануу, даңктануу менен кайтышыбызга себепчи болду.

**Жусуп Мамай** "Манастын" сегиз урпагына чейин айтат. Анын айтымында, бул эпос 500 миң сап ырды түзөт. "Манас" дастанынын **Жусуп Мамай** айткан варианты КЭРде араб тамгасы менен басмадан чыккан.

**-Учурда манасчылар, тарыхчылар ортосунда ар кандай пикирлер айтылып жүрөт. Айрымдары Манас жөн гана миф дешсе, кээ бирлери Манас бул тарыхый инсан деген сөздөрдү айтып келишет. Сиздин сөзүңүзгө таянсак Манас тарыхый инсан экен да?**

-Манастын тарыхый инсан экендигине мен Жусуп Мамай менен жолукканда ишендим, мен ал жактагы Сыргактын күмбөзүн көрүүгө да үлгүрдүм, ал коюлган жерге - Кызыл-Суу облусуна чейин барып иликтеп келдим. Анын сөөгү коюлган, айланасы таштар менен курчалган жер күмбөз катары сакталып, аны ошол убактагы чоролор коруктап кетишкени маалым болду. Кытай мамлекети 2012-2013-жылдар аралыгында ал жерге эстелик коет деген маалыматтар айтылып жүргөн. Сыргактын ысымы «Манас» эпосунда өтө көп кездешет. Бул менин биринчи далилим болду.

Ал эми экинчи далилим болсо, Манастын чоң казатта четки Бээжинди басып алгандыгы. Ошол убакта Бээжин беш Бээжин деген аталышта болуп, азыркы учурда алардын бири болуп Сиань шаары эсептелет. Убагында Манас ал жерди өзүнүн он төрт хандыгы менен барып басып алып, кайра кайтып жатканда Сыргак жолдо каза таап, ушул Кызыл-Суу облусуна коюлуп калган дейт. Бул менин экинчи так далилим.

Ал эми үчүнчү далилим: Кытай мамлекети «Манас» эпосунун кыргыздын тарыхый эпосу экенин моюнга алып, ЮНЕСКОго өздөрү каттатып жатат. Кыргыз окумуштуулары изилдеп, иликтеген тарых барактарында Манасты тарыхый инсан деген жери жок экени албетте

өкүндүрөт. Бирок ошентсе да Кытай жазма тарыхында тарыхый эпос деген жазуу бар экени бизди сүйүндүрүп, ошол эле учурда кыргыздын тарыхын Кытай жазылмаларынан карап изилдеп тапсак болот экен деген үмүттү жандырды. Биздин жазма тарыхыбызда - Саякбай Каралаевдин варианты боюнча чыккан китепте «Манас» кыргыздын баатырдык эпосу деп чыккан. Ал эми Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча дагы Манасты кыргыз элинин баатыры деген гана жазууга күбө болобуз.

Кытайдагы 180 миң кыргыз Манасты тарыхый инсан деп белгилеп жатса да, 5 миллион калкы бар Кыргызстан мамлекети Манасты өз даражасына коё албай жатканыбыз өкүндүрбөй койбойт. Биз да мындан ары «Манас» тууралуу жазма эстеликтерибизди баатырдык дастан эмес, тарыхый инсан деп берүүбүз керек, ал чындыкка дал келип жатпайбы. Жүрөгү кыргызмын деп соккон ар бир жаран Манасты өзүнө туу тутуп, идеалдуу инсан катары тутушса, ал эми кыргыз кыздары Каныкейдей болууну өздөрүнө идеал катары алган болсо, анда мамлекетибизде жаштардын адеп-ахлагы, тарбиялык маңызы, эрктүүлүк, тайманбастык касиеттери жогору болмок.

**-Кечиресиз агай, Жусуп Мамайды дүйнөнүн каухар ташы деп атап коюшат эмеспи. Сиз ал аксакал менен маек куруп келген адам катары кантип далилдейт элеңиз?**

-Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргызстандын эл артисти, биринчи даражадагы «Манас» орденинин ээси Жусуп Мамай Кытай Эл Республикасынын азыркы Кызыл-Суу Кыргыз автоном облусуна караштуу Ак-Чий ооданындагы Кара-Булак айылынын Ат-Жайлоо конушунда 1918-жылы 4-майда туулган. Ал

Какшаалдагы чериктердин Кызыл тукум уруусунан болот. Кичинекей кезинен эле Манас айтууга шыгы болуп, куйма кулак, зээндүү, тунук көкүрөк инсан болгону чындык. Мүмкүн ушул сыпаттардын артынан Манас айтып калгандыр деп ойлойсуң.

Дүйнөнүн каухар ташы деп атаганынын себеби бул саптарда кездешет: "Манас" дүйнөдөгү эң улуу эпостордун бири болуп, кыргыз маданиятынын туу чокусу болуп таанылды, ошону менен бирге ал кыргыз улутунун саясий-экономикалык, тарыхый, маданият философиясы" деп эскерилген.

"Манас" эпосун эл жараткан, эл өзүнүн басып өткөн тарыхый жолдору, аталарынын жомоктору менен жараткан. Албетте, "Манас" эпосунда кыргыздардын жалпы эле тарыхында болуп өткөн окуяларын көрөбүз. "Манас" эпосунда ысымдары айтылган Эсенкан, Алооке, Коңурбай, Жолой сыяктуу адамдар тарыхта өткөн адамдар болуп, жазма тарыхтарда кенен учурайт. "Манас" эпосунда кыргыздардын ошол коомдук түзүлүшү баяндалып, бийлик башында "эр, алп, кан, акылмандар" турган. Жоокер башчылары "чоро" болгон да, ар бир чоро өз алдынча кол, черүү баштоого укуктуу болгон.

"Манас" эпосунун ичинде кыргыздын акылы, ою, салт-санаасы, каадасы, жалпы эле адамзат кантип киши болуу, ушул кишилик сапатты кандай көтөрүү боюнча өтө чоң билимдер Жусуп Мамайдын айтымында түйүнчөк катары түйүлүп келе жаткан экен.

**-Азыр бүтүн Кыргыздар ичинде "Манас" эпосун толук баш аягына чейин окуп, жазып чыккан бир гана Жусуп Мамай болуп эсептелинет экен. Сиз ал киши менен көрүшүп, маек куруп келген адам катары эмнелерди айтат элеңиз?**

-Жусуп Мамай улуу «Манас» эпосу баш болгон ондон ашуун баатырдык эпосторду айткан, кытайлык кыргыздардын көркөм дүйнөсүн байыткан зор талант. Жусуп Мамай манасчылык улуу салтты андан ары улап, аны генеалогиялык жактан тереңдетип, кыргыз элинин улуу мурасын жайылтууга, байытууга опсуз чоң салым кошкон саналуу таланттардын бири. «Манастын» айынан ал Кытайдагы «маданий ыңкылап» жылдарында куугунтукка кабылып, абакка түшүп, кийин элдин оозеки чыгармачылыгына маани берилип, тоскоолдуксуз жарыялана баштаган чакта жалпы элдик сыйурматка, мамлекеттик колдоого алынган улуу инсан. Ал кишини даңазалап айтканга сөз жетпейт экен. “Манас” эпосун жайылтуу үчүн канчалаган кыйын күндөрдү, доорлорду башынан кечирип тайманбастыгы, эрктүүлүгү менен өз максатына жетип “Манас” эпосун дүйнөлүк мурастардын катарына кошконго салымын кошуп отурат.

Улуу манасчы менен жолугуп сүйлөштүк, баарлаштык, маектештик, кызуу талкуу кылып келдик. Жусуп Мамай чындыгында эле “Манас” эпосун толугу менен окуп, таанышып чыккан инсан. Кыргыз жергесине атайын чакыруу менен эки жолу келип кеткен. **Ал Кыргызстанга биринчи ирет 1992-жылы Сагымбай Орозбаковдун 125 жылдык маарекесине, экинчи жолу 1995-жылы "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына келген.**

**-Жусуп Мамайдын жазуучу, манасчы экенин билебиз. Ал жазган «Манас» эпосунун башка манасчылардын варианттарынан өзгөчөлүктөрү эмнеде?**

-Менин пикиримде, Жусуп Мамайдын манасчылыгынын бир өзгөчөлүгү - «Манастын» кийинки урпактарын кошуп айткандыгында. Башка манасчылар

«Манас», «Семетей», «Сейтекти» эле айтышат эмеспи. Экинчиси - ал өзү сөзмөр, акындыгы бар болгондугу үчүн жөндөмдүүлүгүнө жараша эпостун чөлкөмүн кеңейтип айткандыгы. Ошондой эле көркөмдүк жагынан «Манасты» башка манасчыларга салыштырмалуу бир кыйла жогору айтат.

Саякбай Каралаевдин, Сагынбай Орозбаковдун айткан “Манасындагы” негизги өзөктөр Жусуп Мамайдын жазган “Манасында” да кездешет. Баары бирдей эле башталат. Биздин манасчыларда Манастын үчилтиги гана айтылат. Алар: Манас, Семетей, Сейтек. Ал эми Жусуп Мамайдын вариантында Манастын сегиз урпагы айтылат. Алар: Манастан соң Семетей, Сейтек, Кенен, Сейит, Асылбача-Бекбача, Сонбилек жана Чигитей.

Жусуп Мамай менен биздин манасчылардын айтуусунда анчалык деле айырмачылык жок деп ойлоймун, себеби эки вариантта тең ошол эле жер-суулардын аталыштары, баатырлары, кыргыздын салт-санаалары баары бирдей берилген. Кытайдагы Какшаал тоонун тегерегинде кыргыздар байырлаган деген пикирлер бар, бул чындыкка жакын, анткени ал жерде кыргыздын баатыр кызы Жаңыл Мырза да жашаган, дегеле кыргыздардын жашоосу ошол жерде өткөн дешет. Азыркы учурда ал тоо Кытай мамлекети менен Россия Федерациясына өтүп кеткен. Кытайдагы Үзөңгү-Кууш тоосун көргөнгө да жетишип калдым. Ал жердин эки жагынан чоң дарыя агып түшөт экен.

**-Учурда манасчылар «2012-жыл «Манас» жылы» деп жарыяланса жакшы болот эле» деген көз караштарын билдирүүдө. Бул нерсеге сиздин көз карашыңыз?**

-Менин оюмда да 2012-жыл «Манас» жылы» деп жарыяланса абдан жакшы болмок. Азыркы учурда Кыргызстан идеологиядан чынында эле бир аз аксап турган чагы. Убакыт, мезгил бир орунда токтоп турбаган сыңары, жашоо шарты, коомдук түзүлүштөр, замандардын закымдары улам өзгөрүп жатканын башыбыздан кечирип жатабыз. Бирок бир чындык бар! Ал кыргыз эли үчүн, "мен - кыргызмын" дегендердин баарына МАНАС чындык жана идеал.

Кыргыз эли башынан тагдырдын татаал сабактарынын неченин өткөрүп, ушул XXI кылымга эгемендүү эл болуп келдик! Бул да болсо биздин чоң ийгилигибиз болуп саналат. Кыргызды дүйнөгө тааныткан айкөл Манас атабыздын бар экендиги бизге көп мүмкүнчүлүктөрдү жаратып жатат. Алсак кыргыз элинин түпкүлүгүн сурап келсең Манас атабызга барып такалат, ошондой эле дүйнө элдери бизди Манастын урпактары деп тааныганы чындык.

Айкөл Манас атабыздын биз үчүн ыйык рух, улуу күч экенин, анын эпостук эле каарман эмес, IX кылымда жашап өткөн тарыхый инсан экенин айрым учурда аңдабай, кара курсак көйгөйүнөн жогору көтөрүлө албай, кенебестигибизден улам «Манас» дастаныбызды аз жерден башкалар ээлеп кете жаздады. Колубуздагы Кутту алдырып коё жаздадык. Мындай нерселер кайталанбас үчүн келээрки 2012-жылды – «МАНАС» жылы» деп жарыялоо зарыл!

Эң ириде "Манас" дастаныбызды үчилтиги менен фольклордук кайталангыс шедевр жана дагы Манастын тарыхый инсан экенин тастыктап, кыргыз элинин атынан ЮНЕСКОго тезинен каттатып алуу керек. Баарыбызга белгилүү болгондой, «Манас» эпосун кытайлар ЮНЕСКОго «Кыргыз элинин тарыхый эпосу»

деп каттатып койгон. Кытай мамлекети аны тастыктап койгон соң, биз кыргыздарга бул нерсени айтпаса да кылууга милдеттүү экенибиз көрүнүп турат.

Азыркы учурда жаштарыбыздан Манас тууралуу сурасаң билбеген учурлары да кездешет, бул деген кыргыз эли үчүн уят десек болот. Ошондуктан жаш муундарды Манас атабыздын мекенчил духунда тарбиялоону балдар бакчасынан тарта мектептерде, жогорку окуу жайларда улантуу планы коюлуусу абзел. Бул нерсе биздин келечектеги урпактарыбызга өзүнүн тарбиялык жагын бере алат деген ойдомун.

**-Чоң рахмат агай, сунушубузду кабыл алып студиябызга келип, мына ушундай кызыктуу маек куруп бергениңиз үчүн терең ыраазычылык билдиребиз, ишиңизге ийгилик!**

-Сиздерге да чоң ыраазычылык билдирип кетким келет. Анткени кыргыздын улуу руху болгон «Манас» эпосун элге жайылтууда телеберүүнөрдүн мааниси абдан зор.

***Даярдаган: Ширин Муктарбек кызы***
***Датасы: 2011-жыл***



буюрса келечекте «Атанын уулу» аталгым келет. Атам Мамат Самиев да өзү илим дүйнөсүнө аралашкан адам катары таанылган. Мен да илимий эмгектеримди чыгарууну эңсеп жүрөм.

- Кандай жеңиштер менен кайттың?

- Мен Индонезия өлкөсүнүн Бали аралында физика сабагы боюнча болуп өткөн олимпиадада экинчи орунду багындырып, күмүш медалдын ээси болуп отурам. Мына бул менин ошол олимпиадада алган күмүш медалымдын сертификаты, ал эми бул катышканым тууралуу сертификат, ал эми бул болсо президенттик белекти алганым тууралуу сертификаттарым.

- Баракелде, сен Кыргызстандын атын дүйнө жүзүнө чыгарып, элдин уулу болуп аталдың, ата-энеңдин ак эмгегин актап жакшы ийгиликтерге жетип жүрө бер мындан ары да. Сен эми келечекте Сингапурга барып өз билимиңди тереңдетип кайтканы жатыптырсың. Мындан аркы окууңа ийгиликтерди каалаймын. Сингапур өзү аябай өнүккөн мамлекеттердин катарын толуктайт, илим-билим жагынанбы, өнөр жай жагынанбы, дегеле бардык жактан төгөрөгү төп келген таза шаар болуп эсептелинет. Биздин шаардын атынан сага бул китепти берейин. Китеп окуган адам көптү билет, көптү таанайт дегендей билимиң дагы да өркүндөй берсин!

- Чоң рахмат, сизге да аябай ыраазымын!

- Кыргызстандын керегине жараган эр азаматтардан болушуңа тилектешмин, ийгилик сага!

**Мирбектин агайы Мустафа Демир:** Мирбек чынында эле бул олимпиадага жакшы даярданды. Ал мындан мурун Сингапурда өткөн олимпиадага да барып катышып келген, ал жерде да жакшы ийгиликтерге жетишкен. Биз Мирбектен ушундай ийгиликти күткөн-

бүз, ал мунун баарына өзү аракети менен, тырышчаактыгы менен жетишти. Албетте бул жерде окуткан агай-эжейлеринин да салымы бар. Мирбек өзү лицейде эң жакшы окуучулардын катарын толуктап, эже-агайларынын сыймыгы болчу. Жаштайынан илим-билимге кызыккан адамдын келечеги кең болот демекчи, Мирбек да өз келечегине жол ачты. Биз - лицейдин мугалимдери Мирбектин жеңишине аябай кубанып турган кезибиз.

**-Мирбек, сен ийгиликке кантип жетиштиң?**

-Албетте, бул ийгилигиме мени окуткан эже-агайларымдын чоң жардамы тийди. Андан сырткары өзүм да абдан аракет кылып бардык күчүмдү ушуга жумшап жаттым. Адамда аракет, умтулуу болсо гана бардык нерсеге жетише алат эмеспи. Билимиң болуп туруп аракетиң болбосо, алган билимиңден эч кандай пайда жок. Мен Ош шаарындагы Себат лицейинде билим алганыма аябай ыраазымын, мектептин жалпы мугалимдерине терең ыраазычылыгымды билдиремин. Ошондой эле практикалык иштериме жардам берген Кыргыз-Түрк Манас университетинин жана Кыргыз техникалык университетинин жалпы илимий жамаатына да ыраазычылык билдирип кетмекчимин. Адам ар бир нерсеге өз аракети, күчү менен жетише алат деп ойлоймун. Мен бул ийгилигимди бүткүл Кыргызстан элине арнаймын.

***Даярдаган: Ош ТВ телерадиокомпаниясы***
***Датасы: 2002-жыл***







колдоо көрсөтүп турса, бул да болсо мамлекетке колдоо болот. Мүмкүн мамлекеттин буга чамасы жетпейт, же болбосо каражат жагынан тартыштык сөзсүз болушу мүмкүн. Бул нерсе үчүн мамлекетти айыптоого болбойт, эгерде сенде аракет, күч, билим болсо анда баарын аста-секиндик менен багындырсаң болот. Кыргызстан үчүн керектүү атуул болууга умтулуу керек. Менин бул жеңишиме жетүүгө колдоо көрсөткөндөр, биринчиден ата-энем болду. Алар мени бардык жактан колдоп, билим алууга толук шарт түзүп беришти. Экинчиден, Ош-Себат лицейинде окуткан эже-агайларымдын илим-билим жактан көрсөткөн колдоосу болду. Ошондой эле мамлекет тарабынан ЖОЖ окутуучуларына практикалык билимимди бышыктап бергени үчүн баарына терең ыраазычылык билдиремин.

**-Азыркы учурда жаштардын билимге кызыгуусу начарлап, мамлекетибиз илим-билим жактан бир аз аксап турган кези. Жаш окуучуларга билим берүүдө сөзсүз түрдө биринчиден ата-эне, андан соң мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүп, келечегине жол ачып берүүсү кажет.**

**Директор:** Азыркы учурда ата-энелердин көпчүлүгү жакшы мектеп, мыкты мугалимдерди карап калды. Бул олимпиада бизге кайсыл жерде билим берүү жакшы болсо ошол жерден мыкты келечек адистери чыгарын көрсөтүп берди. Олимпиадага катышкан жакынкы коңшу мамлекет окуучуларынын басымдуу бөлүгү түрк лицейлеринде окуган окуучулар болуп, натыйжада түрктөрдүн билим берүү системасы мыкты деңгээлде экенин көрсөттү. Дегеле билим берүү мекемелеринин билим берүү системасы жакшы деңгээлде баратканы кубандырат. Мирбекке окшогон жаш билимдүү балдарыбыз көп болсо биздин Кыргызстан





**-Саламатсыздарбы. урматтуу теле көрүүчүлөр! Студиянын бүгүнкү коноктору менен тааныштырып өтсөм: Исхан Полта - Ош-Себат түрк лицейинин директорунун орун басары, ошондой эле Ош-Себат түрк лицейинин бүтүрүүчүсү, физика боюнча эл аралык олимпиаданын жеңүүчүсү Мирбек Самиев. Алгач сөздү Исхан Полта мырза, сизге берсем. Сиздердин билим берүү мекемеңиздер бир топ жылдардан бери Кыргызстан аймагында иш алып барып жатасыздар. Сиздерден билим алып чыккан окуучулардын көпчүлүгү эл аралык олимпиадаларга барып байгелүү жеңиштер менен кайтууда. Эми ушул өзүңүздөрдүн билим берүү системаңыздардын өзгөчөлүгүнөн бөлүшүп кетсеңиз?**

-Рахмат, биздин түрк лицейи Кыргызстандын аймагында 10 жылдан бери иштеп келе жатат. Кыргызстандын бардык облустарында биздин филиалдар ачылган. Биз окуучуларды дүйнөлүк билим берүү деңгээли боюнча окутуп жатабыз. Окуучуларыбыздын көпчүлүгү ар жылы Кыргызстанда өтүүчү облустук, республикалык мелдештерге активдүү катышып, байгелүү орундарды багындырып жатат. Ошондой эле биз окуучуларды дүйнөлүк аренага Кыргызстандын атынан даярдап алып чыгып жатабыз. Биздин мугалимдер окуучуларды өзгөчө программа менен окутуп олимпиадаларга даярдашат. Өткөн жылы баарыбызга белгилүү болгондой Бишкектеги лицейибиздин окуучусу Нурмухаммед Нурканов биология предмети боюнча биринчи орунду багындырган болчу. Ал эми быйыл болсо биздин Себат лицейибиздин 10 жылдык маарекесинде Ош шаарындагы Себат лицейибиздин окуучусу Мирбек Самиев Индонезияда өткөн эл аралык

физика олимпиадасына катышып, экинчи орунду алып кайтты. Бул физика боюнча биздин лицейдин атынан Кыргызстандан биринчи жолу катышкан окуучу болуп экинчи орунду багындыргандыгы биз үчүн чоң сыймык болду. Окуткан мугалимдерине, мүмкүнчүлүк түзүп берген Кыргызстан мамлекетине жана ошондой эле өз балдарын бизге лицейге ишенип тапшырган ата-энелерине чоң ыраазычылык билдиребиз. Мындан аркы ийгиликтерге да жол ачып, Кыргызстанды дүйнөлүк аренага алып чыгууга болгон күч-аракетибизди жумшайбыз.

**-Рахмат маегиңизге, биз да Мирбекти жеңиши менен кызуу куттуктайбыз. Мирбек, алган күмүш медалың куттуу болсун!**

-Рахмат!

**-Мирбек, бул олимпиада кандай өттү, эрежелери, кыйынчылыктары тууралуу айтсаң. Кайсы өлкөлөр-дөн өкүлдөр катышышты?**

-Олимпиада Индонезиянын Бали аралында болуп өттү. Ал жерге дүйнөнүн 67 мамлекетинен окуучулар барып катышты. Латын Америкасынан баштап Ыраакы Чыгышка чейин Бразилия, Португалия сыяктуу мамлекеттер, ошондой эле Кытай, Корея, Иран ж.б. мамлекеттерден. Теориялык жактан мени лицейдеги мугалимдерим даярдашты, ал мугалимдерим Мустафа Демир, Осмон Успала аттуу устаттарым. Ал эми практикадан Бишкек шаарындагы Кыргыз-Түрк Манас университетинде жана дагы Кыргыз техникалык университетинде даярдандым. Олимпиада тууралуу айтсам, негизинен оңой нерсенин өзү жок дегендей кыйын эле болду. Бирок жакшы даярданып жеңишке карай умтулуп, жеңишке жеттим десем болот.

**-Мына эми сен олимпиада жеңүүчүсү болуп Кыргызстандын желегин желбиретип келдиң. Мындан аркы окууңду кайсы жерде улантайын деп жатасың?**

-Мен жогорку билим алуу үчүн Сингапур шаарына барып окууну максат кылып жатамын. Ал жердеги технологиялык университетте компьютердик инженерия багыты боюнча окууну улантууну чечтим.



**-Урматтуу телекөрүүчүлөр, элибизде бекеринен «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деп айтылбаса керек. Чынында Мирбек Кыргызстандын билим деңгээлин жогорку даражага көтөрүп жеңишке ээ болуп отурган кези. Мына эми жогорку билимин Сингапур шаарында улантып, келечекте кыргыздын керегине жараган илимдүү, билимдүү адис чыгарына ишенебиз. Ошондой эле Себат лицейинин жалпы жамаатына да чоң ыраазычылык билдирип өтмөкчүбүз. Бул билим уясынан биздин нечендеген окуучуларыбыз мыкты**



**бул оору тууралуу түшүнүгү жок адамдар да арабызда бар. Ошондуктан туберкулез тууралуу айта кетсеңиз?**

-Кургак учук бул дүйнө жүзү боюнча кеңири тараган оору болуп эсептелинет. Кургак учук - жугуштуу дарт. Ал көбүнчө какырык менен кургак учуктун микобактериясын бөлүп чыгарган сыркоо адамдан жугат. Башка микробдордон айырмаланып, кургак учуктун микобактериясы өзгөчө сакталуу касиетине ээ. Ал жерде дагы, карда дагы өзүн мыкты сезет, ошондой эле спирт менен кислотанын таасирине да туруктуу келет. Микобактерия ыплас жерде, нымдуу үйдө бир нече ай, бейтаптын кийим-кечесинде, үй эмеректеринде 3-4 ай, сүттө, майда 1 жылга чейин сакталат. Алар жогорку температурага туруштук бере алышпайт, тике тийген күн нуруна көпкө чейин кактаганда гана жок болот. Алар жогорку температурада жана хлор камтылган заттардын таасиринен улам жок болот.

Кургак учукту козгогучтардын бир нече түрү (кишиники, бодо малдыкы жана канаттуулардыкы ж. б.) белгилүү. Адамдар негизинен кишинин кургак учугу менен оорушат, бирок кээде бодо малдын кургак учугу менен да жабыркашы мүмкүн. Ооруну негизинен микробдуу какырык бөлүп чыгарган адамдар жана малдар таратышат. Айрыкча кургак учуктун ачык түрү менен ооруган адам коркунучтуу. Кургак учуктун таякчасы ар кандай жол менен жугушу ыктымал. Оору көбүнчө оорулуунун какырыгы, түкүрүгүнүн чачырандысы менен булганган аба менен дем алганда, ошондой эле оорулуу пайдаланган буюмдар (сүлгү, тиш щетка, жүзарчы, кийим-кече ж. б.) аркылуу жугушу мүмкүн. Андыктан ооруну жугузбоо жолдорун көрүү талап кылынат.

Оорунун белгилери:

- жөтөл (2 же андан ашык аптага созулган);
- какырык;
- арыктоо;
- дене табынын көтөрүлүшү;
- чыйрыгуу, түнкүсүн көп тердөө;
- бат чарчоо, булчуңдардын оорусу;
- аба жетпей демигүү;
- көкүрөктүн оорушу;
- кан түкүрүү (өтүшүп баштаса).

**-Мухтар ага, өзүңүз канча жаштасыз? Анан сиз бул ооруну кайдан, кантип жуктуруп алдыңыз эле?**

**-**Мен өзүм кырк жаштамын. Бул оорунун кантип жуктуруп алганымды билбей да калдым. Оору башталганда эле мен өзүмдү жакшы сезбей, тез чарчап, алдан тайып баратканымды сезип жаттым. Ошондо эле дарыгерлерге кайрылып керектүү дары дармектер менен камсыз болуп, дарылануунун кечеңдетпей баштап алдым.

**-Мухтар аганын оорусу тууралуу эмнени айта аласың?**

-Бул агабыз азыркы учурда кургак учук оорусу менен алышып жатыптыр. Биз бул ооруну узак мөөнөттүү кылып дарылашыбыз керек. Эгерде убагында дарыланып, ден соолугуна кам көрсө, дарыгердин талаптарын так аткарса, анда бул дарттан тез эле айыгып кеткенге болот. Албетте оору менен күрөшүүдө бир гана дарыгер аракет кылбастан оорулуу өзү дагы кошо жардам берсе гана жакшы жыйынтык алабыз.

**-Кургак учуктун ачык жана жабык формасы деп коебуз көбүнчө, ушул экөөнүн айырмачылыктарын айта кетсең?**

-Учурда өпкөнүн кургак учугу көп кездешүүдө. Кургак учук көбүнчө өпкөнү жабыркатат да өтүшүп кетсе адамды өлүмгө да дуушар кылышы мүмкүн. Ошондуктан өз убагында дарыгер көрүгүнөн өтүп, амбулатордук дарылоону баштаса анда коркунуч азаят. Ошондой эле лимфа жана кан тамырлар аркылуу муундарга, сөөктөргө, мээ кабыгына, бөйрөккө ж. б. тарашы мүмкүн. Өпкөнүн кургак учугунда өпкөнүн микробактерия түшкөн ткандарында сезгенүү очогу пайда болуп, некрозго айланат. Андан кийин ал катуу кабык менен капталат да, акырындап кальций туздары топтолот. Балдарда бул байкалбайт, рентгенге тартканда гана билинет. Эгер баланын организми начарлап кетсе, процесс таралып кетиши ыктымал. Мында баланын эти ысып, жалпы абалы начарлап, жөтөл коштолушу мүмкүн. Чоң кишилерде да алгач байкалбайт, бирок оорулу адамдын алы кетет, арыктайт, бат чарчайт, түнкүсүн тердейт. Андан кийин денеси ысып, көп учурда бир аз чыйрыгат, бат-бат жөтөлөт, тамакка табити тартпайт, дем алганда капталы сайгылашып ооруйт,өтүшүп кетсе кан түкүрөт. Мына ушул белгилердин бири эле байкалары менен сөзсүз врачка кайрылуу керек.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун программасы Кыргызстанга киргизилгенден бери анализдерди так аныктоо жолуна шарт түзүлдү. Микроскобдун жардамы менен какырыктан туберкулез-дун таякчаларын табабыз. Кимде ким жөтөлү узак убакытка созулса какырыгын алып келишет да, андан

соң так диагнозун таап алууга болот. Бул эң жөнөкөй жана экономикалык жактан арзан метод болуп саналат. Сиз айткандай кургак учуктун ачыктын эки түрү болот. Алар ачык жана жабык болуп экиге бөлүнөт.

Ачык түрү - эгер туберкулез менен ооруган адам какырганда же жөтөлгөндө, чүчкүргөндө айлана-чөйрөгө таякчаларды бөлүп чыгарса, жуктурса бул ачык туберкулез болот. Бул түрү айланадагылар үчүн абдан коркунучтуу. Ошондуктан ачык түрү менен ооруган адамдар коомдук жайларда, үйүндө сөзсүз түрдө коргоочу маскалар менен айланадагы адамдарга жуктурбоонун аракетин көрүү зарыл.

Ал эми жабык түрү - бул туберкулездун жаңы башталган формасы болуп, бул оору менен жабыр тарткан адам какырып, чүчкүрүп, сүйлөгөндө айланага таякчаларды таратпайт. Албетте бул да болсо жакшы, бирок оорунун очогу пайда болгон соң, убагында дарыланып , дарыгер көзөмөлүндө болуп туру зыянга турбайт. Эң оболо баарыбыз оорунун алдын ала алсак гана дени сак жашоого жашай алабыз.

**Адамдын организмине кургак учуктун бактериялары киргенде бул оору пайда болот. Кээде мээ, анын чел кабыгынын, сөөктүн, муундун, ичегилердин, бөйрөктүн ж.б. органдардын кургак учугу болушу мүмкүн.**

**Кургак учуктун бактериялары абада калкып жүрөт. Алар бул оору менен жабыркаган адамдын өпкөсүнө өтүп, көбөйө берет. Бул учурда өпкө сезгенип, ичинде миллиондогон бактериялуу тешикчелер пайда болот.**

**Оорулуу адам сүйлөп же жөтөлгөндө айланага тарай баштайт. Кургак учуктун бактериялары абада бир нече саатка чейин кармалып тура алат.**

**Эгерде кургак учуктун ачык түрү менен ооруган адам бир бөлмөдө көбүрөөк турса, абада бактерия көбөйөт, ал абадан башка адамдар да дем алышат. Бул "аба-тамчы" ооруну жуктуруунун негизги жолу.**

**Эгерде адамдын коргонуу күчтөрү мыкты болсо, башкача айтканда организм күчтүү болсо, өпкөсүнө түшкөн кургак учуктун бактерияларын алдуу клеткалар жок кылат да кургак учук адамга жукпайт.**

**Кургак учук көпкө созулуучу илдет болуп, өз убагында табылып туура дарыланса, толук айыгып кетет. Дүйнө жүзүндө жыл сайын 2 миллион адам кургак учуктан каза болот. Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму жакынкы 20 жыл ичинде 200 миң адам кургак учук менен ооруп, анын ичинен 70 миллиону өлүмгө дуушар болорун божомолдоп эскертет.**

**Кургак учук менен ооруган адамдын тамактануу рационунда белоктор менен витаминдер жетиштүү болушу кажет. Сүт азыктары, жер-жемиштер, ар түрдүү ширелер көп колдонунушу керек. Ооруп жаткан адам суткасына 9-10 саат уктап, эс алышы шарт. Таза абада сейилдөө өтө пайдалуу келип, организмге күч берет.**

**Оорунун эң коркунучтуу түрү бул – мульти-резистенттүү кургак учук. Бул учурда оорунун бактериялары дарыга көнүп, тоготпой, өлбөй калышат. Бул абал дарыларды өз учурунда ичпей, үзгүлтүккө учуратkандан келип чыгат. Мульти-**

**резистенттүү кургак учукту дарылоо эң кыйын жана 18-21 айга чейин созулат.**

**Кургак учук менен ооруган адам дарыланып баштаганда тамакка табити тартпай, көңүлү айнып, арыктай баштайт. Ичи ооруп, денеси, көзүнүн агы саргайып, кулагы чуулдап, көрүүсү начарлайт, муундары ооруйт. Мындайда дарыларды кабыл албай коюу туура эмес. Бул абал мезгили менен өтүп кетет.**

**Кургак учуктун диагнозу бактерияларды какырыктан изилденгенден кийин гана так коюлат. Эки күндүн ичинде үч жолу какырыктын анализин тапшыруу зарыл. Убагында коюлган диагноз айыгуунун негизги ачкычы. Кургак учуктан айыккан адам да кайрадан жөтөл пайда болсо, какырыгын текшертип турушу абзел.**

**Эгерде адам начар тамактанса, суукка тез-тез кабылса, ашыкча чарчаса, ичкилик ичсе, наркотик колдонсо оору кайра пайда болушу толук мүмкүн.**

**Кургак учук оорусунун белгилери: оорунун алгачкы мезгилинде алы кетүү, чарчоо, тердөө пайда болушу мүмкүн. Жөтөл кургак учуктун негизги белгиси, эгерде ал 2 жумадан ашык созулса, алсыроо, дененин ысышы, табит жоготуу белгилери болсо, медициналык жардамга кайрылуу зарыл.**

**-Мухтар, сиз ошол биринчи белгилер байкалгандан кийин дарыгерлерге кайрылдыңыз беле?**

-Ооба мен оору башталганда алсырап, чарчап, тердеп, анан абдан жөтөлүп көпкө жүрдүм. Оору күчөп дарыгерге көрүнүүгө туура келди, ал жактан керектүү анализдерди тапшырып келдим.

**-Туберкулезго кандай анализдерди тапшырдыңыз? Жана канча убакыт аралыгында анализдердин жыйынтыгы даяр болду?**

-Өпкөнүн флюорографиясы (же рентгени), анализдер аларга заарадан, кандан, какырыктан тапшырдым. Бир күндүн ичинде эле анализдерди алдым. Тапшырууда эч кандай кыйынчылык болгон жок.

**-Назгүл, кургак учукту кантип дарылоого болот?**

Кургак учук - түрдүү органдарда, көбүнчө өпкөдө өзгөчө сезгенүү пайда кылуучу жугуштуу оору болуп саналат. Ооруну рентгендик текшерүүдөн өткөрүп, диагнозун аныктап врач дарылайт. Дарылоо учурунда оорулуу дарыгердин көзөмөлүндө болот. Дарылоодон жакшы болбогондорго хирургиялык жол сунуш кылынат. Эгерде анны аягына чейин дарылабаса, дагы кайталанышы мүмкүн. Ошондуктан кургак учукту дарылоо ар дайым диспансер аркылуу көзөмөлдө болуп, мекемелерде, ишканаларда болсо медициналык кызматкерлердин кароосунда дайыма турат.

Кургак учукка жаңы кабылгандарды жана ооруп айыккан адамдар кайрадан ооруп кала турган болсо, аларды 6 айдан 8 айга чейин дарылайбыз. Бардык дарылана турган дары-дармектери бекер болот. Оорулууну дарылай баштаганда кээ бир адамдар дарылануусун үзгүлтүккө учуратышат же болбосо жакшы болуп калдым деп дарылануун таптакыр токтотуп коюшат. Андай учурда өпкөдөгү таякчалар (өпкөнүн курту) толугу менен өлбөстөн, кайрадан жанданып организмде жашай баштайт. Кийин дарылоо өтө кыйын жана узакка созулуп, 20 айдан 36 айга чейин дарылоого туура келет. Себеби, ичкен дарынын күчү жетпей, таякчалар үчүн өнөкөт болуп калат. Оорулуу

адамдарды алтыдан ашык түрдөгү дары менен дарылайбыз.

**Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча ар бир секунд сайын дүйнөдө бир адам кургак учук оорусун жуктуруп алат.**

**Оорунун пайда болушу**

**- Айрым адамдардагы кургак учук башкаларда жоктугун дайыма эле түшүндүрүү кыйынга турат. Бирок айрым адамдар башкаларга караганда кургак учук менен ооруп калуу коркунучуна кабылышат. Коркунуч фактору оорунун өнүгүү деңгээлин жогорулатат. Кургак учук оорусунда төмөндөгү симптомдор байкалат: жөтөлдүн күчөшү, токтобошу, кетпеши, дем алуунун кысылуусу, демигүүсү, көкүрөктүн дайыма оорусу, жөтөлгөндө кандын пайда болуусу, үндүн кыркырап калышы, өпкөнүн жугуштуу оорусу (мисалы, пневмония), дайыма чарчап-чаалыгуусу, салмагынын азайышы (арыкташы). Бул симптомдор көбүнчө кургак учукка тиешелүү. Ал эми ден соолуктун башка проблемалары аларды пайда кылышы мүмкүн. Бирок ар бир адам алардын себебин билүү үчүн, мындай симптомдор байкалганда врачка кайрылууга тийиш жана зарылдыгына жараша дарылоону эрте баштоосу абзел.**

**- Назгүл, эми азыркы учурда кургак учук менен ооругандар күн санап өсүп жатат. Негизи мамлекет тарабынан оорулууларга кандай жеңилдиктер каралган?**

-Сөзсүз түрдө ооруган адамдын укугу мамлекеттик мыйзамдын негизинде корголот. 10 айдан 12 айга чейин оору баракчасы берилет. Айыккан соң ордуна барып

иштөөгө укугу бар. Негизи жалпы журтта бул оору менен абактагылар, селсаяктар, аракечтер, баңгизаттарын колдонуучулар жана өтө жакыр жашаган адамдар оорушат деген туура эмес түшүнүк бар. Бул андай эмес, жашоо шарты жакшы, чоң кызматта иштеген адамдар деле ооруп калышы толук мүмкүн. Кургак учук менен ооруган адам көп жылдар бою ишке жарамдуулугу азаят. Ошондуктан мамлекет тарабынан мыйзам кабыл алынган, бул мыйзам «кургак учуктан сактоо» болуп саналат. Алардын дарылануусу үчүн дары-дармектердин баары бекер берилет. Ошондой эле жарамсыздык баракчасы толтурулуп, балдарына да жөлөк пул каралган.

**-Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан бейтаптарга социалдык колдоо жагы да каралганбы?**

- Сөзсүз түрдө биздин мамлекет кургак учук менен ооруган адамдарга социалдык жактан, моралдык жактан колдоо көрсөтүп келет. Оорулу ооруп баштагандан тартып эле анын дарылануусу мамлекеттин эсебинен жүрүп, бардык амбулатордук дарылоо бекер жүрөт. Кургак учук менен ооруган адам жыл сайын келип, дарыгердин көзөмөлүнөн өтүп туруусу талапка ылайык болот. Оорулу катталган күндөн тартып мамлекеттин кароосунда болуп, алынуучу дары дармектеринин баары бекер берилет. Кургак учук менен ооруган адамдар өлкөбүздүн Чүй жана Бишкек шаарларында көбүрөөк байкалат. Өлкөдө социалдык-экономикалык кырдаал курчуп, миграциянын өсүп жаткандыгы бул оорунун кеңири кулач жайышына таасир этүүдө. 2010-жылы өлкөдө 5434 кургак учук менен ооруган адам катталган, бул 2009-жылга салыштырганда 427 адамга аз. Албетте кандай ган оору болбосун, аны айыктыруу акыр аягында акча каражатына такалары белгилүү. Мамлекет

тараптан азыркы күндө жетиштүү акча бөлүнбөсө да, бул оору менен дарыгерлер оорулуу менен кошо күрөшүп келүүдө.

Биздин мамлекетте кургак учук көп тараганына байланыштуу башка өлкөлөрдөн да жардамдар көрсөтүлүп келет. Башка өлкөлөр бизге дары дармек жагынан көп колдоо көрсөтүп келет. Саламаттыкты сактоо министрлиги менен келишим түзүп, ошонун негизинде алар менен кошо иштеп, оорулууга бардык жактан жардам берип, колдоо көрсөтөбүз.

**-Бизде бейтаптарга маалымат таркатканда дарылоо бекер деп айтылат да, бирок дарыланганы келгенде акча сураган учурлар кездешет. Мухтар ага, сизди кандай дарылоодо?**

-Мени дарыгерлер азыркы учурда бекер дарылоодо. Алган дары-дармектеримдин баары бекер берилип жатат. Кургак учук менен ооругандарга мамлекет тарабынан жакшы эле колдоо көрсөтүлүп жатат деп ойлоймун.

**-Назгүл, кургак учук оорусун кантип алдын алууга болот?**

-Ден соолукту чыңдап, туура жана толук кандуу тамактануу менен таза абада сейилдөө маанилүү. Албетте, узак мөөнөт жөтөлүп жүргөн адамдар менен байланышпай кое туруу керек. Мындан сырткары, ар бир адам жылына бир маал флюорографиялык изилдөөлөрдөн өтүүсү, ал эми жаш балдарга реакция Манту жасалышы зарыл. Ошондой эле кургак учук менен ооруган адамдар коомдук жайларда жүргөндө ооздорун атайын кол аарчы менен жабып жүрүшсө башкаларга жуктуруу коркунучу азаят. Ал эми медициналык бет каптарды биз сунуштабайбыз. Анткени алар

ийилчээк келип аба аркылуу жугуп калышы мүмкүн. Медициналык бет каптардын дагы жакшы колдонууга мүмкүн болгон түрү бар, албетте аларды колдонсо болот. Бирок сөзсүз түрдө эрежеси менен колдонуу абзел, антпесе айланадагы дени сак адамдарга ооруну жуктуруп коюшу ыктымал.

Ошондой эле бейтапта сакайып кетем деген ишенимдин болуусу зарыл. Мындан сырткары, бейтап өзүнчө сүлгү, идиш-аяк жана башка өздүк гигиена каражаттарын пайдалануусу керек. Какыруу учурунда өзүнчө идишке түкүрүп, такай дезинфекциялап туруу абзел.

Ар ким ар кандайча түшүнүктө жүргөндүктөн кургак учук менен жабыркаган бейтаптардын тамак-ашы тууралуу айта кетким келет. Көпчүлүк адамдар тамак-аш майлуу, калориялуу болуусу керек деп ойлошот жана кашкулактын же иттин майын талап кылышат. Чын-чынына келгенде тамак-аш түрдүү болуу менен бирге жеңил өздөштүрүлүшү зарыл. Мындай тамак-ашты баасы өтө деле кымбат эмес азыктардан даярдоого болот. Ошондой эле дары каражатын кабылдоодон келип чыгуучу кошумча оорулардын алдын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондуктан аларда В-тобундагы витаминдердин көп болуусу керектигин эсиңиздерден чыгарбаңыздар. Алар адатта ар бир кыргыз ашканасынан жолуктурууга боло турган талканда, жарма жана айранда кездешет.

Курамында ден соолук үчүн өтө пайдалуу болгон темир жана белок мол болгондуктан маш буурчак, төө буурчактан даярдалган тамактарды ичүү абзел. Соя, маш буурчак жана төө буурчакта кездеше турган белок

күнүмдүк тамак-ашта пайдалануучу этке барабар болуп саналат.

**-Кургак учук оорусун толук айыктырууга мүмкүнчүлүгүбүз бар деп айтабыз. Назгүл, дарыгер катары эмне деп айтар элеңиз?**

-Ооба, кургак учукту дарылоого болот. Бул үчүн атайы кургак учукка каршы дары-дармектер бар. Дарылоодон мурда доктур өпкө жана башка органдарды рентгенге тартып, кургак учук микобактерияларынын бар же жок экендигин аныктоо үчүн какырыкка изилдөөлөрдү өткөрүп, микробактериялардын кайсы дары каражатына сезимтал боло тургандыгын аныктап алуусу абзел.

Микобактерия - айлана-чөйрөгө ылайыкташып кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ тирүү организм болуп саналат. Кургак учукка каршы дары-дармектер ар кандай таасир беришет. Башкача айтканда алардын айрымдары микробактериялардын бөлүнүүсүн токтотсо, башкалары көбөйүүсүн алдын алат. Ошол себептүү, микробду биргелешип жок кылуу үчүн бир эле мезгилде үч же андан көп дары каражаттары жазылып берилет. Бирок, дарылоону үзгүлтүккө учуратуу жана дарылануу режимин сактабоо, бактериялардын дары каражат-тарына карата болгон коргонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусуна жакшы шарт түзөт. Ошентип, ал туруктуу мүнөзгө ээ болот да, сакаюу күмөн жарата баштайт.

-Кургак учуктан мыкты дарыланыш үчүн сөзсүз медициналык кызматкердин көзөмөлү алдында кургак учукка каршы дарыларды толук дарылоонун курсу аяктагыча жана үзгүлтүксүз алуу зарыл.

- Кургак учукту дарылоо 6 айдан кем эмес убакытка созулат. Эгер аны үзгүлтүккө учуратса, дарт

андан да оор формасына өтүп, дарылоо татаал жана узакка созулуп кетет.

- Кургак учукту амбулатордук дарылоо жатып дарылануудан үч эсе арзан, бейтаптын күндөлүк жашоосун бузбайт, аны коомдон четтетпейт жана оорукана ичинде жугуу тобокелчилигин төмөндөтөт.

- Кургак учук менен ооругандардын көпчүлүгү дарылана баштагандан соң жугуштуу болбой калышат жана иш ордуларына кайта беришсе болот.Ошондой эле оорулуу баарынан мурда гигиена эрежесин сактап, жакшы тамактанып, жылдын бардык мезгилинде мүмкүн болушунча таза абада жүрүшү керек. Белогу көп эт, балык, быштак, сыр, сүт, жумуртка жеши зарыл. Мөмө-жемишти, айрым жашылчаларды, маселен, помидор, сабиз, кара карагат, лимон, жүзүмдү жеп, ширелерин ичүү абзел. Мындан тышкары, витаминдерди алыш керек. Оору күчөп кетсе, тынч жатып дарыланып, оңоло баштаганда, дене көнүгүүлөрүн жасап, сейилдеп, денени чыңдоо зарыл. Оорулууну дарылоодо үзгүлтүккө учуратпаганга, тамеки чекпегенге, арак ичпегенге аракет кылуу керек.

-Кургак учук менен ооругандарды басынтуу жана «сен кургак учук менен ооруйсуң» деген таризде куугунтуктоо, дартты байкоону жана аны дарылоону татаалдаштырат. Бейтаптын жана анын айланасындагы-лардын маалымдуулугу андан тез арылууга жардам берет. Оорулуу ооруну күчөтпөө үчүн убагында дарыланып, дары-дармектерди ичип, күчтүү тамактанса гана мындай айтканда витаминге бай жер жемиштерди тамактануу рационуна кошуп турса, кургак учуктан айыгууга болот.

**-Сиздерге чоң ыраазычылык билдирип кетким келип турат. Назгүл, атайын бизге келип ушул кургак учук дарты тууралуу элибизге бир аз болсо да маалымат бергениң үчүн чоң рахмат. Иштериңе ийгилик!**

**Демек урматтуу замандаштар, өзүңүздөр күбө болгондой, кургак учукту толук түрдө айыктырууга мүмкүнчүлүк бар экен. Ал үчүн сөзсүз түрдө дарыгерлер менен биргеликте бейтаптар жана ар бирибиз дарттан айыгууга салым кошушубуз зарыл экендиги туура. Кандай учур болбосун жылына бир ирет медициналык көзөмөлдөн өтүп туруу зарыл.**

***Даярдаган: Зинагүл Термечикова,***
***ЭЛТР телерадио компаниясынын ТЕЛЕ КЛИНИКА долбоорунун алып баруучусу***

# Милициянын ардагери, Манас изилдөөчү Маматибраим Самиевдин КТРК мамлекеттик телерадиокомпаниясынын «Замана» студиясынын журналистине берген маеги:



-Мен өзүм Ош шаарында турамын. А бул жер болсо менин туулуп-өскөн жерим. Мен айылыма тез-тез келип, бак-дарактардан, үй жайдын абалынан кабар алып турамын. Өзүм Өзгөн районунун Мырза-Аке айылында туулуп-өскөм. Негизи Өзгөн шаары балким, Кыргызстандагы эң байыркы шаарлардын биридир... Анткени ага байланыштуу тарых барактарында да көптөгөн маалыматтар сакталып калган. Алсак Өзгөн шаары Фергана өрөөнүндө караханиддер доорунун тушунда бүтүндөй Азия чөлкөмүнө өзүнүн базарлары менен белгилүү болгон шаарлардан болгон. Бул шаар убагында Фергананын чоң соода борбору болуп эсептелгендиктен, ага Улуу Жибек жолунан өткөн соодагерлердин баары токтошуп, базарларында соода кылып өтүшүп турушчу экен. Өзгөн ошол убактарда

маданий жагынан да өнүккөн шаар болгонун билебиз. Мен бул шаарда төрөлгөнүмө сыймыктанамын.

**Маматибраим Самиев өзү Ош шаарында туруктуу жашаса да Өзгөн районунун Мырзаке айылындагы атасынан калган үйгө дем алыш күндөрү үй-бүлөсү менен дайыма келип турат. Короо-жайын иретке келтирип, чөп чаап, бактарын кесип жылына көчөттөрүн жаңылайт. Бул короо-жай ал үчүн ыйык, себеби бул үй атасы - атактуу балбан Самиден калган.**

-Биздин ата-бабалар бекеринен айтпайт экен, «жаш кезинде бак тик» деп. Бул короо-жайдагы бак-дарактардын көпчүлүгүнүн жашы менин жашымдан да жогору десем болот. Атам жаш кезибизде бизге арнап ушул бак-дарактарды отургузган болчу. Албетте ар бир ата-эне баласы үчүн жашоодо керектүү бир нерсе кылсам деп тилейт экен. Бул жердеги алмурут дарагын да атам убагында өстүрүп койгон экен, мына азыр биз мөмөсүнөн даам татып олтурган чагыбыз. Буюрса бул дарактын мөмөсүнөн небере, чебере, кыбыралар да даам татат деген тилегим бар.

**М.Самиев көп жылдар бою укук коргоо тармагында иштеди. Далай окуялар башынан өтүп, полковник чинине чейин жеткен. Пенсияга чыккандан кийин дагы өзү көп жылдардан бери кызыккан ишин баштады. Ал кыргыздын өткөн тарыхына кызыгып, андагы бир белгисиз жактарды талдап, иликтегиси келет.**

- Менин тарыхка кызыкканымдын себеби, Кытайдан кайтканда бир кытайлык депутат менен кошо бир самолетто учуп калдым. Ошондо ал «кыргыздар сан жагынан биздей эле болгон» деп айтып калды. Ошонун

айынан кыргыздын тарыхына кызыгып изилдөөнү чечтим. Ошентип Алтай жерине барып келдим.

**Алтай** - "ыйык тоо" же Алтын-Тоо деген маанини билдирет. «Манас» эпосунун бардык варианттарында салт боюнча сакталып келген эпикалык жердин аты болуп саналат экен. Алтай деген тарыхый топоним Түштүк Сибирдин батыш бөлүгү менен Батыш Монголиядагы тоо системаларынын жалпысына колдонулган, өтө кеңири аймакты кучагына алган географиялык чөйрө болуп эсептелет. Ал эми "Манас" көлү деңиз деңгээлинен 4590 метр бийиктикте жатат жана дүйнөдөгү эң бийик тузсуз көлдөрдүн бири болот. "Манас" көлү дагы Индия, Непал, Тибеттен диний саякатчыларды өзүнө тарткан зыяратчылардын ордосу. "Манас" көлүнө чайкануу жана анын суусун ичүү күнөөлөрдү толугу менен жууйт деген ишеним бар. Тилекке каршы мен ал көлгө түшүп чайканууга мүмкүнчүлүгүм болбоду. Манас төрөлгөн жерди, "Манас" тоосун, көлүн көрүп, ошол жерде чынында эле Манастын жашаганына, "Манас" бул - кыргыз элинин көөнөргүс байлыгы экенине ишендим.

**Ал тарыхты изилдеп алыскы Хакасия, Кытайга чейин барып келген жана изилдеген эмгектери Оштогу бир топ мезгилдүү басма сөз беттерине такай жарыяланып келет.**

-Алыскы Хакасияга барып ал жердеги коргондорду көрүп иликтеп келип отурам. Ал коргондордун көпчүлүгүндө кыргыздарга таандык күмбөздөр (скиф доорундагы) бар экен. Көптөгөн тарыхый окуяларда таасирдүү роль ойногон кыргыздар тарыхта өчпөс издерди калтырышкан. Байыркы түрк урууларынын арасынан негизинен көчмөн жашоо-шарты, согушчул

мүнөзү жана тендешсиз элдик чыгармасы - “Манас” эпосу менен белгилүү болгонубуз ырас. Ар кандай доорлордогу тарыхый процесстерге таасир этип турган кыргыздар жыл мезгилине жана учурдун талабына жараша кээде көчүп-конуп, кээде отурукташып, жайлоо жана кыштоолордо жашашкан. Тарыхый жана жаңы булактарда кыргыздардын мындай жашоо ыңгайы жана согушчул мүнөзү өзгөчө белгиленет. Ошол эле учурда алардан петроглифтер, эн тамгалар, аска сүрөттөрү, жазма эстеликтер, коргондор, айкелдер, мүрзө жана көрүстөндөр, кооздук жана тиричилик буюмдары калган экен. Хакасиядагы таш коргондор да ошол доордон калган эстелик болуп калган. Ал таш коргондордун байыркылыгы анын тарыхына байланыштуу болуп, ошол убактагы эл-жер коргогон баатыр жоокерлерге арналган эстелик күмбөз катары коюлган. Азыркы убакта да ал таш коргондордун тарыхына кызыгып барган изилдөөчүлөр арбын. Биз барган учурда көп элдердин өкүлдөрү менен кездешип, алар менен кошо иликтеп жүрдүк. Өз тарыхыбызды унутта калтырбай, тарых беттерине жазып калтырсак, бизден кийинки урпактар ата-бабасынын басып өткөн жолун, кечирген турмушун билүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөбүз.

**Албетте Маматибраим ага бул тармакты көп жылдардан бери изилдеген тарыхчы эмес, бирок ошентсе да ал өз каражатын коротуп алыскы чет жактарга барып келгендиги анын тарыхка болгон кызыгуусу өтө зор экендигинен кабар берет. Бош убактарында кол эмгек менен да алектенип, уулу Мирбек экөө өзүнө жаккан түрдүү эмеректерди жасайт. Элеттеги элдин арасында канчалаган таланттуу, кесипкөй адамдар бар, ошолордун бири**

**Маматибраим Самиев. Ким билет, анын изилдөөлөрүнөн улам тарыхтын дагы көптөгөн белгисиз булактары ачылып калаар.**

***Даярдаган: Эркингүл Мамбетакунова,***
***«Замана» студиясы***

# Милициянын отставкадагы полковниги, жазуучу жана Манас таануучу Маматибраим Самиевдин “Эң башкысы” теле көрсөтүүсүнүн автору, журналист Тургунбай Алдакулов менен “Ош Пирим” телерадиокомпаниясында болгон маеги:



**-Кыргыз элинин жашоо-турмушунда, басып өткөн тарых жолунда “Манас” эпосунун жана Манас атабыздын мааниси эбегейсиз чоң. Манас атабыздын урпактарга калтырган мурастары, тарбиялык мазмундагы бүтүндөй айткан осуяттары канчалык деңгээлде биз үчүн пайдасын берип жатат? “Манас” эпосунун мааниси биз үчүн канчалык? Мына ушул суроолордун айланасында кеп кылуу үчүн, “Манас” эпосун өз каражатынын эсебинен изилдеп, кыргыз элинин тарыхын байытууга чоң салым кошуп келе жаткан коомдук ишмер Маматибраим Самиев менен ат жалында кеп кылабыз. Саламатсызбы, агай?**

- Саламатсыздарбы.

**-Жогоруда айткандай, сиз өз демилгеңиз жана өз каражатыңыздын эсебинен “Манас” эпосун изилдеп жүрөсүз, ушул иштерди баштоого эмне түрткү болду эле?**

-“Манас” эпосун изилдөөгө түрткү берген жагдайлар көп, бирок негизгисине гана токтоло кетейин. Жеке жашоомдогу ар бир жасаган жумушум жана аракетим өлкөмдүн өсүп-өнүгүшүнө багытталган. Бир кездердеги он беш мамлекетти бириктирген Советтер союзунун чачырап кетиши, ар бир мамлекеттин өз алдынча түтүн булатуу менен бирге өз-өзүнчө идеология менен жашашына жана өсүп-өнүгүшүнө алып келди. Кыскасы жогору жактагылар саясый ит уруш менен алектенишсе, ал эми карапайым эл болсо жанагы эле көр пенделик ит турмуш менен жашап келүүдө. Канткен күндө да мамлекеттик идеологиянын тамырын түптөп, кандай гана иш-аракеттер болбосун бир гана мамлекеттин өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө боло ала турган система куруу муктаждыгыбыз турат, бул нерсе мени көп түйшөлтчү. Ошону менен бирге өз тарыхыбыздын унутта калган учурларын коом алдына алып чыгуу менен бирге келечек урпактарга мураска калтыруу максатым бар болчу. Ал эми биздин мамлекеттик идеологиябыз жок. Элибиз союздун идеологиясы менен жашай албай, же болбосо жаңы идеологияны бир муштум болуп түзө албай жүрөбүз. Ал эми көпчүлүгү болсо бизге Батыштын идеологиясын таңуулашат. Батыштын идеологиясы биздин каада-салтыбызга, ата-салты эне адебине туура келбейт. Чындыгында карап көрсөк биздин каада-салтыбыз, көрөңгөлүү жана нускалуу кеп маданиятыбыз, жашоо тарыхыбыз, медицинабыз баары “Манас” эпосунда камтылган. Кээ

бирлери “Манас” эпосу бул тарых деп, а кээ бирлери болсо бул легенда же жомок, уламыш, миф деп айтып жүрүшөт. Кайсыл ойго кошулуп ишенеринди да билбей калат экенсиң. Мен бул нерселердин баарын такташтырып, аралжы ойдон арылуу максатында белгилүү залкар манасчы Жусуп Мамайга барып жолуктум. Ал инсандан бир топ таасирлерди алдым. Чындыгында улуу элдин энчиси болгон Манас тарыхый инсан экендигине дагы бир жолу ынануу менен кыргыз эли санжырага бай, тарых беттеринде эбегейсиз из калтырган баатырдын урпактары экендигин айгинелеп туйдум. Залкар манасчы Жусуп Мамай “Манас” эпосу жөнүндө жазган “Кыргыз элинин тарыхый эпосу” деген китепти Кытай мамлекети ЮНЕСКОнун тарыхый булактары тизмесине каттаттырып койгон экен.

**-Демек, сиздин бул темага кызыгып калганыңызга мамлекетибиздеги идеологиялык боштуктун бар экендигин байкаганыңыз, ошондой эле Жусуп Мамайдын “Манас” эпосу жөнүндөгү эмгектери Кытай мамлекети тарабынан тарыхый баалуулук катары белгиленип калгандыгы себеп болгон турбайбы?**

-Ооба, туура айтасыз. Бизде бүгүнкү күнгө чейин С.Каралаевдин, С.Орозбаковдун жана башка бир топ манасчылардын айткан варианттары китеп беттерине баатырдык эпос же эпикалык бир чыгарма катары басылып келүүдө. “Манас тарыхый инсан” же “Манас тарыхый эпос” деп айтуудан эмнеге коркуп, мындай жолго барып жатабыз, мен түшүнө албайм. Айтайын дегеним мына Манас атабыздын күмбөзү, ошол эле Сыргак, Чубактын, Манастын жан досу Алманбеттин күмбөзү бар, бул тарых эмей эмне. Кытай мамлекети ушул нерселерге таянып өздөрүнүн атынан “Манас”

эпосу кыргыз элинин тарыхы” деп коркпой эле ЮНЕСКОго киргизип койбодубу.

**-Манастын тарыхый инсан экендиги жөнүндө окумуштуулар арасында бүгүнкү күнгө чейин бирдиктүү пикир жок. Сиз “Манас” эпосун изилдеген окумуштуу катары айтсаңыз, бүгүнкү күндө кыргыз эли Манас таанууга жана “Манас” эпосун сыйлап-урматтоого канчалык деңгээлде маани берип жатат.**

-Кыргыз эли дегенде элди өзүнчө, ал эми мамлекеттин саясатын өзүнчө түшүнсө болот. Мамлекеттик билим берүү саясатында “Манас” эпосун адабий чыгарма катары мектеп программаларына киргизишкен. Ал эми өзүнчө бир предмет катары киргизебиз деп бүгүнкү күнгө чейин киргизбей келишет. Ал эми эл арасында кабыл алуу жылдан-жылга бир топ жакшы. Бирок, С.Каралаевдин вариантында жазылган “Манас” эпосунун үч томдугу өзү эле он миң эки жүз сом турат. Чындыгында элдин кээ бир катмарынын атайын сатып алып окуганга чамасы жетпейт. Мен бул китепти окурмандардын чамасына карап тематикаларга бөлүп жаздым. Мындайча айтканда адамдар окуй турган жатык тил менен түшүндүрүүгө аракет кылдым.

**-“Манас” эпосунун жалпы көлөмүн жатык тил менен элге кеңири жеткирип жатасыз, бул боюнча биздин кабарыбыз бар. Сиздин калемиңизге таандык Манас атабыздын мусулман болгондугу тууралуу “Манас эпосундагы ислам дининин орду” деген аталыштагы китеп өз окурмандарыңызга сунушталды. Айтсаңыз, бул китептин көтөргөн жүгү эмнеде, сиз ал китеп аркылуу эмнени айтайын дедиңиз эле?**

-Коомчулукка, алардын ичинен көбүнчө жаштарга туура түшүндүрүү керек. “**Манаста” ислам дининин**

**орду аябагандай** зор. Кайсыл гана манасчынын айткан вариантын карабайлы баарында тең ислам дининин орду таасын, так жана даана берилген. Ал эми китептеги мазмунга токтоло турган болсок, алгачкы бетинде эле жазылып турат.

Түп атасы түгөл хан,
Түбүнөн Кыдыр даарыган.
Баш атасы баары хан,
Башынан Кызыр даарыган.
Түнөп өткөн жерине,
Түптүү мазар орногон.
Муну Кудай оңдогон.
Басып өткөн жерине,
Базарлуу калаа орногон.
Башынан Кудай оңдогон...

Мына, "Манас" эпосунда Кызыр, Кыдыр ата, Кудай деген сөздөр колдонулуп, муундан-муунга айтылып бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген. Мен бул нерселерди окугандан кийин, Манаска болгон кызыгуум ансайын күчөдү. Ошондой эле "Манас" эпосунда сүннөткө терең маани берилген. Манастын төрөлүшү жөнүндө төмөндөгүдөй сүрөттөлгөн саптар бар:

Манас болсо белгиси,
Кулак учу тешилүү,
Сүннөтү болсо кесилүү...

Бул дегени сүннөткө отургузулган дегенди түшүндүрөт. Ооба, бала төрөлгөндөн кийн мусулман мыйзамы боюнча сүннөткө отургузулат. Кээ бирөө-лөрдөн сураштырып көрсөм бала сүннөткө отургузулган бойдон төрөлгөн учурлар болгондугун ырасташты. Мындай окуялар турмуштук тажрыйбада чанда, өзгөчө адамдарда гана кезигет экен. Айтайын дегеним Манас

сүннөткө отургузулган бойдон мусулман болуп төрөлгөн.

Биз үчүн чоң далил, эпосто Манастын намаз окугандыгы тууралуу көп айтылат. Кайда жүрбөсүн ар бир ишти бата менен баштап, элден бата алгандыгы таасын чагылдырылат. Манас таңкы багымдат намазын окуп жатканда анын душманы болгон Коңурбай артынан найза менен жаза саят. Ошол учурда Манас артынан Коңурбай келе жатканын сезет, бирок “Жараткан Алланын парз намазын бузса болбойт” деп, намазын бузбай өлүмгө тике караган. Ушул жерден Манас атабыздын чыныгы мусулман болгондугун, Аллага болгон ишеними бекем экендигин билсек болот.

**-Мындан башка “Манас” эпосу жөнүндө дагы бир эмгегиңиз өзүнчө бир китеп болуп басылып чыккан. Бул китебиңизде “Манас” эпосунда аялзатынын үй-бүлөдөгү жана коомдогу орду жөнүндө жазгансыз. Бул китепте да сиздин айтайын деген оюңуз эмнеде? Ошондой эле эпостогу кандай идеяларды, ачылбай калган катылуу сырларды коомго чыгаргыңыз келди?**

-Ооба, чындыгында мен ошол учурдагы аялзатынын коомдогу ордуна басым жасагам. Аялзатысыз биз - эркектер эч ким эмеспиз. Бул нерсени баарыбыз жакшы түшүнөбүз жана билебиз. Билесиздер, эпосто көбүнчө согуш жөнүндө берилген. Ал эми аял кишилерге кызыктуу жана түшүнүктүү болсун үчүн мен эпостон аялдар темасын озүнчө бир тематика кылып бөлүп алдым. Негизинен китепте аялдардын жолдошуна, анын тууган-уругуна, бир туугандарына, ошону менен бирге бүлө болуп келген жердеги элдерге кандай мамиле кылышы керектиги тууралуу кеңири чагылдырып бергенмин.

Чыныгы кыргыз аялы кандай болушу керек, конок келгенде эмнелерге маани бериши керектигине токтолгом. Ошондой эле акыл парасаттуулугуна, балдарга тарбия берүүдөгү усулдарына, каада-салт, нарк-насилди туура жеткире бере ала тургандыгына чейин жазылган. үй-бүлөдө аялдын орду өзүнчө бир ат көтөргүс десек жаңылышпайбыз. Анткени нускалуу элибизде накыл кеп бар эмеспи, “Аял жакшы - эр жакшы, вазир жакшы - хан жакшы” деген. Чындыгында Манас баатырдын ушундай бир даражага жетишине Каныкей энебиздин салымы өтө чоң. Манас атабыз жоого аттанаар алдында камылгасын камдап, шаймандарын шайлап тургандыгы, жоомарттыгы, көрөгөчтүгү, кара кылды как жаргандыгы менен көсөм элибизге Каныкей (хандын никеси) деген ат менен белгилүү болгон. Өзү Каныкей энебиздин чыныгы аты Сан-Рабига деп аталган. Манас атабыз оо дүйнө салып, ич ара ордодон баскынчылар чыгып, көк жалдын урпактарынын тукумун курут кылабыз дегенде, энебиздин көрөгөчтүгү жана акылмандыгы менен, жаңыдан төрөлгөн баласынын ордуна башка баланы бешикке бөлөп коюп, Семетейди белине бууп Бухарага качкандыгы бүгүнкүгө чейин аңыз болуп эл ичинде айтылып келет. Андагы түмөн түйшүккө, жол азабына чыдаган эне баатырдын урпагын тумар тутуп, сактап калган. Ал эми дагы бир жоомарттыгы ошол мезгилде кайын энеси Чыйырдыны да өзү менен кошо ала кетип, төркүнүндө кайын энесине эч кимдин сөзүн тийгизбей, келиндей кызмат кылып карыган кемпирди алпештеп, сый-ызаат көрсөткөндүгү азыркыга чейин эл эсинен кете элек.

**-Сиздин дагы бир өзгөчө жараткан эмгегиңиз бар. Эр жүрөк мырзалардын кулк-мүнөзү, алардын сапат-**

**тары кандай болушу керек? Мындай мүнөздөгү адамдарга коом суусап турган учуру. Ушул эмгегиңиз жөнүндө да айта кетсеңиз?**

-Кыргыз элинин нускалуу сөзү бар эмеспи, “Жоону чапса эл чабат, аты калат баатырга” деген. Демек бүгүнкү мезгилде кайсы гана ишкана же башкармалыктын жумушчулары жакшы болсо, элге чын көңүлү, жүрөгү менен кызмат кылышса, ошол жердин башчысынын аты чыгат жана ал албетте тарыхта калат. Манас атабыздын тарыхта калуусунда, анын бүгүнкү күнгө чейин эл оозунда айтылып келе жатканында анын колунда кызмат өтөгөн жигиттердин орду өтө чоң. Анткени Манас атабыз колундагы кызмат кылган жигиттерди өтө кыраакылык жана билгичтик менен тандаган. Азыркы, биз жашап жаткан учурдагы көз менен карай турган болсок, мамлекет башчысы кадр саясатына өзгөчө көңүл бурган. Ошондой эле эч качан уруусуна, тууган-уругуна, жерлигине караган эмес.

Мен бул китептин темасын алгач “Кыргыз эр жигиттеринин калыптанышына Манастын жеке таасири” деп атаган болчумун. “Манаска” дагы көбүрөөк сүңгүп кирип, бир кыйла изилдөөлөрүмдөн кийин мен дагы бир нерсени байкадым. Манастын колундагы кызмат кылгандар бир гана кыргыз улутундагы жигиттер менен чектелген эмес, бир канча башка улуттун өкүлдөрү да эр жүрөктүүлүк менен тайманбай Манас атабыздан үлгү алып кызмат кылышкан. Атап айтсам кытай ханынын тун уулу Алманбет жана башкалар. Ушул себептен жигиттердин баарына эле тарбиялык мааниси бар экен деп, мен китептин аталышын “Эр жигит” деп атадым.

Эпостогу жигиттердин кулк-мүнөзүнө жакшылап маани бере турган болсок, жигиттердин бири дагы

Манас атабызга чыккынчылык кылган эмес. Демек чыныгы жигиттиктин касиеттерин кек сактабаган, убадага бек турган, ал гана эмес шамдагайлык, тапкычтык, берешендик жана эрктүүлүк, ошондой эле мекенге болгон сүйүүнү биз “Манас” эпосунан окуп, өрнөк алсак болчудай. Манас атабыздын жөнөкөйлүгү менен айкөлдүгү чанда гана баатырларда кездешет. Менменсип, баатырсынып төш какпагандыгы, ар бир ишти өз орду менен карагандыгы эпосто кеңири баяндалган. Мисалга ала турган болсок, Манас атабыз жан-жөкөрлөрү менен казатка аттанып Кытай жергесине барганда Алманбет баш болгон баатырларды чалгынга жөнөтүп жиберет. Ошондо эр шерденген Чубак “Алар алып келген соогадан (олжого түшкөн байлыктан) чалгынга барбай туруп аламынбы ” деп арданат. Ойго баткан Чубак аны мен өзүм алып келишим керек деп эч кимге айтпай чалгынга жөнөп кетет. Ал кабарды билген Бакай хан Манаска болгон иштин чоо-жайын билдирет. Ошол убакта Манас артынан адам салдырбай, же болбосо кадырына салып чалгынга кеткен жайынан алдырбай алардын артына сая түшүп Кытай тарапка жол тартат. Бизге жат көрүнүш эмес, бүгүнкү күндөгү жетекчилер кол алдындагылар айтпастан бир ишти жасап койсо алдына чакыртып алат эмеспи. Ал эми Манас Чубактын кылган аракетине аны чакыртып албастан артынан сая түшүп, анын жоопкерчилигин мойнуна алып, калмактын мекени болгон Бээжинге барып жатат. Артынан жетип барып Манас Чубакты тилдеп акаарат кылбастан кичи пейилдик менен жай гана айтып жатат: “Мен кең Таластан Бээжинге казатка аттансам, сенин өз билемдигиң кандай кеп”. Уялган Чубак ката кетиргенин сезип ошол жерде кечирим сураган жайы бар. Ооба, бул биз үчүн бир жөн гана окуя

же түстүү сүрөт болушу мүмкүн. Бирок бул нерсенин ичинде чалкыган деңиздей кечиримдүүлүк, кең пейилдүүлүктүн чексиз үлгүсү көрсөтүлүп турат. “Манас” эпосундагы окуяларды элди, мамлекетти башкарууда дагы кеңири колдонсо болот. Кытай ханынын тун уулу Алманбет баатырдын да эпосто өзгөчө айтса бүтпөс орду бар. Ал эми чыныгы жигиттик мүнөз жөнүндө кеп кыла турган болсок, адилеттүүлүк менен аманатка кыянат кылбаган баатырдыгы баарына маалым. Чыркырган чындыктын, адилеттүүлүктүн, сөзгө бекемдиктин, жоомарттыктын, мекенчилдиктин, достуктун жана берген убадага бек экендиктин жаш өсүп келе жаткан муунга таалим-тарбия берүүдө пайдалануучу орду чоң. “Манас” эпосунда Алманбет ачадай айрылган адилеттүүлүк жана акыреттик достуктун убадасынын шерти үчүн кыргыз элине, ошол учурдагы Кыргыз мамлекетине жүрөгү менен кызмат кылгандыгы баяндалган.

**-Сиз айткан улуттун келечегине таалим-тарбияны “Манас” аркылуу коомчулукка жеткирүүгө кол кабыш кылган, идеяларыңызга ортоктош болгон тарапташтар, жамааттар болуп жатабы?**

-Бул идеяны китеп катары чыгарып, коомчулукка тартуулайын деп баштап жатканымда эч ким менен кызматташканым жок. Негизгиси ишеним менен аракетте болот дегендей “Баштоого жеткен акыл бүтүрүүгө да жетет” деп өз алдынча материалдык да, каржылык да же бирөө жарымдан колдоо жагына да карабай өз дараметиме карап баштаганмын.

Жаш кезимден өз мээнетим менен бардык жумуштардын үстүнөн чыгууга үйрөнгөн болчумун. Алгачкы китебим басылып чыкканда бүт китепканаларга өзүм бекер таратып чыктым. Китепти сүйгөн

окурмандарга да таратып жүрдүм. Бара-бара кызыккандар көп болуп, өздөрү келип алып кеткендер да жок эмес. Ал гана эмес кээ бир китептер жарык көргөндөн кийин коомчулукка жетпей калып, кайрадан басмаканага бергенге туура келген учурлар да болду. Бул иш-аракеттер менен эле чектелип калбай, интернет айдыңындагы окурмандар үчүн электрондук негизде жарык көргөн китептеримдин бир тобун электрондук китепканалардын базасына жайгаштырдым. Дагы бир айта кетүүчү сөз, мен бул китептеримди каржылык байлык чогултуу максатында эмес, келечек муундарыбызга "Манас" эпосун жеткирүү максатында жаздым. Аны менен катар ал китептеримдин токсон сегиз пайызын акысыз өз окурмандарына тараттым.

**-Ар бир жазган китептериңиз боюнча кыскача айтып өттүңүз. Чындыгында биздин коом үчүн пайдасы тие турган эмгектер. Сөздүн башында айткандай "Манастын" толук томдугун окууга биздин элдин мүмкүнчүлүгү, каалоосу да жетиштүү эмес. "Манас" эпосунун ар бир тематикасын чакан китеп кылып, болгон окуяларды баса көрсөтүп бериптирсиз. Мен угуп отуруп ушундай бир тыянакка келдим, томдуктарга басылган "Манастын" окулбай, белгисиз калган окуяларын чагылдырган таасирдүү китеп болгон турбайбы. Ушул сиз жазып жаткан китептердин мындан кийинки сериялары жарыкка чыгабы? Манасты таасын чагылдырган китептериңиздин мындан ары уландысы болобу?**

-"Манас" эпосу кыргыз элинин океандай чалкыган бермети. Албетте, уландысы болот. Буюрса, кезектеги басылуучу китептерде элдин жаратылышка болгон мамилеси, жаратылышты сүйүү, коргоо жана адам

баласынын жаратылыш менен болгон гармониялык мамилеси жөнүндө өзүнчө, баштагы китептерге караганда көлөмдүү китеп болуп басылып чыгат. Учурда калыпка салуу жана өз алдынча изденүү иш-аракеттери жүрүүдө. Аны менен катар кыргыз элинин кечиримдүүлүгү, меймандостугу жана жер-суу аталыштарына байланыштуу китептердин серияларын буюрса жакынкы аралыктарда коомчулукка жарыялайм деген үмүт-ишеничте турам.

Алтайда Манастын киндик каны тамган жер бар. Ал жерге барып өз көзүм менен көрүп, табияты, отурукташкан элдин маданияты менен таанышып келдим. Манас атабыз балакатка жеткиче ал жер Ак-Токой деген аталышты алып жүргөн деп айтылат. Кийинчерек ал жердин аталышын бай Жакып Буурул-Токой деп өзгөрткөн. Анткени, кан кайнаган калмактардан баланы аман асырап жетилтүү максатында жердин аталышын өзгөрткөн. Манастын бала чагы дал ошол жерде өтүп, жоокерчиликке болгон бүт тактикаларды үйрөнүп, кырк чоросу менен кырк таман ордо чийип, оюн-зоок куруп, бала баатыр атыккан. Ал эми учурда жергиликтүү эл ал жерди Бөйрөк-Тоо деп аташат.

Биз учурда Манас атабыздын жашаган жерлеринин, басып өткөн издеринин картасын түзсөк ашыктык кылбайт. Бул нерсе тарых беттеринде өзгөчө бир жаңылык катары да кабыл алынмак. Тактап айтканда Манас атабыздын доорундагы Кыргыз мамлекетинин картасы түзүлмөк. Буйруса бул боюнча менин өзүнчө китеп басып чыгаруу ниетим бар. Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгү, бийлик жүргүзүү ыкмалары тууралуу эпосубузда ийне-жибине чейин камтылган. Учурда мамлекетти кантип башкаруу керектиги, хан

көтөрүү ыкмалары өзүбүздүн эле эпосубузда көрсөтүлүп турат. Ал убакта ханда байлык, дүйнө болгон эместиги, тескерисинче хан таламай салты бар экендиги баяндалат. Хан Манас олжодон түшкөн бүт мал-мүлктү элге тегиз, акыйкаттуулук, адилеттүүлүк менен бөлүп берген. Анткени хандын мүлкү элде болгон. Хандык ордонун күчтүүлүгү элдин жашоо-турмушунан байкалып, мамлекеттин кандай абалда экендигин көрсөтүп турган. Дүйнөгө көз артып, байлыгына манчыркаган адам эч качан мамлекеттик кызматта иштей албайт. Кыргыз тилинде мансапкор жана мамлекеттик кызматкер деген сөз кездешет. Эки сөздүн ортосунда чек ара бар. Бизде, коомчулукта экөө тең бирдей мааниде колдонулуп жүрөт. Мамлекеттик кызматта жүргөн адам өз кызыкчылыгы үчүн иштей баштагандан тартып ал мансапкор боло баштайт. Мансапкорлордо мамлекетти башкарууда адилеттүү иш жүргүзүү болбой калат. Ушул идеялардын баары “Манас” эпосубузда таасын жана так баяндалган. Биз мамлекеттик башкаруунун демократиялык чыныгы идеологиясын көөнөрбөс эпосубуз “Манастан” алышыбыз керек, Батыш, Европа же Орусия идеологиясына ыктабай.

**-Жаратканым сизге күч-кубат берсин. Жаралган эмгектериңиз элибиздин, окурмандардын, саясатчылардын колуна жетип калса албетте өзүнүн бир пайдасын берет деген ишеничтебиз. Манастын туулуп-өскөн, эр жетилген жерине барып келиптирсиз, ушул сапарыңыз тууралуу кеңири кеп сала кетсеңиз?**

-Манастын тарыхый инсан экендигин айтылуу манасчы Жусуп Мамай атабыздан уккандан кийин кызыгуум арта баштады. Жусуп Мамай атабыз: “Манастын төрөлгөн жери Алтай. Киндик каны тамган жери Манас атабыздын тарыхый инсан экендигин

далилдейт” деген. Ушундан улам мен Алтайга сапарга чыктым. Ал жерде кыргыздын төөлөс уруусунан чыккан Акай Кине деген жигитке жолугуп калдым. Тагдырдын буйругу менен анын үйүндө бир күн конок болдум. Ошентип ал мага Манас туулуп-өскөн жерге барууга шарт түзүп, атайын унаа таап берип, жол баштоочу болуп жүрдү. Ал жердин рельефи тоолуу, түндүктөн соккон шамалдын тымызын үнү басылбай, шыбырап турат. Топурагы болсо борпоң-саздуу келет экен. Манас атабыздын төрөлгөн жери Буурул-Токойдон ары жакта МАНАС көлү бар экен. Ал өзүнчө бир керемет. Жаратылышка укмуштуудай бир көрк берип тургансыйт. Алтайга барып жер-суу аталыштары менен таанышып, жергиликтүү элдер менен пикир алышканымдан кийин Манас тарыхый инсан экендигине мен дагы бир жолу ынандым. Бул гана эмес Кытай жергесиндеги баатыр Сыргактын күмбөзүн зыярат кылып келдим. Бул нерсе да мага бир жагы дем-күч берсе, бир жагы Манас чыныгы тарыхый инсан экендигине болгон ишенимимди жогорулатты. Мына ушундан улам тарых беттеринен орун албай калган кээ бир чындыктарды өзүнчө бир китеп кылып чыгаруу сезими пайда болуп, акыбетинде өз окурмандарына тартууланып отурат.

**-Биздин алтайлык кандаш бир туугандарыбыз Манастын канчалык деңгээлде тарыхый инсан экендигине ишенип, аздектеп карайт экен?**

-Албетте бул кызык суроо. Мен ал жерге барганымда алар мага Манастын туулган жерин, анын ысымын алып жүргөн көлүн көрсөтүштү. Жергиликтүү шамандар (жаратылышка сыйынган Алтай элинин бир катмары) ачык айтышпады. Анткени элдер Манаска сыйынып кетет деген ишенимди карманышат экен.

Бирок ал нерсеге карабай жергиликтүү эл Манастын ат байлаган, боз үй тиккен, кыскасы ал жүргөн жерлерди өзгөчө бир керемет катары булгабай, жат колун тийгизбей кылымдап нукуралыгын бузбастан, сактап келгендиги мени кубандырды.

**-Сиз Манасты мусулман болгон деп, “Манас” эпосундагы исламдын орду” деп атайын эмгектин натыйжасында китеп жаратып жатасыз. Ал эми Алтай эли менен биздин элдин ишенимдери бөлөк-бөлөк да, ал жакка барган учуруңузда ал жактагы жашоочулар менен сиздин ортоңузда талаш-тартыш болгон жокпу?**

-Туура, Алтай эли тоого, ташка сыйынышат. Мени менен жол баштоочу болуп чогуу жүргөн Акай Кине экөөбүздүн ортобузда дин тууралуу талаш-тартыштар болбой койгон жок. Алар шаман динин карманышат экен. Ал эми Манастын мусулман болгондугун Саякбай Каралаев баш болгон бир топ манасчылар айтышкан варианттардан кездештирүүгө болот.

Жогоруда сөз болгон китептерди мен С.Каралаевдин варианты менен жаздым. Сөздөрү кыргыз Гомерине таандык болсо, ал эми түшүнүк берүү боюнча жатык сөз менен жазылган сөздөр менин эмгегиме таандык. Бизде Манасты так айткан кыргыз Гомери Саякбай Каралаев. Ал эми бир топ манасчылар болсо Манастын мусулман болгондугун таамай эле айткан. Мен сунуш катары айта кетет элем, Манасты ар бир кыргызмын дегендер идеология катары колдонсо болот. Биздин өсүп-өнүгүшүбүзгө өзгөдөн көрө өзүбүздүн идеологиябыз болгону дурус деп ойлойм.

***Даярдаган: Тургунбай Алдакулов,***
***“Эң башкысы” теле көрсөтүүсүнүн автору,***
***журналист***

# Маматибраим Самиев милициянын ардагери, Манас изилдөөчү: «Мен Кыргызстандыкмын» теледолбооруна берген маеги:




-Менин балалык чагым ушул Ажике жайлоосунда өткөн. Ата-энемдин өнүп-өскөн короо жайы ушул жерде болгон. Тилекке каршы ата-энемден эрте айрылып, көп кыйынчылыктар башыма түшкөн. Ата-энең менен бирге өмүр сүрүп, жаштыктын доорун сүрүү да өзүнчө бир бакыт экен. Өткөн күнүмө кайгырбай мен да жашоомду уланта бердим. Ата-энем кайтыш болгондон кийин туугандардын үйүнөн түнөк берсе дагы алардын шартына көнбөдүм, өз алдымча жашоомду курайын дедимби, айтор алардан бөлүнүп, ата-энемден калган үйгө жашап, айылдагы алтынчы бөлүмдүн атын багып жүрдүм. 10-классты бүткөн соң шаарды көздөй сапар тарттым. Ал жакта да жыргагыдай жашоонун жоктугуна күбө болуп, жумуш табуу да бир кыйла кыйын болоруна

көзүм жетип турду. А мен болсо окууга болгон кызыгуум, шыгым менен шаардагы институттардын бирине тапшырууга аракет жасадым. Бирок мени ал жердеги окууга кабыл кылбай, экзаменден жыгытып салышты.

Андан соң бирөө педагогикалык институттун физика жана математика факультетине тапшыр деп айтып калды, бирок ага көңүлүм барбадыбы, ал окууга да тапшырбадым. Адам өзү каалаган кесипке окуп кызыкса гана андан бир мыкты кадр чыгаары шексиз, эгерде бирөөнүн кыстоосу мененби, айтор башка себептенби тапшырса ал окууга болгон кызыгуу да, келечекке болгон ишеними да болбойт. Ошондуктан ар бир адам өзү сүйүп, өзү ардактап иштегидей кесип ээси болбосо, анда жашоонун маңызы да кетет. Ошентип жүрүп Ош шаарындагы курулуш техникумуна тапшырып калдым. Ал окууну да жакшы ийгиликтер менен аяктап, бир нече курулуштардын башында туруп иштеген күндөр өттү. Ошонун катарында Өзгөн шаарынын, Лейлек жана Ош шаарларынын архитектурасына кооздук киргизип бир канча курулуштарды ишке ашырдык. Бул да болсо чоң ийгиликтин башаты болгон.

**М.Самиевдин ыр дептеринен:**

Тагдыр деген кээде ойлосоң тамаша,
Дайым жүрөт жамандык жакшылыкка жанаша.
Аны тандоо Алла менен адамдардын өз эрки,
Болгону эле акылдууну, акмактардан ажырата бааласа.

**М.Самиевдин бир тууган эжеси Самиева Кошонбү:**

-Сами балбан деп аты чыккан, өз журтунда кадыр-баркы жогору, биздин сыймыгыбыз болгон атабыз эле. Ал эми чоң атабыз Арзыбек да өтө күчтүү, акылдуу



инсан болгон дешет. Азыркы күндө анын күмбөзү өзү туулуп-өскөн жерде - Тельман айылына коюлган. Ал эми анын аталары Тойгон, Карга, Ибрагим, Байконду, Чекир, Алике булардын баары кайтыш болгон, эскерип гана коёбуз. Арзибек чоң атабыз да көчмөн эл экенибизди далилдегенби, айтор жерден жерге көчүп жүрүп акыр аягында Өзгөндүн Мырзаке айылына келип отурукташып калган дешет. Ал эми атабыз Сами балбан ушул Кара-Кулжанын Ажике жайлоосунун боорунда төрөлүп, өз жеринин сыймыктанган уулу болуп, кийин атасы Арзибек менен кошо Өзгөн районуна көчүп кеткен. Сөзгө чечен, көк бөрүнү өтө мыкты деңгээлде тарткан, ат үстүндөгү күжүрмөн ыкмаларды жеткире аткара алган күчтүү адам болгону өз заманында баарына белгилүү болгон. Сыртынан караганда өтө айбаттуу келген, кең далылуу, арстанды жыга чапчудай

өң келбети менен айырмаланып, куудулдук сыпатка ээ, комузду да өз ыргагында чертип күүгө салып, деги адамдык жакшы сыпаттардын ээси, талант жагынан да төп келишкен кыргыздын мыкты уулу эле. Апам да атамдан калышпаган чыгаан, кыйын аял болчу. Көрөңгөлүү кыргыз элинин нускалуу сөздөрү бекеринен айтылбаган чыгаар. “Эрди эр кылган да, кара жер кылган да аял” демекчи, эркектин жасаган ар бир ишинде аялдын да салымы өтө чоң десек жаңылышпайбыз. Ошонун сыңарындай атамдын мындай мыкты адам болуусуна да апамдын түздөн-түз салымы бар деп ойлойм.

Атабыздын улак (көк бөрү) чапканы көп жерге жеткен деп калышат. Кара-Кулжанын Ажике жайлоосунда да көптөгөн улактар берилген. Ошол жерге көп барып, анча-мынча кыйын улакчылардан аша чаап улакты алып койчу. Дегеле кыргыз жигити улак чаап, кымыз ичпесе, ат жалында шамалда ойнобосо жигит деген наамга татыктуу болбой калчудай болот. Түпкү ата-тегибиз да кезинде улак чаап, ат үстүндө ойноп, жорго минип келген улуу элден болгону баарына белгилүү.

Ажике жайлоосунун кооздугу көргөн көздү кубандырат. Ылдыйдан түшкөн жылгалар, кең токой аралаган арча, карагайлар, көз жоосун алган жашыл түскө боелгон кенен жайлоо, жыты аңкып, түркүн түскө боелуп турган гүлдөр, дегеле айтсаң айтып бүткүс кооз жерлерибиз абдан көп. Ошолордун арасынан өзгөчөлөнүп турган Ажике жайлоосу мен үчүн кымбат. Себеби менин ата-энем, бир туугандарым, балалыгымдын бал татыган көз ирмемдери дал ушул Ажике жайлоосунда өтпөдүбү. Кең жайлоо, кымыздык жыттанган көк шибер, кызыл-тазыл кийинген талаалар,

жака белинде кырдачтай тизилген арча-карагайлар, ары жагында болсо жоомарттыктын элесин калтырган аскалуу тоолор бул - менин киндик кан тамган жерим.

**М.Самиевдин тагасы Жамшиддин аялы Бүбакан тажеңеси:**

- Ооба, Сами жээнибиз буту-колу чоң олбурлуу адам эле, биз аны көрүп ушундайда чоң адам болобу деп, таң калчубуз, сол колу менен комуз чертчү, аялы да шайыр, үйүнө барсаң болгон тамагын дасторконго койгон, берешен, балпаңдаган адамдар эле, булардын чоң аталары менен Итибай, Алымкул, менин кайненем Телегей бир жайга коюлушкан. Сенин атаң келгенде Итибай жылкы союп чучуктап, казы-карта менен сыйлачу, үйү жолдун боюнда, тектирчеде болчу. Арзыбектин үйүнүн азыр да тому турат. Менин кайнатамдарга кошуна болчу.

**Отставкадагы милиция кызматкеринин күжүрмөндүгүн эл баалайт**

Милиция кызматкери болуп иштеп жүргөндө бизге көп жактуу камкордуктар көрүлгөн. Ошого жараша кандай кыйын милдет, буйрук жүктөлбөсүн өз убагында так аткарчубуз. Бул кесипти ардактап, барктап, жан дилибиз менен берилип иштеп жүргөнбүз. Акыркы кезде көп кейиштүү окуялар болуп кетти. Айта кетсек апрель окуясы орун алды, революциянын натыйжасында канчалаган күнөөсүз адамдар мерт кетишти. Ошонун айынан кыргыз милициясынын атына так түштү. Анткени милиция кызматкерлери ара жолго калып, же элди дей албай, же мамлекет башчысын таштап кете албай бир кыйла көңүл чөгүүлөр болду. Милиция эл үчүн иштейт, бирок баары мыйзам алдында кызмат

кылат. Андан соң июнь коогалаңы болуп кетти. Анын айынан жарандык уруш келип чыгып, элди улут-улутка бөлүп, кыргыз жерин, кыргыз элин канча түйшүккө салышты. Бирок ушул учурда милиция кызматкерлери эл үчүн күн-түн талыкпастан иштеп, милициянын атын булгабай, ак эмгек кылышты.

**Кабулжон Тешебаев:** 2010-жылы болуп өткөн июнь коогаланында үй-бүлөм менен уруш талаасында калып кеткенбиз. Ал учурду сөз менен айтып, сүрөттөп берүүгө болбойт. Ошол учурда башыбыздан өтө кыйын күндөрдү кечирдик. Мындай болушун ким билиптир. Айласын таппай, жашоодо ичер суубуз, көрөр күнүбүз ушул эле экен го деген ойлор бир жерде тургузбастан тынчыбызды алып жаткан. Ошол мезгилде улут-улутка бөлбөгөн, жоомарттыктын чыныгы белгиси болгон М.Самиев мырза мага жана жакындарыма чоң жардам берди. Биз ал кишиге аябай ыраазылык билдиребиз.

**Ахмаджан Исашов:** Ош коогалаңында Маматибраим Самиев өзбек, кыргыз деп бөлбөстөн баарына тегиз жардам берип жатты. М.Самиев бир туугандыктын жана боорукерликтин үлгүсүн көрсөттү. Андай уруштун апааты мындан ары Кыргызстаныбызга такыр жолобосун. М.Самиевге терең ыраазычылык билдиребиз. Азыркыдай тынч жашоо баарыбызга насип эткен болсун.

**Жаңылай Молдошева:** 10-июнь күнү мен Өзгөндө болчумун. Ал эми эки кызым Ош шаарындагы Манас-Ата кичи районунда жашайт эле. Уруштун айынан кыздарым үйдөн чыга албай, ач калып, кыйынчылыкта калып кетишкен. Ошол учурда мен М.Самиев агадан жардам берүүсүн сурандым. Өтүнүчүмдү жерге таштабай кыздарымды Оштон алып чыгып Өзгөнгө алып келип

чоң жардам кылды. Ушундай инсандар кыргыз элинде көбөйө берсин, терең ыраазычылыгымды билдирем.

**М.Самиев:** Элдин саны өскөнү менен милиция кызматкерлери аз санда. Биздин биринчи президентибиз А.Акаевдин учурунда милиция кызматкерлери эки эсеге кыскартылып, бир топ кыйынчылыктар жаралган. Бирок азыркы учурда биздин эл коргоочу милиция кызматкерлерибиз жетиштүү деңгээлде иштеп жатышат. Биздин коомдо милиция кызматкерлерин ар ким ар кандай максатта пайдаланып жатканы жан кейитет, милиция мыйзам алдында эң биринчи өзү жооп берет, андан соң жарандар жооп бериши керек. Анткени мыйзам менен алар биргеликте иштешип, элдин укугун, эркиндигин, көз карандысыздыгын коргошот. Карап көрсөк орган адамдарына мамлекет тарабынан эч кандай колдоо жоктой. Себеби орган адамы күн-түн дебей кызматта болот, ал эми алган маянасы жыргатарлык эмес. Ошентсе да жанын берип иштеп жаткандары арбын. Жаш милиция кызматкерлерин колдоп, үй-жай берип, мамлекет өз карамагына алса, мына ошондо жан кейитчү окуялар же болбосо коррупцияга башы менен малынган адамдар аз болмок. Кыргызстанда айлык маянанын аздыгынан көпчүлүк жаш кадрларыбыз чет жактарга барып иштеп, алардын экономикасын же болбосо социалдык турмушун көтөрүп жатышат. Аларга окшогон жаш жана акылдуу кадрларды өз жерибизде алып калып, шарт түзүп колдоо көрсөтсөк, биздин жашоо турмушубуз да өз нугуна түшөөр беле деген ойлор баарын ойго салса керек. Анткен менен тыянак чыкпаса милиция кызматкерлери да өз милдетин мыкты деңгээлде аткара алышпайт.

**М.Самиевдин ыр дептеринен:**

Эки дүйнө бактылуулук кааласаң,

Алла айтты ыймандуулук, такыбалык бир сенден.
Мен беремин бул дүйнөдө тилекти,
Оо дүйнөдө сага даяр ак бейиш.

**Кыргызстандын тарыхына кандай көз караштасыз? Дегеле Манас атабыздын тарыхый инсан экендиги далилдендиби?**

Адамзаттын агып турган тиричилиги дайыма болочокко багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы - анын түпкү гүлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчилеген мурасы. Мунсуз коомдук жана маданий турмуштун уланышы мүмкүн эмес. Ошонун сыңарындай кыргыз элинин түпкү тарыхы, ата-теги Манас атабызга түздөн-түз байланышы бар. Көпчүлүк учурда тарыхыбыз бурмаланып, Манас кыргыз элинин эмес, кытай элинин же болбосо казак калкынын баатыры деген уламыштар жүрөт. Андай сөздөрдү четке кагып, Манас кыргыз элинин гана тарыхый мурасы, баатыры экенин даңктап, барктап алалы.

«Манас» эпосу кыргыз элинин улуттук байлыгы, оозеки элдик чыгармачылыктын теңдешсиз эстелиги, дүйнөлүк элдик поэзиянын шедеври болуп саналат.

**“Манас”** - кыргыз элинин улуу баатырдык эпосу. "Манас" эпосу дүйнө жүзүндөгү эң чоң поэма болуп эсептелет. Ал 500553 ыр сабынан турат. Бул көлөм манасчы Саякбай Каралаевдин айтымындагы үчилтиктен куралып саналат.

«Манас» эпосу - кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолун чагылдырган эпостук чыгарма болуп эсептелип, кыргыз элинин дүйнөлүк маданият казынасына кошкон эң зор салымы десек болот. Манас эл-жердин азаттыгы, биримдиги жана элдердин достук карым-катнашын бекемдөө үчүн күрөшкөн улуу баатыр

болгон. Көлөмү боюнча ага теңдеш дастандар жок. Бул дастан «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүнөн турат. XXI-кылымдын гомери Жусуп Мамай аны сегиз урпагына (Кенен, Алымсырак, Кунансырак ж.б.) чейин айтышат. «Манас» дастанында кыргыз элинин үрп-адаты, каада-салты, чарбасы, жоокердик турмушу кеңири чагылдырылган. «Манас» дастанын айрым эпизоддору XVI кылымда жазылган «Мажму ат-таварих» чыгармасында айтылат.

Мен Манасты изилдеп тээ Кытай Эл Республикасынын аймагындагы Кызыл-Сууга барып улуу манасчы Жусуп Мамайга жолугуп келдим. **Жусуп Мамай** "Манас" эпосунун сегиз урпагына чейин айтып, анын айтымында бул эпос 500 миң сап ырды түзөт. Ошондой эле "Манас" дастанынын **Жусуп Мамай** айткан варианты КЭРде араб тамгасы менен басмадан чыккан.

Улуу манасчы менен жолуккандан соң мен дагы бир жолу «Манас» - кыргыз элинин көөнөргүс улуттук-тарыхый баалуулугу жана байлыгы экенине ынандым.

«Манас» алгач жаралганда эле азыркы көлөмүндөгү, сюжеттик түзүлүшүндөгү чыгарма болгон эмес. Улам кийинки муундагы айтуучулар, жомокчулар, манасчылар толуктап, мазмунун кеңейтип, байытып, сюжети татаалдашып отуруп бүгүнкү күндөгү деңгээлге келген. Эпостогу тарыхый о**куяларды, мифологиялык** түшүнүктөрдү, эпостун тилин, диний ишенимдери, эпостун айтымдарынын арасындагы айырмачылыктарды, каармандардын сүрөттөлүшүн, сюжетин изилдеп аларды тарыхый окуялар, каармандар, булактар менен байланыштырып изилдеп чыгуу керек жана келечекте көптөгөн изилдөөлөрдү талап кылат.

«Манас» эпосунун негизги каармандары Манас, Алмамбет, Бакай, Каныкей, Сыргак, Чубак, Семетей, Сейтек, Күлчоро - өз элине чексиз берилген, чыдамкай, тапкыч, мекени үчүн жанын берүүгө даяр, чыныгы баатырлар. Алар бул сапаттарын эпостун жүрүшүндө иш жүзүндө көп жолу далилдешет.

Эпостогу окуялар жок жерден ойлоп табылбай, чыныгы турмуштан алынып, кыргыз элинин басып өткөн жолун, ар кандай уруулардан куралышын баяндайт. Ага эпостогу төмөндөгү саптар далил:

Ак марал багып уй кылдым,
Курама жыйып журт кылдым,
Кулалы таптап куш кылдым.

Манаска феодалдык башкаруучунун образын берүү аракеттерине карабастан, эпостун негизги тематикалык жана сюжеттик эпизоддорунда ал - мекендин душмандары менен болгон таймаштарда баатырдыгы үчүн атак-даңкка ээ болгон чыныгы элдик баатыр катары кала берет. Душмандын кошуундары менен болгон бардык таймаштар катардагы баатыр-жоокердей салгылашкан Манастын жеке катышуусу менен гана жеңиштүү аяктайт.

"Манас" эпосу байыркы кыргыз элинин жашоо-шартын, адеп-ахлактын принциптерин, каада-салттарын, тарыхын, дүйнө таанымын, өз мамлекетин түзүү жана коңшу мамлекеттер жана курчап турган дүйнө менен достук мамиле түзүү жөнүндө кылымдардагы ой-тилектерин көркөм жана философиялык формаларда чагылдырат.

**Жусуп Мамай менен болгон маек:**

Кытай ооданы, Ак-чий

М.Самиев: Саламатсызбы, менин атым Маматибраим, Оштон болом. Оштун кушчуларынан деп коет бизди.

Ж.Мамай: Саламатчылык, уулум, кел!

М.Самиев: Биз бул жакка Кыргызстандын делегациясы менен кошо келгенбиз. Мен өзүм сизге жолугайын деп сапар тартып келе бердим, кыргыздын залкарынын бири Чыңгыз болсо, бири сиз болосуз!

Ж.Мамай: Оомин, ылайым кыргыз эли өсүп-өнүгө берсин, заманыбыз тынч болсун, чоңу кичиги менен, жакшы жаманың менен, кары жашың менен, ынтымактуу болуп жашагыла. Кудай Таала баарыңардын ынтымагыңарды бекем кылсын, оомин!

Манастан үзүндү. Жусуп Мамайдын шакирти Омон манасчы:

Анда Алманбет кеп айтат,
Андай эмес деп айтат.
Эске алган жакшы өлүмдү,
Ким билет көрөр өмүрдү.
Кирпик ирмеп көз жайнап,
Көөдөндө жалын бар турса.
Таштабайм сенин сөөгүңдү,
Сеникин алып ким чыгат,
Меникин алып ким чыгат,
Баары тагдыр Кудайдан,
Мен барайын, сен калгын.
Өлүп кетсең не пайда,
Сөөгүңдү Чубак сен алгын.
Кыргыздар баркын билди деп,
Тээтиги мактап кыргытайын калсын ээээй...

**Кыргыздардын түпкү жашаган жери
Алтай Хакасия тууралуу кыскача маалымат**

Жусуп Мамайдын алдынан бир өтүп, Манас тууралуу чындыкты угуп, аксакалдын ак батасын алып келген соң биз Кудай буюруп алыскы Алтай жергесине да барып, кыргыздын кырк айгырын берем деп келген Акай Кинеге жолуктум.

**РФнын Тоолуу Алтай Республикасы**

-Мен Чемал районунун МЧСинде начальникмин. Өзүм тээ байыркы Монголия жергесинен келдим. Бүгүн мен абдан жакшы инсан менен жолугуштум, биз аны менен кошо Манастын туулуп-өскөн жерине, Бөйрөк-Туу жайлоосуна келип олтурабыз. Манас төрөлгөн байырлаган тоого, көлгө барып зыярат кылып келдик.

Биз билген маалыматтарга караганда 2600 жыл мурда кыргыздар тууралуу эскерилет. Тарыхый жазма булактарда бүгүнкү күндө жашап жаткан түрк элдеринин ичинен кыргыздар көбүрөөк эскерилет. Мына ошол Эне-Сай кыргыздары азыркы кыргыздардын тарыхына түздөн-түз тиешелүү. Ошол эле учурда биздин ата-бабаларыбыз колдонгон буюм-теримдер, эстеликтер ар бир алтайлык үчүн чоң мааниги ээ.

**Мамат Самиев:** Ооба сиз айткандай кыргыздар - Алтай тил түркүмүнүн ичинен түрк тилдер тобуна кирген байыртадан белгилүү улут.

Алардын негизги бөлүгү түпкү улут катары Кыргызстанда жашайт.

Кыргыздар Борбордук жана Орто Азиядагы байыртадан бери маалым түрк эли болуп саналат.

Кыргыз элинин түпкү атасы болгон баатыр Манас да ушул Алтай жергесинде төрөлгөн. Демек биздин

түпкү келип чыгуубуз мына ушул Алтайдан башталып, Манас атабыз байырлаган түптүү эл экенибиз далилденген.

**Кыргызстан жазуучулар союзунун Ош облустук бөлүмүнүн төрагасы, акын-жазуучу Турабай Жороев:** Мекенчилдиги, чыныгы Кыргызстан деп соккон жүрөгү, кыргыз тарыхына, кыргыз санжырасына, кыргыздын улуу гениалдуу дастаны Манаска болгон таазим кылуусу аны көптөгөн ыйык жерлерге, кыргыз үчүн баалуу жерлерге баштап турган. Өз кезинде өзүнүн каражаты, өз демилгеси, билими, аракети менен архивдерин алып, тоолуу Алтай өрөөнүнө барып атактуу Манас көлүндө, Манас ушул жерде туулган деген алтайлык боордошторубуздун пикирлерин, айткан уламаларын кагаз бетине түшүрүп, ошол мекенге зыярат кылганы бул өзүнчө бир сыймык.

Андан соң Жусуп Мамайды иликтеп, ал жакка барып келүүнүн өзү канчалык оор экенине, тоскоолдуктарга карабастан, баарын жол-жобосу менен жасап, Жусуп Мамайдын колун кармап, өз атасындай сүйлөшүп, дегеле Жусуп Мамайдын феномени ким экендигин далилдеген ушул биздин катардагы эле калемдешибиз М.Самиев менен сыймыктанып, жакында эле Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө бир добуштан кабыл алганбыз. Ага улай өз колу менен жазылган мыкты чыгарма китептери окурмандардын колуна тийип окулуп жаткан кези. Демек биз ушундай Кыргызстаным деген, мекенчил, өзгөчө жаштарга таалим-тарбия берүүчү мыкты китептердин жаратуучусу биздин катарда бар экенине сыймыктансак болот.

**Техника илимдеринин доктору, профессор Анвар Исманжанов:** Биз бир топ жылдардан бери М.Самиев менен жаратылыштык ресурстарды пайдалануу

институтунда илимий изилдөө иштери менен алек болуп жатабыз. М.Самиев күн энергиясынан пайдалануу үстүндө менин жетекчилигим астында көп жылдардан бери илимий ишин жүргүзүп келди. Азыркы убакта 15 илимий макала жазып, алардын көпчүлүгү башка тилдерге которулган. Өткөн жылдын башында чоң масштабдагы илимий монографияны чогуу иштеп чыктык. Аны менен кошо чынында эле көп кырдуу талант ээсинен кыргыз элинин учу куру эместигине ынандым.

**Биз - кыргыз эли, мен кыргызстандыкмын деп сыймыктануу менен айта алабыз.**

«Келечек жаштардын колунда» деген накыл кеп өлкөнүн девизи сыяктуу кулагыбызга сиңип, бизге дем берип келет. Азыркы учурда Кыргызстан мамлекети экономикалык-саясий жактан, маданият, илим-билим жагынан анчалык өнүкпөсө да, келечеги кең жаштарыбыз турат. Кыргыздын ар бир атуулу мен кыргызмын жана кыргыз үчүн кызмат кылам деген болсо, анда биздин келечек өнүгүүбүз алдыда. Жаштарга эң оболу бардык жактан колдоо болушу керек. Үй-бүлөдөн да, мамлекеттен да, коомдон да колдоо көрсөтүлсө, баары ойдогудай болоруна ишеним кылабыз. Мамлекетибиздин мүмкүнчүлүктөрү аябай көп, алсак жаратылышыбызда кандай гана кен байлыктарыбыз жатат, көмүр ресурстарыбыз, алтын тармагы, суу - эң чоң байлыгыбыз. Дегеле жергебиздин бардык аймагында алтынга тете байлыктарыбыз катылган. Ушул ресурстарды туура жана максаттуу пайдалана албай жатканыбыз биздин эң чоң кемчилдигибиз болуп саналат. Мындан аркы өнүгүүнү жаштар алып кетет, алардын туура жолдо баруусуна түрткү болуубуз абзел. Кыргызстан деп гана соккон

жүрөк, кыргызым деп гана жүргөн атуул болсо, биз келечек муундарга ата-бабабыздан калган ыйык мурас, тарыхый байлык, маданий баалуулуктарыбызды ишенип бере алабыз. Ар бир кыргызмын деген атуул Кыргызстандын келечеги үчүн өз салымын кошуп, ардактап, баалап, тарых беттерине из калтыра алат.

**М.Самиевдин жубайы Бегаим Самиева:**

-Маматибраим экөөбүз бирге түтүн булатып жашап, 5 баланын - 2 кыз, 3 уулдун сүйүктүү ата-энеси болдук. Турмушта жолдошум баарыбызга күйүмдүү ата. Кыздарыбыздын экөөсү тең медицина тармагында иштеп, кыргыз элинин өнүгүшүнө өз салымдарын кошуп жатышат. Ал эми уулдарыбыздын бирөөсү Москва шаарында, андан кийинкиси Бишкек шаарындагы Ата-Түрк университетинде мугалим. Дагы бир уулубуз Шанхайда иштеп жүрөт. Биз балдарыбыз менен сыймыктанып жүрөбүз, алардын ар бир кылган жумушу эл-жер үчүн, мекен үчүн. Ата-эне үчүн баланын бакытынан, анын жетишкен ийгилигинен өтөөр кубаныч, бакыт болбосо керек. Мен бул жашоодо эң бактылуу энемин.

**М.Самиев:**

-Биздин кыргыз жерибиз - абдан кооз, биология-лык жана географиялык жактан төп келген кереметтүү жер. Менин сыймыктанар, мактанар жерим - Кыргызстаным, куттуу мекеним. Кыргыз жери - адамдын көз жоосун ала тургандай кооз, кереметтүү, касиеттүү өлкө.

Ар бир мен кыргызстандыкмын деген атуул өз өлкөсү үчүн дүйнө курбаса да, бир мөмө дарак өстүрүүгө милдеттүү. «Мамлекет мага эмне пайда кылды дебей, мен мамлекетке эмне пайда алып келдим» деп ар бир инсан өзүнө мекенинин алдында максат коюусу абзел.

Кыргыз жерибиздин табияты кооз аймактарына курулуш түшүрүп, туристтерди өзүбүзгө тартсак, экономикалык өнүгүү болот эле. Кыргызстан өзү чакан мамлекет болсо да, тоолору, суу сактагычтары, жаратылышы менен бүт дүйнөгө таанылган.

Келечек жаштардын колунда дегендей, ар бир кыргыздын атуулу Кыргызстан үчүн пайдалуу бир жумуш жасап жана элдин керегине жараган уул-кыздардан болушса, анда биздин мамлекет өнүгүүнүн жолунда деп айтсак жаңылышпайбыз.

***Даярдаган: Алишер Мураталиев,***
***"Мен кыргызстандыкмын" телекөрсөтүү долбоорунун редактору, акын, котормочу***

**ЭЛТР телерадиокомпаниясынын журналисти Зульфия Кожоева алып барган «ЫРЫСКЫ» ток-шоусунун 2016-ЖЫЛ ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЖЫЛЫНА КАРАТА арналган көрсөтүүсүндөгү ОшМУнун профессору, тарых илимдеринин кандидаты Турдумамат Кадыров, ОшМУнун тарых факультетинин деканы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Сыдык Смадияров жана коомдук ишмер, Манас таануучу Маматибраим Самиев менен болгон маеги:**




**-2016-жылды тарых жылы деп жарыяланышына, улуттук кайра жаралууга, тарыхты тактоого жакшы бир мүмкүнчүлүк болду деп жатабыз, бул боюнча сиздердин ой-пикириңиздер?**

**Т.Кадыров:** Биз тарыхчылар өзгөчө бул жаңылыкты, демилгени кызуу колдоп чыктык. Өзгөчө биздин

мамлекет эгемендүүлүктү алгандан тартып тарыхый изилдөөлөргө жакшы шарттарды түзүп, алгылыктуу иштерди жасай алды. Ал эми быйылкы жылдын тарых жана маданият жылы деп жарыяланышы өз тарыхыбызды дагы бир терең изилдеп, көмүскөдө калган тарыхтарды казып алып чыгып коомчулукка шардана кылууга чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Ош мамлекеттик университетинде кыргыз тарыхын изилдөөдө бир катар иш пландарды түзгөнбүз, өзгөчө азыркы мезгилде кыргыз элинин уруулук өнүгүүлөрү, жалпы кыргыз менен башка улуттардын мамилеси, мына ушундай тарыхый окуяларды акыр аягына чейин далилдеп масштабдуу конференциялык угууларды, археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү алдында турабыз.

**-Сыдык Смадияров агай, айтсаңыз, сиз жетектеген бөлүмдө уюштуруу комитеттери түзүлүп, иш пландары белгилегенби?**

**С. Смадияров:** -Албетте белгиленет, негизи эле быйылкы жылдын тарых жана маданият жылы деп белгиленгенин биз тарыхчылар чоң жоопкерчилик катары кабыл алдык. Тарых дагы жаңыдан изилденип, башка нукта же болбосо жаңы бир барактан башталат экен деген түшүнүк болбош керек. Биздин тарыхыбыз бир топ жылдардан бери, кылымдардан бери изилденип келе жатат. Тарых илими Кыргызстанда калыптанган илим, ар бир доордун өзүнүн идеологиялык багыттарына байланыштуу тарых изилдөөдө тигил же бул кемчиликтер болуп келген, ага мисал катары революцияга чейинки доорду, совет доорун алсак болот. Ал эми Кыргызстандын эгемендүүлүк доорунда бизге бир топ мүмкүнчүлүк жаралып, эгемендүүлүктү алгандан бери элибиздин тарыхый аң-сезими өзгөрүп, тарыхка болгон кызыгуусу да бир топ жогорулап, ушул

мезгилге чейин тарыхты изилдөөдө жакшы эмгектер да, изилдөөлөр да болуп келе жатат. Ошол эле учурда жогоруда айтылгандай тарыхты иретке салууда, эгемендүүлүк жылдарында тарыхка болгон кызыгуу бир топ жогорулады. Мурдагыдай идеологиялык рамкага салынып, ошонун кысымы астында изилденбей, эркиндик берилип, мүмкүнчүлүктөргө кеңири жол ачылды. Ошол эле учурда тарыхчылар жана профессионал тарыхчы эместердин ичинде өздөрүн тарыхчы деп атап алышып, тарыхтагы изилдөө ыкмасы, изилдөө методологиясы менен таанышы жок, булактар менен кандай иштөөнү жакшы өздөштүрбөгөн адамдар деле тарых жөнүндө эмгектерди жазып, китептерди чыгарып, демөөрчүлөрдү таап, алардын жардамы менен же өздөрүнүн акчасы болсо абдан кооз кылып калың мукаба менен көптөгөн китептерди чыгарып жатышат. Ал эми илимий баалуулугун алып карай турган болсок, бир эле кичинекей, чыныгы тарыхты жазган макаланын деңгээлинде боло албайт. Алар көбүнчө тарыхчыларга кине коюшуп, тарыхты силер жазбай биз жазып жатабыз деп манчыркашууда. Бирок, Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө эбегейсиз салым кошуп келе жаткан жөнөкөй атуулдар да жок эмес. Бирок кээ бир халтурщик тарыхчылардын айынан кыргыз тарыхына зыян келтирилген, бир топ окуялар бурмаланган фактылар жок эмес, бар.

**-Мамат агай, айтсаңыз, сиз өзүңүз жеке демилгеңиз менен кыргыздын жашоо турмушунун энциклопедиясы болгон “Манас” эпосун бир канча жылдардан бери изилдеп келе жатасыз. Ушул жылдын алкагында сиз мамлекеттик деңгээлде Манас боюнча кандай иштердин жүрүшүн каалайт элеңиз?**

**М. Самиев:** Биринчиден бизде тарых жылы деп белгиленгенден кийин кыргыз элинин тарыхын башка элдерден бөлүп кароого болбойт. Бардыгынын тарыхы бири-бирине байланышкан. Муну Манас изилдөөлөрү деле, башка изилдөөлөр деле так көрсөтүп турат. Тарыхты жөн эле жаза берген болбойт, буга далил керек, далилсиз тарыхты эч убакта адам эч жакка алып өтпөйт. Ошол эле ойдо мен көп тарыхтарды окуп көрдүм. Бул агайдын айтканын карап көрсөң так далилдер жок да. Себеби биздегилер, көбүнчө эски падышалык бийлик деп коебуз, биз советтер союзунун курамында болуп турдук, ошондо тарыхтын көп жактарын саясатташтырып жиберген. Маселен, "Ошол учурда ыр жазсаң, обон чыгарсаң, сүрөт тартсаң, киного киришсең эң ириде Ленинге, коммунисттик партияга, СССР элдеринин бузулбас достугуна гана арнашың керек болчу.

Өкмөт менен партиянын укуругу узун эле, ал бир күнү Сакеңе да келип жетти. Бул окуя "адабият менен искусствонун партиялуулук принциби" деген токтом өкүм сүрүп турган өткөн кылымдын 50-жылдарынын соңу болчу. "Бөрк ал десе баш алган" коммунисттик желдеттер Манастан башка бир да "партияны" тааныбаган Саякбай менен "беседа" өткөзүшүп, "Сизди эл көп угуп атат, сизге эл ишенет, эмнеси болсо да Манасты бүгүнкү күнгө алып келип коммунист кылышың керек. Орустун баатыры менен достоштурушуң керек" деп талап коюшат. Саякбай ары кетип, бери кетип атып, акыры аргасыздан көнүүгө ык коет. Өзү айтмакчы, адегенде "Бранжүз деген элдин Апполон деген баатыры менен сайыштырып көрүп, жолдон келатып орустун жалгыз көз Кутус деген баатыры менен бет келерде жер бетине кара туман

түшүп, кайчы өтүп кетет. Анан баягы үч тамгадан келген тыңчылар “эмнеге Кутузов менен жолуктура албай жатасың” дегенде, Сакең: “Баатырымдын көңүлү жок эле, ошондо жолукса сайыша кетмек, орус-кыргыз достугуна шек келмек, андан көрө кайчы өткөнү дурус болду го” дейт. Анда тигилер талап коюшат “Эми эпосту айтып жатканда арасына беш-алты сап кошуп кетесиң, Манас коммунист болгон деп, эл байкабай калат” деп. Сакең ага да көнүп, макул болот. Бирок, Манаска сүңгүп кирип кетип аны унутуп калат. Ошондо беркилер: “Эми биз алдыңкы катарда отурабыз, сиз унутпаш үчүн биз тура калабыз көзүңүзгө көрүнүп, ошондо коммунисттик партияны кошуп кетесиз” деп убадасын алат.

Эл чогулган жерде үч тамганын ушак чогултуп, айың таркаткан тыңчылары келип, алдыңкы катардан орун алышат. Саякбай эпоско сүңгүп кирип, ортолоп калганда берген убадасын унутуп калышы мүмкүн эле. Ошон үчүн Сакең айтып баштаганда эле бою узун коопсуздук кызматкери белги бергенсип тура калат. Сакең аны бир олурая карап алат да:

Көзү күйгөн чок эле,
Сөзү өткүр ок эле.
Калп айткан менен болобу,
Кайран атаң эр Манас,
Партияда жок эле....

-деп кошуп төгүп кете берет.

Тигилер ушундан кийин Сакеңден биротоло түңүлүшөт, өзүлөрүнүн идеялык өзгөчөлүгүн таңуулагандан баш тартышат. Сакеңди багынтуу мүмкүн эмес экенин түшүнүшөт.

Учурунда мындай кыстоого тушуккан улуу манасчы Сагымбай Орозбаков да Манасты Наполеон менен согуштуруп, Илья Муромец менен жолуктурууга

аргасыз болгон экен. (Саякбай Гений жөнүндө баллада , автор: Каныбек Иманалиев, 78-79-бет.)

Ошондой эле Сагынбай Орозбаковдун:
Өкүмөт берген Ленин,
Өнөрүн артык билемин.
Өз башыңдын барында,
Өңчөй кыргыз уругу,
Өмүрүн узун тилегин, (46-бет, 1-катар, 29-33-сап) - деп айтканына караганда муну каалайбы, каалабайбы коштурганы билинип эле турат.

Тарыхты көбүнчө так далилдер менен ошол жердин өзүнө барып, көрүп, адамдар менен сүйлөшүп, ошол жерде бар материалдарга, жазууларга, археологиялык изилдөөлөргө, күмбөздөргө, ушул сыяктуу далилдерге таянып гана жазыш керек. Кыргыздын тарыхын кыска карабаш керек, тарых деген бүткүл дүйнөлүк элдер менен байланышкан, биздин эски ата-бабаларыбыз гундан келип түшүп жатат. Илимий жактан да тактап карап, ой жүгүртүп, менин жеке изилдегеним ушундан болду. Себеби бизде кайсы бир учурларда Манасты жомок деп алышкан. Анан биз байбичем экөөбүз сүйлөшүп, Кытайдагы Жусуп Мамайга барып келели дедик. Манасты айткан Жусуп Мамай аксакал тирүү кезинде Кытайга барып жолуктук. Жусуп Мамай Манастын чынында эле болгонун тактады. Сыргактын күмбөзүн да көрүп келдик. Кытайлар өзүнүн жазуусунда Манасты кыргыз элинин тарыхый эпосу деп жазып жатат, ал эми кыргыздар болсо азырга чейин эпикалык эпос деп так-даана бере албай жатканы кыргыз эли үчүн уят. Жада калса ЮНЕСКО да ал китепти каттатып, улуу мурастар тизмесине киргизген. Тарыхтын болгонун болгондой жазыш керек, чындыгын чындыктай, кемчилигин жашырбай жазуу керек. Мында күнөөнү жалпы элге

төңкөй албайбыз, муну жогорудагы башкаруучулар тактап иликтеши керек, аларга кеңеш берген кеңешчилери да биздин тарыхый байлыгыбызды унутта калтырбай, мурас катары жеткирип берүүгө өз салымдарын кошуусу керек. Ушунун айынан тарыхты бурмалоолор көп болуп жатканы белгилүү.

**-Сиздердин сөзүңүздөрдөн кийин мен дагы бир жолу ынандым, кыргыз элинин тарыхы өтө бир мааниси терең экендигине. Турдумамат агай, айтсаңыз, биз эмне себептен тарыхка ушундай кайдыгер мамиле жасап калдык?**

**Т.Кадыров:** Эң эле биринчиден бизде мектепте окулуп жаткан тарых сабактары абдан кыскарып кетти, жумасына бир саат гана кирип калды десек болот. Ошон үчүн окуучулар жакшы өздөштүрө албаганы бар. Мына ошого байланыштуу бир канча тарыхтын башатынан баштап, бүгүнкү күнгө чейин изилденип жаткандыгы жөнүндө, өзүбүздүн тарыхты элге жайылтуу максатында иш чараларды көрдүк.

**-Тарыхка кызыктыруу үчүн кандай иш чараларды өткөрсөк болот, же болбосо башка улуттун өкүлдөрү кыргыздын тарыхын билүүсү үчүн? Орус мектептеринде Орусиянын тарыхын окуп-билип чоңойгон жаштар бар. Ал эми ушул 80 улуттун ичинде биз өзүбүздүн - кыргыз элинин тарыхын окуп үйрөтө албай жатабызбы?**

**Т.Садыков:** СССРдин тарыхында эле болгон жалпы тарыхка 10 саат берсек, ал эми кыргыздын тарыхына бир эле саат берген учурлар да болгон. Эгемендүүлүктү алгандан бери мектептерде Кыргызстан тарыхы кеңири окутула баштады. Жалпы тарых дагы,

Кыргызстан тарыхы дагы жетиштүү деңгээлде окутулуп жатат.

**-Сыдык агай, сиз педогог катары айтсаңыз, дегеле тарыхчылар жетиштүү элеби? Угушубуз боюнча кээ бир мектептерде биология мугалими тарыхтан сабак берген учурлар болот экен. Башка улуттар дагы кыргыз тарыхын кененирээк, тереңирээк билиши жана тарыхыбыздын өсүп-өнүгүшү үчүн кандай аракеттерди көрүшүбүз керек?**

**С. Смадияров:** Тарых жөнүндө бир аз айта кетсем, дегеле тарых деген эмне? Тарых - бул өткөн нерсе, биздин өтмүшүбүз гана, аны жомок деп карапайым адамдар айтса ал түшүнүктүү, ал эми жогорку билимдүү, интелегенциянын өкүлдөрү да ошондой сөздөрдү айтып жүргөнү көп эле кездешүүдө. Тарых - бул биздин басып өткөн жолубуз гана эмес, ал биздин учурдагы абалыбыз, анан келечегибиз дагы. Биздин элибизде ата-бабаларыбыз философиялык мааниси терең акылды айтып кеткен «Тарыхы жок эл - тамырсыз дарак менен барабар» деп, демек тамырсыз эл башка элге отун болгонго гана жарашы мүмкүн, ошондуктан биз тарыхыбызды билишибиз керек. Тарых – бул келечеке ишенимдүү кароо, мамлекеттин өнүгүү жолун туура аныктоо. Ошондой эле, азыркы учурда болуп жаткан оош-кыйыш окуяларга туура талдоо жүргүзүп, өзүңдүн атуулдук позициясын туура аныктап, патриоттук сезимдерди ойготуп, мекенди сүйүп жашашың үчүн тарыхты билүү шарт. Аны кыргыздын эң алгачкы тарыхчысы Осмоналы Сыдыков мындан 100 жыл мурда эле айтып кеткен: “Тарых бул тарбиячы, тарых бул таалим-тарбия берет”. Азыркы учурда 1916-жылдагы улуттук боштондук күрөштүн 100 жылдыгын белгилейбиз деп жаткан учурубуз. Эң негизги

максаттарынын бири - биз андан сабак алышыбыз керек. Ошону менен бирге мындай нерсени кайталабаганга аракет кылуубуз абзел. Тарыхты билип, өзүңдүн басып өткөн жолуңду билип, аны талдай алсаң, ал сенин акыл эсиңди да тазартат. Уруулук аң сезимден арылтып, улутун биримдигин ширеттет. Биздин саясат өкүлдөрүбүз да улуу сөздөрдү айтканы менен иш жүзүндө аткарылбай келет. Элдер тарыхка эмнеге кызыкпайт, билбейт деген маселеде, эгемендүүлүк жылдарында биздин баалуулуктарыбыз өзгөрүлдү. Бизде экономикалык саясий кризистер эле болбосо, эң бир чоң жоготуубуз бул руханий кризис башкы орунда турат. Бир сөз менен айтканда илимди баалоо, билимди баалоо, китеп окуу деген нерселер бааланбай калды. Бул нерселерди биз өтө чоң жоготуу десек болот. Китепти көбүрөөк окуп, аны менен эле чектелбестен, маалымат алуунун башка булактарын, интернет сыяктууларды да карап маалымат алып туруш керек. Бирок китепти сөзсүз окуш керек. Башка улуттар да биздин тарыхты окуп үйрөнүүдө бизде мамлекеттик деңгээлде саясат жүрүш керек. Атайын иштеп чыккан илимпоздордун пикирине таянган саясат болуш керек, идеология болуш керек. Анан жанагы суроо боюнча мектептерде биология мугалими тарыхтан сабак берет дегени туура эмес, себеби биздин жогорку билимдүү тарыхчы адистерибиз Кыргызстандын мектептери үчүн жетиштүү. Ошондой эле жогорку окуу жайды бүткөн тарыхчы адистерибиз эмнеге өз кесиби боюнча иштебей жатат деген маселеде бул нерсе кайра эле барып айлык маселесине, каражатка барып такалат. Себеби жаш бүтүп баргандар өздөрүнүн турмушун калыптандырышы керек, булардын баары келип каражатка такалат. Бизде бюджеттик негизде окуган студенттерибиз бар, бирок алардын саны аз.

Ошону менен бирге ал 2 жыл кайсы жерге болбосун мамлекет жөнөткөн жерге барып иштеп келет. Бир жылда 20,25 бюджеттик орундар берилет, бул дегени өтө аз.

**М. Самиев:** Биринчиден, ачык айтканда, кээ бир мугалимдер тарыхка кызыкпайт, өздөрү кызыкпайт, программаны окутат, ары жагын изилдеп окутканга аракет да кылбайт. Тарых сабагын өткөндө аябай көңүл кош өтүп, балдардын тарыхка болгон кызыгуусун жоготот. Мугалим сабакты болушунча кызыктуу кылып өтүшү керек, ошондо гана бала сабакка тартылат. Биздин өткөн доордогу тарыхчылар акчага кызыккан эмес, алар көчөдө дербиш болуп жүрүп материалдарды топтогон, алар мага айлык бер, ыңгайлуулук түзүп бер деген эмес. Ошон үчүн жогоруда отургандар ар кимге шылтоолоп коюп, иш кылгысы келбейт. Мисал катары эле, мына бизде миграцияда жүргөндөр бар, эгерде алар Орусиянын тарыхын билбесе аларга атуулдук (гражданство) берилбейт. Ал эми бизде Кыргызстанда башка улуттун өкүлдөрү келсе аларды оңой эле ишке алып коет. Ошондуктан бизге азыр конкреттүү программа иштеп чыгыш керек, б.а. идеология керек. Бизде идеологиянын өзү жок, бар деп эчким далилдей албайт. Тарыхты бир нукка алып келиш керек, же болбосо бирдиктүү пландын негизинде иштөө абзел. Президент да бул маселени убагында көтөрүп элге жайылтуусу шарт, антпесек тарыхыбызды жоготуп алуу коркунучу бар.

**-Жыйынтыктоочу сөзүңүздөр?**

**Т. Кадыров:** Мен мектептерде мугалимдер тарыхка кызыктырбайт дегенге кошулбайм, себеби бизде мектептерде тарых сабагынын сааты абдан эле азайып кетти. Жада калса жогорку окуу жайларыбыз билим

берүүнүн бакалавр системасына өткөндөн баштап тарых сааты өтө эле азайып кетти. Тарых илими толук ачылбай калгандыгынын натыйжасында көпчүлүгү билбей калып жатат. Ал эми алдыга бир жакшы пландарды коюп атабыз, деканат менен ректорат чогуу чоң иш пландарды иштеп чыгалы деп жатабыз.

**-Жалпы эле кыргыз элинин кайсы тарыхы боюнча изилденип бүттү?**

**Т.Садыков:** Биздин кыргыз элинин тарыхы революцияга чейинки, революциядан кийинки тарыхтар толук түрдө ачыла элек. Мына ушулардын баарын биз быйылкы жылда мүмкүнчүлүк болушунча изилдейбиз, андан сырткары ошого байланыштуу Ош мамлекеттик университетинде биз чоң илимий конференцияларды өткөрүүнүн аракетин көрүүдөбүз.

**С.Смадияров:** Жазылып жаткан тарыхыбыз тазаланууга муктаж. Тарыхты бурмалоо, тарыхты мистика менен алмаштыруу, мистикага таянып тарых жазуу, муну айтканымдын себеби биздин профессионал-дык тарых жазып жүргөн эле эмес, профессионал тарыхчыларыбыз арасында, илимий даражасы жогору тарыхчыларыбыз да тилекке каршы азыркы күндө ушундай көрүнүштөр бар. Эң ириде биз ушул көрүнүштөрдөн арылышыбыз керек. Чыныгы тарыхый булактарга таянган, тастыкталган, обьективдүү тарыхы-бызды жазышыбыз зарылдыгы бар. Бул биздин күн тартибинде турган биринчи маселе. Экинчиси, тарыхты изилдөөдө бизде көмөкчү дисциплиналар бар, булак таануу деген, тарыхый булактардын негизинде тастык-талган иш-аракеттер жүргүзүлүшү керек. Анткени Кыргызстан тууралуу тарыхый маалыматтар чет өлкөлөрдө абдан көп. Акыркы 19-кылымдан бери жагын караганда эле, Өзбекстанда, Казакстанда,

Кытайда, Россияда, Монголияда биздин Кыргызстандын тарыхы алардын архивдеринде сакталып турат. Ачылбай жаткан тарыхый булактар болсо аларды эки мамлекет биргеликте сүйлөшүү менен илимпоздорду даярдап жөнөтүп изилдөө шарт деп ойлойбуз.

**М.Самиев:** Жогоруда айтылып кеткен сөздөргө толугу менен кошулам. Бирок чет өлкөлөрдө библиотекаларга эч кимди киргизбейт, Кытайда жада калса жакын да жолотпойт. Эгерде кирүүгө тастыкталган документи болбосо тарыхый музейлердин архивине кире алышпайт. Мына биздин тарыхый маалыматтарыбыз Германияда бар, Аравияда бар, ошондой эле өздө бар нерсенин кадырына жетпейт дегендей өзүбүздүн эле Караханиддер дооруна тиешелүү болгон эстеликтер Өзгөн шаарында бар. Каракулжага кетип бара жатканда жолдун боюнда бүт эле тарыхый жерлер, ошондой эле Ысык-Көлдө канчалаган жерлерибизде коргондор бар. Ал эми Хакасияда курган деп коет, бизче коргон, алардын жашы тээ байыркы пирамидалар менен жашташ экендиги белгилүү болгон. Андай коргондордун Ысык-Көл жергесинде экени баарыбызга белгилүү. Өзүбүздүн эле Ош жергебизде тарыхый жерлер абдан эле көп карасак, көпчүлүгү изилденбей эле жатат, алардын баарын демилге көтөрүп изилдесек тарыхыбыз дагы да кеңеймек. Тарыхты изилдөөдө сөзсүз түрдө башка чет мамлекеттер менен биргеликте иштешибиз абзел, себеби биздин тээ илгерки тарыхыбыз алар менен түздөн түз байланышкан.

***Даярдаган: Зульфия Кожоева,***
***ЭЛТР мамлекеттик телерадиокомпаниясынын***
***“ЫРЫСКЫ” ток-шоусунун редактору, алып баруучу***

**ЭЛТР мамлекеттик телерадиокомпаниясынын журналисти, алып баруучу Тургунбай Алдакуловдун “КҮН МАЕК” теледолбоорунун 2016-ЖЫЛ ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЖЫЛЫНА карата арналган көрсөтүүсүнүн коноктору Манас атабыздын тарыхый инсан экендигин далилдөөгө бүткүл аракетин жумшап келген, бир нече публицистикалык эмгектердин жана макалалардын автору, Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү Самиев Маматибраим агайдын жана ошондой эле Ош шаардык маданият башкармалыгынын башчысы, бир нече эл аралык фестивалдардын лауреаты Топчубай Досбаевдин маеги:**



**Быйылкы Тарых жана маданият жылынын алкагында кыргыз элинин тарыхын жана бай маданиятын чагылдырган бир канча иш чаралар болуп өттү. Мына ушул иш чаралардын көч башында Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнун айтсак болот. Быйылкы жылдын эсебинен жасалган иш-чаралар өзүн актоодобу. Бүгүнкү темабыз мына ушул багытта болмокчу.**

**-Сөздү аксакалдан баштасак, Мамат агай, сиз биздеги маалымат боюнча адабият, маданият, тарых, каада-салтка тиешелүү көптөгөн тармактарда өз оюңузду айтып, публицистикалык макалаларды жазып, коомдук иш чараларга активдүү катышып келе жатасыз. Быйылкы тарых жана маданият жылынын алкагында жасалган иштердин мазмунуна кандай көз караштасыз.**

-Түпкүлүгүндө маданият латындын «культура» деген сөзүнөн алынып, кыртышты иштетүүдөн өткөрүү, культивациялоо дегенди билдирген. Бара-бара маданият түшүнүгү материалдык өндүрүш, материалдык чөйрө менен гана чектелүүдөн калып, цивилизациялашкан адамдын руханий дүйнөсүн да таанып-билүүдө колдонула баштаган.

Кыргыздын улуттук маданияты кең түшүнүгүнөн да, тар түшүнүгүнөн да алганда бай жана узун тарыхты камтып тургандыгы сыймыктуу көрүнүш. Адамзатты азыркы абалына жеткирген маданияттын дээрлик бардык баскычтарын басып өтө алдык.

Бул маданият ошол элдин искусствосунан, анын социалдык системасынан, анын каада-салттарынан, үрп-адаттарынан, анын дининен көрүнөт. Бирок, булардын баарын чогуусу менен алганда эле маданиятты түзүп

калбайт, биз ыңгайлуу болгону үчүн гана ошентип коебуз.

Быйылкы жыл Президентибиздин демилгеси менен «Тарых жана маданият жылы” деп жарыяланганы биз үчүн өтө чоң мүмкүнчүлүк. Ушул жылдын эсебинен биз улуу көчмөндөр оюнун экинчи жолу өткөргөнгө жетиштик. Кыргызстандын президенти Алмазбек Атамбаев көчмөндөр оюндарын мыкты деңгээлде өткөрүүгө үндөп, Көчмөндөр оюндарын Кыргызстанда жыл сайын өткөрүү керектигин айтты. Ар бир эл өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес, өздүрүнө тиешелүү болгон (салттык) улуттук оюндары менен да айырмаланат. Ал эми кыргыз элинин улуттук оюндары болуп ордо, тогуз коргоол, оромпой, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, аңгилдек, уюм тууду, селкинчек, упай жана башка ат оюндарынын түрлөрү эсептелет.

Кыргыз эли өз жашоо тарыхында татаал жолдорду басып өтүп, эли-жерин, мал-жанын, ал тургай коңшулаш жашаган тектеш тилдүү калктарды да сандаган жоодон, табийгаттын катаал кырсыктарынан коргоп келген. Ошону менен катар өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын көөнөртпөй сактаган. Не бир ажайып ыр-күүлөр, элдик кол өнөрчүлүктүн түмөн түрү, макал-лакаптар, жомоктор, ал эмес залкар эпосторго чейин тилден дилге өткөрө аздектелип, эс-акылдын кудурети менен ушул күнгө жетти. Ат жалында эркин ойноп, көчүп-конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк-мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар азыр биз жашап жаткан күндөргө да жетип, кай бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушарланган. Кыргыз эли илгертен ат менен жүрүп, жер кезип, көчмөн калк

аталган, ошентип олтуруп бүгүнкү күнгө жеттик. Тарыхта эмне кылсак баарын өз калыбында сактап, келечек муунга жеткирип берүү милдети турат. Мына 2014-жылы Кыргызстанда биринчи дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүп, тарыхты эске алган элек. Ал оюндар ийгиликтүү өтүп, дүйнө элдерине жагып, кайрадан экинчи дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын 2016-жылы өткөрүүгө жетиштик. Мунун натыйжасында кыргыз элинин маданий мурасын, тарыхый жерлерин, дегеле улуттук оюндарын баарын топтоштуруп дүйнөгө дүңгүрөтө көрсөтүп бере алдык.

Биринчи жолу өткөргөндө дүйнөнүн 18 өлкөсү катышкан, ал эми экинчи жолу өткөргөндө 62 мамлекеттин өкүлдөрү катышып, Кыргызстанды дүйнө жүзүнө таанытып койдук десек жаңылышпайбыз. Дүйнөлүк олимпиадалар өтө чоң жана кеңири көлөмдө өтүп, алардын оюндарында кандайдыр бир чектөөлөр, эрежелер болот, ал эми көчмөндөр оюнунда эч кандай чек, эреже болгон жок. Себеби ар бир өлкө өзүнүн эрежелерине, каада-салттарына, улуттук тамак-аштарына ылайыктап көрсөтүп жатты. Бул көчмөндөр оюнунун өтүшү менен кыргыздар өзүнүн тарыхый журт экенин, ак сөөк баатыр, меймандос улуу эл экендигин дүйнө элине көрсөтүп койду. Мына ушул оюндун арты менен көп өлкөлөргө таанылып, кыргыз деген эл, жер бар экендигин айгинелеп, кыргыз эли улуу, көчмөн эл экенибизди даңазалап бердик. Ысык-Көлдөгү Кырчын жайлоосунун кооздугуна суктангандар далай болуп, кыргыз жергесинин сулуулугуна суктангандар арбын болду. Ал жерге тигилген катар-катар боз үйлөр, кыргыздын меймандостугун чагылдырган улуттук тамак-аштар, улуттук кийимдерибиз, кылымдардан бери

келе жаткан улуттук салт-санаабыздын баарын көрсөтө алдык.

Тарых жана маданият жылын айрымдар болжогондой коомдук турмуштун кандайдыр бир тармагына маани берип, басым жасоонун эле эмес, улуттун руханий көрөңгөсүн көгөртүп, жан дүйнөсүн маданиятташтырып, өзгөртүп-өнүктүрүүгө багытталган иш чаралардын коштоосунда өткөрүү зарылдыгы турганы талашсыз.

**-Топчубай агай, ушул эле сөздү улай, Ош шаарында да бир нече фестиваль, конференциялар өтүп жатат да, мына ушул болуп жаткан иш чаралардын философиясыбы же идеологиялык мазмуну дейбизби, алдын ала бир талкуудан өтөбү?**

-Албетте, бул маселе боюнча биздин Ош шаарында жыл ичинде боло турган же кийинки жылы боло турган шаардын алкагындагы же болбосо областтык, республикалык, эл аралык иш чаралардын бардыгы талкуудан өтүп, иликтенгенден кийин гана элге жеткирип, ошонун айланасында атайын чыгармачыл топтор түзүлүп, атайын шаар бойлоп элди даярдап, үгүттөп, түшүндүрүү иштеринен кийин гана иш чаралар өтүп жатат. Маданияты жок өлкө, мазмуну жок өлкө катары эле көрүнгөндөй маданияттуу калк экенибиз дүйнө элдерине белгилүү. Маданият кызматкерлеринин жасап жаткан иштеринин баары кыргыз эли, жери үчүн гана арналат. Кыргызстанда кандай гана маареке, салтанат болбосун маданият кызматкерлерисиз өтпөөсү даана көрүнүп турат. Иш чаралардын баары маданият министрлиги тарабынан колдоого алынып, мамлекеттик масштабда өтөт. Мамлекеттик масштабдагы иш

чаралардын баары маданият министрлигине жүктөлүп, анын көзөмөлүндө болот.

**-Мисалы, бизде этно фестиваль болуп өттү, а эмне үчүн бул фестиваль Ош шаарында болуп өттү?**

- «Тарых жана маданият» жылынын алкагында биринчи жолу «Эл аралык этно маданият фестивалынын» Ош шаарында өткөнү бул биринчиден байыркы Ош шаары тарыхый-маданий баалуулуктарга бай шаар экени белгилүү. Ошонун натыйжасында атайын дирекциянын чечими менен Ош шаарында болсун деп чечишкен. Кийин гана башка областтарга бара-бара өтө баштады. Бул да болсо биздин шаарга келген чоң оомат десек болот. Ошондой эле биздин шаарда быйылкы жылдын эсебинде эле эки-үч чоң көлөмдөгү эл аралык иш чаралар болуп өттү. Биринчиси, жакында эле апрель айында орус элинин кино жумалыгы өттү. Кино жумалык Семетей кинотеатрында болуп, ага орус киносунун чыгаан кишилери баш болуп, ошондой эле кыргыз киносунун да аттуу-баштуу инсандары башында туруп кино жаатында аябай жакшы түшүнүк берип кетишти. Мындай жумалык биринчи болуп биздин жергебизге келгени өзү бир чоң сыймык. Ошондой эле кече жакында эле Ош шаарындагы Ош мамлекеттик университетинин базасында аябай чоң масштабдагы интеллектуалдардын баарлашуу форуму өттү. Мунун натыйжасында Ош мамлекеттик университетинин аброю да көтөрүлдү, мамлекеттик эл аралык деңгээлдеги иш чараны ошончолук бийик деңгээлде өткөргөнү ушул форумда белгилүү болду. Бул жерге 10дон ашуун мамлекеттен атайын ойчулдар, аалымдар, окумуштуулар, профессор-лор, философтор келди. Бул баарлашуунун жыйын-тыгында «Ош чакырыгы» деген аталышта бир манифест

кабыл алынып, эртеңки келечек жаштарды тарбиялоо боюнча, тарыхый баалуулуктарды сактоо боюнча өзүнчө бир баарлашуу жүрдү. Ушундай иш чаралар дагы да Ош шаарында улантыларына баары макулдугун билдирип турушту. Себеби барыбызга белгилүү болгондой Ош шаарында тарыхый жерлер, эстеликтер аябай көп жана байыркы шаар болуп эсептелет. Ошондуктан бул чоң көлөмдөгү фестиваль Ош шаарында өтсүн деген чечим кабыл алынган. Шаарыбызда андай иш чаралардын далайын өткөрүп келе жатабыз.

**-Ушул эле сөздү улай, коомчулукта да ушундай суроо пайда болсо керек. Мамат агай, дегеле мына ушундай иш чараларды өткөрүүгө каражат жагына келгенде бир аз ойлоно түшсөк керек, сын пикирлер да болбой койбойт. Кыргызстандын бардык аймактарында ушуга окшогон салтанаттар, иш чаралар белгиленип жатат, ушул сыяктуу маарекелерге акча жагынан тартыштык болбойбу же болбосо ушул өткөрүлүп жаткан иш чаралар өзүн-өзү актайбы деген суроо пайда болот да, айтсаңыз, дегеле илимди изилдөөдө каражат жагына кандай карайсыз?**

-Борбордук Азияны изилдөөдө илимге көөнөргүс салымын кошкондордун бири Чокон Чынгызович Валиханов болгон. Анын илимий маалыматтары, Кыргызстандын географиясын, фольклорун, кыргыз элинин тарыхын, эпосторун изилдөөдө чоң мааниге ээ.

Теңир-Тоону, анын ичинде Ысык-Көл өрөөнүн изилдөөгө чоң салым кошкон П. П. Семенов-Тянь-Шанский болгон.

Николай Михайлович Пржевальский Борбордук Азияны 1870-1888-ж.ж. комплекстүү иликтөөгө чоң

салым кошкон. Бул аймакты изилдөө үчүн бешинчи жолу аттанып, келте оорусунан өлгөн. Сөөгү Каракол шаарынын жанына, Ысык-Көлдүн жээгине коюлуп, эстелик тургузулган.

Бул мезгилде окумуштуулар кыргыз элинин «Манас» эпосун изилдөөгө да өзгөчө көңүл бурушкан. Алсак, белгилүү орус окумуштуусу В. В. Радлов жана Ч.Ч.Валиханов кыргыз эпосу жөнүндөгү илимди негиздешкен. Алардын изилдөөлөрүн убагында СССР акча жагынан камсыздап атайын ушундай экспедиция-ларга акча бөлүп турган. Ошол убакта илимге-билимге болгон колдоо аябай жакшы болгонбу же СССРдин күчтүүлүгүнөнбү, айтор азыркы илимий изилдөөлөргө караганда ошол убакта көбүрөөк илимий изилдөөлөр жана илимий ачылыштар болуп турганы баарыбызга белгилүү. Өткөн тарыхыбызды, басып өткөн жолубузду иликтеп, изилдеп кийинки муундарга калтырып кетүү бул -биздин парз болуп эсептелинет.

Тарых жана маданият жылында биз өзүбүздүн тарыхый маданий эстеликтерибизди тактоого алсак аябай чоң ийгилик болмок. Баардык нерсени каражатка түртүп койгон да болбойт. Биздин улуу тарыхыбыз тактальп баратканы баарыбызды сүйүндүрөт. 1916-жылдагы үркүндүн 100 жылдыгын 2016-жылы белгилеп, курман болгондорду эскерүү жүрдү. Ал салтанатка Россиянын президенти Владимир Владимирович Путин да келип, курман болгондордун эстелигин ачууга катышып, эскерип кетти. Тарых жылында биздин мамлекетке Россиянын окумуштууларынан Слелинко Михаил Исаков жана Бедюров Боронтой Янкович келишти. Бул окумуштуулар кыргыздардын тарыхын изилдеп жүргөн орусиялык окумуштуулардан болуп кргыздын тарыхын тактоого салымдарын кошкон.

Тарыхты иликтегенде аны акча менен баалап болбойт. Кыргыз элинин тарыхы өлбөс, өчпөс улуу эл экенибизди дүйнө элине көрсөтүп, далилдеп бере алат.

Акыркы жылдары Кыргызстандын окумуштуулары, асыресе тарыхчылар жана башка социалдык илимдердин өкүлдөрү изилдөөлөрдү жандандырышты, бирок өлкөбүздү мындан ары өнүктүрүү кызыкчылыктары бул иштерди дагы күчөтүүнү талап кылып жатканы баса белгиленүүдө. Мындан аркы жаңы изилдөөлөр Кыргызстан тарыхынын жана маданиятынын чала изилденген жерлерин ачыкка чыгарып, аларга бирдиктүү көз караштты калыптандырууга тийиш экендиги айтылууда. Мында илимий жана албетте идеологиялык институттар жетектөөчү күч катары өзүлөрүн көрсөтүүгө укуктуу да, милдеттүү.

Археологдордун маалыматына караганда, Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин тарыхый эстеликтерди изилдөө үчүн өкмөттөн атайын каражат бөлүнбөй калган. Айрым археологдор демөөрчүлөрдүн же эл аралык уюмдардын каржылоосунда илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүп келишкен.

Азыр миңдеген тарыхый эстеликтерибиз жылдан-жылга бузулуп жатат. Ошолорго бир дагы орган, уюм, мекеме, мамлекет жооп бербейт. Тарыхый эстеликтерди бузгандарга укук коргоо органдары көңүл бурбайт, эч кимиси жоопкерчиликке тартылбайт. Бул өзүнчө унутулуп калган биздин тарыхыбыздын бир бөлүгүнүн абалы өтө кейиштүү. Бул маселени чукул арада чечип, мыйзамдарды дагы оңдобосо кийин кеч болуп калат. Азыр жылына бирден же экиден гана археологиялык изилдөөчүлөр чыкса чыгат, чыкпаса жок болуп илимге кызыгуу калбагандай сезилет. Ал эми жүздөгөн эстеликтерди талап-тоноочулар жылдан-жылга көбөйүп

баратат. Буга окшогон жан кейиткен окуялар баарыбызды түйшөлтүп турат.

**-Топчубай агай, сиздин оюңуз?**

-Кыргыз тарыхын иликтөөдө В.В.Бартольд, Н.А.Аристов, С.Е.Малов ж. б. көөнөргүс салымдарды кошушкан. Россиялык Н.А.Северцев, А.В.Каульбарс, А.П.Федченко, И.В.Мушкетов, немецтер М.Фридрихсен, М.Керцбахер, француз Г.Капю, америкалык В.Дэвис, Э.Хантингтон ж.б. изилдөөчүлөр Кыргызстандын илимий иликтенишине өз салымдарын кошушкан. Демек, Россиянын курамына кирген соң Кыргызстанды ар тараптан илимий негизде изилдөө иштери башталган. Кыргызстандын коомун, табигатын, кен байлыктарын, тарыхын, маданиятын илимий негизде ар тараптуу изилдөө иши да XIX к. экинчи жарымы - XX к. башында башталган.

Алтайлык Боронтой аксакалдын «Кыргыздар түпкү тегиңер Алтайдан келгенсиңер, бир жылдын ичинде эле кыргыз элинин тарыхын, маданиятын бүткүл дүйнөгө көргөзүп көтөрүп койдуңар» деп айтканы эсимден кетпейт. Бул дегеним «Манас ойгонду» деп баа берген. А дегени биздин көчмөндөр оюнуна болгон баа, себеби ушул эл аралык оюндун артынан Манастан калган үрп-адат, каада-салт, нарктуулуктун баарын Кырчын жайлоосунда көргөзө алдык. «Манас» эпосу – дүйнөлүк маданияттын жана адабияттын кайталангыс, уникалдуу, сейрек учураган монументалдуу, классика-лык баатырдык эпостун үлгүсүн түзгөн улуу көркөм эстелик болуп калат. Биз экинчи эл аралык көчмөндөр оюнунда дүйнө жүзүнө кыргыздын ким экендигин, кандай баатыр эл болгондугун көрсөтүп койдук. Көз жоосун алган Кырчын жайлоосунда кыргыз элибиздин улуу дөөлөтүн, көөнөрбөс каада-салтыбызды, унутулгус

үрп-адатыбыздын баарын көргөзүп, республикабыздын баардык аймактарынан келген өнөрпоздордун, саймачылардын, жана ат жалында ойногон кыргыз жэигиттеринин эр жүрөк баатырдык сапаттарын көргөзө алдык. Булардын баары бизге Манас атабыздан мурас болуп, көөдөнүбүздө сакталып калгандай. Көчмөндөр оюнуна дүйнөнүн 67 мамлекетинин спортчулары катышып, спорттун Ордо, Ат чабыш, Көк бөрү, Эр эңиш, Жирит, Алыш, Кыргыз күрөшү, Казахша күрөш, Гореш, Гюлеш, Аба күрөшү, Мас-рестлинг, Тогуз коргоол, Мангала, Салттуу жаа атуу, Салбуурун жана башка түрлөрү боюнча мелдештер болуп өттү. Албетте көчмөндөрдүн башы бул кыргыз эли болгон соң, баш байгени Кыргызстандык спортчулар жеңип, элибиздин рухун кыйла көтөргөнгө жетишишти. Бул биздин эң чоң жеңиштерибиздин бири болуп калды.

**-Мамат агай, азыр сиз сөзүңүздө белгилеп кеттиңиз да, бул нерселердин баары акча менен, баа менен өлчөнбөй турган жетишкендик деп, ушул жерде дагы бир суроо туулуп турат да, кандайдыр бир турмуштун көйгөйлөрү же саясий окуялардын фонунда жетишкен ийгиликтердин, жетишкен таасирлердин эпкини көпкө узабайбы же жоголуп кетпейби деген бир коркунуч бардай, мындай айтканда улуттук кайра жаралуунун түбөлүктүүлүгүнө кандай баа бересиз?**

-Улуттук кайра жаралуу маданиятынын негизги мазмунун **гумандуулук** түзгөн. Улуттук кайра жаралуу доорун кыргыз эли көп башынан кечирди десек болот. Себеби Кыргыз мамлекети эгемендүү болгондон соң канчалаган кандуу төңкөрүштөрдү башынан кечирди. Алсак 1990-жылдагы граждандык согуш, ал согуштун апааты кыргыз элинде жашаган улуттарды бөлүп,

кымындай болгон кыргызды улут-улут кылып чачууга бел байлагандар азыр да арабызда бар.

Ал эми «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесин 1995-жылы белгилеп дүйнө элине жар салдык. Манастын улуулугу, даңктуулугу жана өлбөс-өчпөс баатырдыгы кыргыз элинин түпкү тегине сиңип калган. Манасты канча даңктасак да, канча барктасак да ошончолук аз, себеби азыркы күндөгү кыргыз элинин жашоосу, тарыхы баары Манас атабызга түздөн-түз байланышта. Манас атабыздын 1000 жылдык маарекесине Кытайдан келген залкар манасчы Жусуп Мамай да катышып, элибизге бай тарыхыбызды даңазалап жеткирип бергенге аракет кылышты. Бирок бул маареке да улуттук кайра жаралууга анчейин түрткү боло албады.

Андан соң биздин туңгуч президентибиз Аскар Акаевдин бийлигин колдоого албаган калың катмардагы элибиз 2005-жылдын март айында көтөрүлүшкө чыгып төңкөрүш жасады. Акаевдин алып барган саясатын жактабагандар көбүн эсе болуп, эл көтөрүлгөнгө чейин барды. Бул да болсо биздин кыргыз элинин тарыхында чоң төңкөрүштөрдүн бири болуп, дүйнө элин таң калтырып, Кыргызстандын бийлиги эл бийлигинин алдында куралларына ишендирип койдук.

Бирок бул төңкөрүштүн артында дагы бир чоң көтөрүлүш күтүп турганын эч ким билбеген. Ошентип 2010-жылдын апрель айында Кыргызстанда дагы бир чоң бурулуш болуп, президент Курманбек Бакиевдин үй-бүлөлүк бийлигин кулатуу көтөрүлүшү болуп өттү. Бул апаат канчалаган жаш кыраан жигиттердин өмүрүн алуу менен аяктады. Кыргыз элине ушуга окшогон уруш апааттар керек беле деген ой пайда болот. Мындай көтөрүлүштөрдүн далайын баштан кечирген кыргыз элине бул да өтө чоң сокку болуп, мамлекетибиз

бытыранды абалда өмүр сүрүп жатты. Ал эми Ош коогалаңын айтпаса да болбойт. Кыргыз-өзбек элдери канчалаган жылдар бою урук-тууган болуп, тынч жашап жаткан кезде биздин кыраандай болгон уул-кыздарыбыз согуштун азабын тартып, Ош шаарыбыз кан майданына айланып кетти. Булардын баары кыргыз элине келген сыноолор гана деп ишенип жаттык. Ушул терс окуялардын баары бизге сабак болбоду бекен деген ой баарыбыздын жүрөгүбүздү өйкөп, төңкөрүштөрдүн артынан кайра жаралууга бара алдыкпы, дегеле кыргыз мамлекетинин оңолуп кетүүсүнө салым кошо алдыкпы же баягы эле карапайым элди алдап, алардын арты менен бийлик жемкор, паракор адамдарга толдубу деген ойлор ар бир кыргызстандыктын сөзүндө болбосо да оюнда болоору чындык.

Бул улуттук кайра жаралууну кармап калуу кыргызстандын ар бир атуулу үчүн парз. Себеби бул нерсе ар бир адамдын өзүнүн инсандык сыпатына карап, таалим-тарбиясына карап болот. Окуу жайлардын студенттери менен, мектеп окуучулары менен иштешсе болгудай нерсе. Анткени алар курстук иштерин, дипломдук иштелме-лерин ошол өзү жашаган аймактын жашоо тарыхын чагылдырып, өткөн жашосун баяндап жазса ошол дагы бир кыйла салым кошмок.

**-Топчубай агай, жакынкы арадагы долбоорлор тууралуу айта кетсеңиз?**

Бизде тарых жана маданият жылынын алкагында эки чоң долбоор ишке ашырылганы турат. 30-апрелде «Этно Ош» атуу фольклордук топтун бет ачарын жасадык. Этно деген сөз бул байыркы Ошту өзүнө камтыган, тарыхты даңазалаган, Ош шаарынын чыгаан дасыккан музыкант мугалимдеринин курамынан

түзүлгөн фольклордук топтун бет ачаары. Бул бет ачаарда көбүнчө мугалимдер болуп, алар өз адистигинин мыктысы болгондуктан көпчүлүк бөлүгү Ош мамлекеттик университетинен, ал эми калганы Ниязалы атындагы музыкалык окуу жайдын окутуучулары жана музыкалык мектептердин мугалимдери, ошондой эле башка ВУЗдардагы мугалимдер да катышты, көпчүлүгү Ош мамлекеттик университетинин окутуучулары болду. Биз муну тарыхый жаралуу десек болот. Ал эми экинчиси, жандуу эстрадалык топ бул «Мурас» эстрадалык тобу. Бул топ бизде кайрадан жаралды десек болот, себеби булар 70-80-жылдарда аябай белгилүү болгон «Мурас» тобу болчу. Аны композитор Каныбек Курбантаев жетектеген. Азыркы учурда ушул эки жандуу эстрадалык топ быйылкы «Тарых жана маданият» жылынын алкагында өздөрүнүн маданий иш чараларын улантып жатышат. Жакында эле болуп өткөн эл аралык фестивалга катышып келишти. Биринчиси, Ош шаарында өткөн эл аралык Этно маданият фестивалы, экинчиси Астана шаарына барып Этно жаз музыкалык фестивалына жана Кымыз мурундук аттуу эл аралык этно маданият фестивалдарына барып катышып келишти. Ал эми үчүнчүсү, биздин көчмөндөр оюнунда болуп Кырчын жайлоосунда Ош шаарынын маданиятын көрсөтүп, гала концерт коюуга жетишишти. Кырчын жайлоосундагы гала концертти көрүүгө кызыккан туристтер көп болуп, элибиздин маданий эстетикалык баалуулугун жеткирип бере алдык.

**-Рахмат, сапарыңыздар байсалдуу болсун, Мамат агай, мына маданият, тарых деген бул түбөлүктүү тема дегендей, бир жылдын алкагында жасалган иштер менен чечилип калбайт албетте. Ошондой эле**

**маданиятыбызда бир улуу нарк-насил бар, өзгөчө жаштар арасында, мына базар экономикасынын таасири дейбизби же демократиянын таасири дейбизби, «Улууга урмат, кичүүгө ызат» деген, «Кызга кырк үйдөн тыюу» сыяктуу нарк дөөлөттөрүбүз унутта калып бараткандай сезилет. Мына ушул бөксөөлүктү толтуруунун кандай жолун сиз сунуш кылат элеңиз, канткенде биз өзүбүздүн чыныгы улуттук байлык-тарыбызга жете алабыз?**

-Таалим-тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени ыйман, тарбия адамзат, улут, адеп, тарых топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Коомдогу өтмө-катыштык жол-жобосун жүзөгө ашырып турган улуу күч-тарбия механизми аркылуу гана коом коом катары сакталат жана келечекке карай илгерилеп өнүгөт.

Тарыхта эч бир коом адеп-ахлаксыздык менен ийгиликке жетише алган эмес. Бул өкүмдүн сыртында калгандар барбы, жокпу билбейм, бирок узак убакытка чейин тарыхтан өчүп кетпей, туруктуу кала алган элдердин адеп-ахлак баалуулуктарына маани бергендиги шексиз.

Бүгүн коомубуздун адеп-ахлак кризисине дуушар болгондугу чындык. Республикада коррупция илдети күчүндө туруп жатат. Мектептерди рэкет оорусу каптагандыгы белгилүү. Азыр жаштардын интеллектиси, маалыматтуулугу, кругозору өнүгүп, ал эми алар руханий-ыймандык өнүгүү жагынан артта калып жатышат. Кыскасы, кыргыз мамлекетинин таалим-тарбия стратегиясы, программасы иштелип, системалуу

түрдө жолго коюлбагандыгынан улам өлкөдө келип чыккан вакуумду батыштык массалык маданияттын арзан стандарттары жана баш-көзсүз стихиялуулук ээлеп, түркүн күчтөр басып кетти. Бүгүн кыргыз балдардын бири баптист, бири буддист, бири хизбут-тахрир ж.б. Экономикалык жана адеп-ахлак кризисинин шарттарында коомдун биринчи ячейкасы болгон үй-бүлө өзүнүн тарбиялык функциясынан көп жагынан четтеп кетти.

Жыйынтыктаганда, коомубузду каптаган адеп-ахлак кризисинин шартында эгемендүү кыргыз мамлекети өлкөдөгү тарбия институттарына так багыт, нуска болуп бере тургандай улуттук дөөлөттөргө, элдик рухий, адептик-ыймандык нарктарга жана жалпы адамзаттык моралдык кенчтерге негизделген таалим-тарбия стратегиясын, концепциясын түзүп, кабыл алып, анын негизинде узак мөөнөттүү тарбия программасын, практикалык иш-чаралардын комплексин жүзөөгө ашырышы күн тартибинде турган зарыл милдет. Элдик негизге таянбаган тарбия күткөндөй түшүм бербестигин тарыхый тажрыйба далилдеп отурат.

Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири болгон кыргыз калкы сан кылымдарды карыткан тарыхый жолунда өз тулкусуна өзөк болуп тамырлаган, ич жактан мотор сындуу айланып, жүрөк болуп кагып, жамаатка күч-кубат, өмүр-жашоо берип келген өзүнүн улуттук идеясын, көөнөрбөс акыл-ой, рух дөөлөттөрүн, менталдуулугун иштеп чыккан.

Тарбия ишинин негизине алынып, мазмунун аныктай турган кенч-бул улуттук тарых. Кыргызстандын тарыхы – сыймыктана турган тарых.

«Байлыктын атасы–эмгек, энеси–жер», “мээнетиң катуу болсо, татканың татуу болот” деп насыятталат кыргыз эл макалында. Муну менен азыркы жаштар сабак алса болгудай макалдарыбыз арбын эле кездешет. Азыркы өсүп келе жаткан жаштарды тарбиялоодо улуу муундун насааттары түздөн-түз үлгү болуп, аны жаштарыбыз өзүнө туура багытта, туура мааниде тарбиялык жагын алса, анда Кыргызстандын келечеги алдыда.

**-Топчубай агай, дегеле быйылкы жылдын алкагында дагы кандайдыр бир сунуштар болсо, каалоо тилектер болсо мүмкүнчүлүк берели, жыйынтыктоочу сөзүңүз?**

-Быйыл «Тарых жана маданият» жылында барган сайын убакыт аздап, ойлорубуз көбөйүп жатат, мына жакында эле Ош шаарынын күнүн белгилегени турабы. Ош шаары нечен кылымдарды карыткан байыркы шаар аталышы менен белгилүү экенин билебиз. Ош шаары байыркы доорлордо Улуу Жибек жолундагы кербендер токтоп, дем алып кетүүчү маанилүү борбор болгон. Эгерде Ош шаарынын байыркы тургун жай катары тарыхына кылчайсак, анда ал үч миң жылдан алда канча мурда башталган. Башкача айтканда 3000 жыл мурда эле (Ошто) шаар пайда болгон делет. Ушундай бай тарыхы, маданияты бар улуу Ош шаарынын күнүн жогорку деңгээлде өткөрүү башкы планда болуп турат. Ошонун артынан биз быйылкы жылы Ош шаарынын күнүн өткөрүү үчүн чоң программадагы эки-үч проектти иштеп чыкканы жатабыз. Биринчиден сөзсүз түрдө жылдагыдай Ош шаарынын аянтында болуп, ошондой эле Сүйүнбаев атындагы стадиондо да чоң программадагы концертибиз да болоору пландалып жатат. Ошону менен катар эле 4-октябрь шаар күнүнө карата биз дагы бир чоң программабызды жыйынтыктаганы

жатабыз, ал жерде жаш акындардын таймашынын жыйынтыгын чыгарганы турабыз, бул тууралуу бизде жарнамалык материалдар баары кеткен. Андан сырткары Ош шаарынын жаштар комитети да жигердүү иштеп, аны менен катар маданият министрлиги менен биргеликте «Жаңы обон» деген конкурсту да жарыялоо үстүндө турабыз. Бул планда элге көрүнбөй жүргөн эл таланттарын сахнага алып чыгуу жүрөт. Бизде баарыбыз билгендей 4-декабрь «Манас» күнү деп мыйзам кабыл алынган. Ушул маарекеге да чоң көлөмдөгү ой пландарыбызды ишке ашырганы жатабыз. Ош шаарында жылына 100 гө чукул майрамдык салтанаттар ишке ашырылып, маданият кызматкерлери жыл бою эл менен биргеликте иштөөдө деп айтсак болот. Буюрса алдыда максаттарыбыз көп.

**-Ийгиликтүү ишке ашырып алыңыздар демекчимин. Мамат агай, сиз да жыйынтыктоочу сөз катары быйылкы жылдын эсебинен өткөрүлгөн иш чаралар эл күткөндөй болуп жатабы, элдин ой максаттары ишке аштыбы, дегеле күтүлгөн ойлорубуз тууралуу айта кетсеңиз?**

-Быйылкы жыл Кыргызстандын маданият тармагында өзгөчө шаң болду. Буга мисал кылып, кыргыз тарыхында жарк эткен маданий окуя катары изин салган - Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын айтсак болот. Кыргызстанга келген эл аралык байкоочулардын айтуусунда, сентябрь айында өткөн бул иш-чара кошуна өлкөлөрдүн гана эмес, дүйнө элинин көңүлүн бурган эң масштабдуу маданий окуя болуп калды.

Биздин элибиз, жаштарыбыз тарыхты билбесе маданиятты да түшүнбөй калат. Ошондуктан бул эки түшүнүктү чогуу кароо керек. Быйылкы жыл тарых жана

маданият жылы деп аталып, буга байланыштуу катар-катар менен өтүп жаткан иш-чаралар өзгөчө жаштарыбызга, элге аябай чоң таасир берди. Бул жерде Көчмөндөр оюндарын айтпай кетүү мүмкүн эмес. Кырчын жайлоосунда жана Чолпон-Ата шаарында өткөн бул фестиваль өзгөчө рухту ойготту. Кыргызды дүйнө элине таанытты. Канча өлкө бизди суктанып карап турду. Ошондой эле быйылкы жылдын тарых жана маданият жылы деп аталып калышына да өзгөчө бир ачылыштар болуп өттү. Алардын катарында "Бурана" археологиялык-архитектуралык комплексинде түрк каганатынын тарыхы боюнча музейдин ачылуу аземи да өтүп, ага кыргызстандык окумуштуулардан сырткары, чет жердик белгилүү кыргыз таануучу, түркolog, археолог окумуштуулар катышкан.

Элдин мүдөөсү ишке ашты десек болот. Себеби быйылкы жылдын алкагында аябай көп салтанатту маарекелер, иш чаралар, эң негизгиси дүйнөлүк көчмөндөр оюнундагы жетишкен ийгиликтерибизди айтсак болот. Маданият кызматкерлеринин күжүрмөн эмгектери менен көптөгөн манилүү иш чараларбызды ийгиликтүү деңгээлде өткөрүп алдык. Быйылкы жылы тарыхчыларыбыз өзгөчө дем күч менен иштеп, болгон аракеттерин жумшап тарыхка көп көңүл бурулду десек жаңылышпайбыз.

**-Бүгүнкү маегиңиздер үчүн сиздерге чоң ыразычылык билдирип, дагы да ушундай алгылыктуу иштердин көч башында жүрө бериңиздер демекчимин, саламатта туруңуздар.**

***Даярдаган: Тургунбай Алдакулов,***
***ЭЛТР мамлекеттик телерадиокомпанисынын***

***“КҮН МАЕК” теледолбоорунун редактору, журналист, алып баруучу***

# ЭлТР мамлекеттик телерадио компаниясынын «Илим ааламы» телекөрсөтүүсүнүн редактору Өмүрзак Азимкуловдун Маматибраим Самиев менен болгон маеги:




**-Биздин коомдо ыйман, адеп-ахлак, тарбия деген түшүнүктөр бир топ төмөндөп кеткенин моюнга алышыбыз керек. Чынын айтканда көр турмуштун айынан келечек муунга тарбия берүү экинчи планга калып, жүрүм-туруму анча эмес муун калыптанып баратат. Кээде улуу муундагы адамдарыбыз деле жоосунсуз жоруктары менен жакабызды карматкан учурлар дагы кездешип калат. Бул жылы дал ушул багыттагы иштер аткарылып, жыйынтык чыгаруу максаты коюлду. Демек ар бирибиз ушул багыттагы алгылыктуу иштерди аткарышыбыз керек деген максаттуу ойлор козголуп, биздин мамлекетте 2017-жыл баарыбызга белгилүү болгондой «Ыйман, адеп**

**жана маданият» жылы деп жарыяланды. Ошол эле учурда илим-билим дагы ыймандуу болушу керек деген бүгүнкү студиянын коногу техника илимдеринин кандидаты, доцент, КР УИА ТБнын А.Ш. Жаманбаев атындагы ЖТИнын улук илимий кызматкери, Ош технологиялык университетинин курулуш кафедрасынын доценти Маматибраим Самиев. Бүгүнкү «Илим ааламы» көрсөтүүсүнүн чыгарылышы илим жана ыйман темасына арналат. Саламатсызбы, агай!**

-Рахмат, саламатсыздарбы.

**-Жогоруда айтып кеткендей, азыркы жаш муундун ыйман, адеп-ахлагына кандай пикирди билдиресиз?**

-Ыйман жөнүндө айтсам, ыйман бул - ишенүү, башкача айтканда чынчыл, ишенүүгө татыктуу адам. Адамдын ыйманы жакшы, сооп иштерди кылуу менен күчөйт, жаман, күнөө иштерди кылуу менен азаят. Илим менен ыйманды бир тараптуу карасак болот, себеби илимдүү адам ыйман даражасынан эч качан алыстабашы керек. Качан гана жүрөктө ыйман ыроолоп турса, илим-билим өзү жол тартып келет. Ыйман өзү негизи чоң илим. Адам илимдүү болушу мүмкүн, бирок ыймандуу болушу кыйын. Чыңгыз Айтматов «Адамга күн сайын адам болуу кыйын» дегендей, адам эң биринчиден адам болушу керек, андан кийин илим болсо жакшы болот. Адам көп илимдерди жасашы мүмкүн, бирок ошол илимди туура пайдалануу да кыйын. Себеби ыйманы жок адам аны туура эмес башка багытта пайдаланып коюшу мүмкүн. Ал эми ыйманы күчтүү адам кээ бир илимдерди жасап жатып дагы туура эмес жерине келсе илимин токтотуп коюшу ыктымал. Мындай айтканда канчалык ыйман, тарбия, адеп-ахлак сыпаттары күчтүү

болсо, коомго ошончолук пайдасы көбүрөөк тиет. Эң биринчиден биз коом үчүн жакшы кызмат кылып берсек, ал да биз үчүн жакшы шарттарды түзүп берет.

Ар бир инсанда терең ыйман-адепти, аң-сезимди жана түшүнүктөрдү калыптандыруу, ыймандуулукка тарбиялоо, жүрүм-турумда адамдык жана коомдук нарк насилге төп келген күнүмдүк адаттарды чечүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Коомдун өнүгүүсүнүн деңгээли ар убак анын адептик, рухий-ыймандык намысы, даражасы менен өлчөнүп келген. Адамдын акылын, билимин өстүрүп, ал эми анын адебин, ыйманын өстүрбөй туруп, аны ар тараптан шайкеш өнүккөн инсан кылып жетилтүү мүмкүн эмес. Ошондуктан бул маселе үй-бүлөдөн тартып мамлекеттик деңгээлге чейин ар убак көңүлдүн борборунда турушу зарыл.

Коомдук өнүгүүнүн бүгүнкү кезегинде жаштарга адептик, рухий - ыймандык таалим тарбия берүүгө бөтөнчө олуттуу көңүл бурулуп жатуусу жок жеринен эмес.

Кырдаалдын татаалдыгынын, адеп-ыймандын акырындап жок болуп бараткандыгынын, Батыш өлкөлөрүнүн маданиятынын биздин мектеп окуучуларына, жогорку окуу жайларга жана үй-бүлөгө тийгизген таасири өтө чоң. Ошондуктан жаңыча социалдык - экономикалык маселелердин орношу; коомдогу жана адамдардын ортосундагы мамилесин татаалданышы; зордук–зомбулуктун, ыпластыктын, мансапка, байлыкка, жеңил оокатка умтулуу сыяктуу терс көрүнүштөрдүн орун алышы бүгүн билимдүү, маданияттуу, акыл - эстүү гана эмес, адептүү, ыймандуу, өзүнүн жана элинин тагдыры үчүн жоопкер боло билген адамды калыптандыруу талабын алдыга коюуда.

Көп учурда адеп-ахлактык тазалык менен ыймандуулукка да ушундай мамиле жасалат. Бүгүн көп адамдар өздөрүнүн адеп-ахлак тазалыгына анча маани беришпейт. Кээ бирөөлөр аны азыркы жашоого төп келишпеген эски түшүнүк деп эсептеп, болбогон нерсеге алмаштырышат. Жүрөгүбүз адеп-ахлактык тазалыкка өзүнөн өзү эле умтулбайт. Аны туура нукка өзүбүз багытташыбыз керек. Мунун бир жолу - адеп-ахлактык тазалыктын канчалык баалуу экендиги жөнүндө ой жүгүртүү.

Тарыхта эч бир коом адеп-ахлаксыздык менен ийгиликке жетише алган эмес. Бул өкүмдүн сыртында калгандар барбы, жокпу билбейм, бирок узак убакытка чейин тарыхтан өчүп кетпей, туруктуу кала алган элдердин адеп-ахлак баалуулуктарына маани бергендиги шексиз.

Менин оюмда ар бир инсан төмөнкү ынанымдарга, билгичтиктерге ээ болушу зарыл:

- адептик - ыйман билимдерге ээ болуп, өз жүрүм – турумунда адеп токтомдорун калыптандыруу жана аларды колдоно билүү;

- өзүнүн инсандык, адеп-ахлак сапаттарын, мүнөзүн алдынкы моралдык өрнөктөргө багыттап калыптандыруу;

- өзүн - өзү тарбиялоонун план - программасын түзө билүү жана реалдуу иш-аракет менен бекемдөө.

- жалпы адамзаттык рухий-ыймандык дөөлөттөрдү билүү жана урматтоо;

- улуттук нарк-насил, элдик педагогиканын көөнөрбөс салттарын жана дөөлөт-мурастарын өздөштүрүү;

- элдик салттуу диний ишенимдери менен таанышуу жана диндердин адептик -маданий маңызын аныктоо;

- улуу инсандардын адептик-ыйман ойлору менен таанышуу;

- Ата журттун адептик маданиятын билүү.

**-Демек, адам ыймандуу болсо коомго эч кандай залакасын тийгизбейт. Күчтүү илимпоздор чыгышы үчүн мамлекетте билим берүү системасы сапаттуу болушу керек, анткени ал кадрлардын булагы. Илимди колдоо үчүн мамлекет атайын гранттык уюм түзсо болмок. Анткени мамлекет илимге сөзсүз колдоо көрсөтүшү зарыл. Дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарында илимди колдогон мамлекеттик гранттык фонддор бар экени белгилүү, ага мамлекет өзү каражат бөлүп жардам берет. Биз азыркы мезгилде Орто Азияда балдарыбыздын билим деңгээли, ыйманы менен көтөрүлө алабыз. Балдарга көбүрөөк мүмкүнчүлүк берип колдой алсак Кыргызстан өнүгө алат деген пикирге кандай карайсыз?**

-Адам баласы үчүн чыныгы жашоо илим-билимдин коштоосунда гана болгондуктан, илим алып жана алган илимин башкаларга үйрөтүүгө кайдыгер карагандар тирүүнүн өлүгү. Себеби, адам баласынын жаралышынын эң негизги максаты - көрүп-билип, үйрөнүү жана үйрөнгөндөрүн башкаларга үйрөтүү. Адамдын туура чечим кабылдашы акыл-эске жана ой-пикирге жараша болот. Акыл жана ой жүгүртүү илим-билимге байланыштуу. Ошондуктан, илим-билим болбогон жерде акыл таасирсиз, кабылданган чечимдер жаңылыш.

Бир сөздүккө ылайык, илим бул - «табиятты, материалдык жана физикалык ааламды байкоо салуунун, тажрыйба жүргүзүүнүн, эсептеп-өлчөөнүн негизинде системалуу түрдө изилдөө». Мындай изилдөөнү абдан оор жана көбүнчө майнапсыз болуп

кала турган эмгек деп айтууга болот. Себеби илимпоздордун жумалап, айлап, ал тургай жылдап созулган изилдөөлөрү, тажрыйбалары кээде эч кандай натыйжа бербей калат. Анткен менен адамзатка көп пайдасын тийгизген жыйынтыктар да болот.

Бүгүнкү күндө дээрлик бардык адамдар колдонгон чөнтөк телефон, компьютер, интернет, учактар, кайсы бир оорудан айыгууга же ден соолукту чыңдаганга жардам берген дары-дармектер - ушунун баары илимий жетишкендиктердин жемиши. Ооба, илимдин жашоодо пайдасы чоң деп айтууга болот. Илим-билимдин арты менен жеткен мансап, башка жолдор менен жеткен мансапка караганда даражасы бийик жана сапары узак болот. Себеби илим адамды бул дүйнөдө жаман иштерден оолактатып, улуу сапаттарга ээ кылса, Акыретте ал ыйманы жана билими менен кыялында сүрөттөгөн даражадан да жогорку даражаларга жеткирүү менен бактыга бөлөйт.

Кыргыз илими негизинен аябай бай келет. Бирок бардык нерсе барып акча каражатына такалганда илимди өнүктүрүү, өркүндөтүү бир аз кыйынчылык жаратары шексиз. Көпчүлүк мамлекеттер азыр илимге болгон көз карашын өзгөрттү десек болот. Алардын катарында жакынкы эле коңшулаш өлкөлөрдөн Казакстан, Россия, Өзбекстан жана башка бир катар өлкөлөр илимге болгон көз карашын өзгөрттү. Ал эми Сингапур сыяктуу өнүккөн мамлекеттерди айтпай эле коелу, себеби алар илим-билимдин туу чокусуна жетип калган эмеспи. Илимди өнүктүрүү үчүн чынында эле өтө чоң суммадагы акча каражаты керектелери белгилүү. Себеби илимий иштерди жасоого, кандайдыр бир илимий чыгарылыштарды ойлоп таап, аларды элге жайылтуу үчүн канчалаган мээнет кетет. Ал эми ал

мээнетти текке кетирбөө максатында акча жагынан каржылоо сөзсүз керек. Бизде Кыргызстанда технологиялык жактан камсыздоо чынында эле жетишсиз. Илимге жаңылык киргизүү үчүн техникалык жактан камсыз болуп акча каражаты жетиштүү деңгээлде бөлүнбөсө анда өнүгүү болбойт. Кыскача айтканда илимий адам өз изилдөөсүнүн үстүндө иштеши үчүн ага эң биринчиден мамлекет тарабынан колдоо керек.

Фергана өрөөнүн эле алып карасак, илимдүү адамдар көп болгон десек жаңылышпайбыз. Оштогу Имам Аль Бухари мечитин карасак, ал мечиттин антип аталып калышына Бухара жеринен чыккан илимпоз илимге өзүнүн жаңы идеяларын киргизип, анын үстүндө иштегени үчүн, илимге кандайдыр бир жаңылык киргизгени үчүн мечитке анын аты берилип калган. Фергана өрөөнүн илимпоздордун өрөөнү деп койсок болот. Кыргызстан каражат жагынан жакшы болбосо да, илим-билим жагынан жаштарда кызыгуу, умтулуу дайыма бар жана болуп келет. Илимий адамдар акча каражаты аз болсо да илим дүйнөсүнө сүңгүп кире алат, себеби аларда илимий изденүү, алга карай жылуу, келечекке болгон ишеним күч.

**-Маматибраим Самиев көп кырдуу илимий илимпоз катары таанымал, техника илимине да, тарых илимине да байма-бай салым кошуп келе жатканына 40 жылга жакын убакыт болуптур. 20дан ашуун илимий эмгектердин автору. Кыргыз илиминдеги тоскоолдуктар жана өзгөрүүлөргө токтолсоңуз.**

-Дүйнө жүзүндөгү илимий жетишкендиктер, инновациялык жабдыктар адам жашоосун өзгөртүүдө. Алсак айдоочусуз авто унаалар чыгып, компьютер менен башкарууга болгон хирургиялык аспаптар дарыгерлерди кубандырып, тамак-аш жасап, үй жыйнаган робот-

тордун пайда болушу да бул илим-технологиянын өнүккөнүнөн жана адам жашоосунун жеңилдегенинен кабар берет.

Дүйнөнүн бир катар өнүккөн өлкөлөрүндө келечек илимпоздорду даярдоодо теорияга караганда практикалык иштерге көбүрөөк убакыт бөлүнүп, лабораторияда иштешет. Кыргызстандын да бул тенденцияда өз орду бар дешет адистер. Бирок акыркы 15 жылда илимди колдоо, каржылоо бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бере албагандыктан илим тармагы солгундай түшкөнүн моюнга алуу керек.

Ааламдашуу процессине өнүккөн өлкөлөр өзүнүн программасын чыгарып буга каршы коюп жатат. Ааламдашуу процессине бир гана илимпоздор берилип иштеши керек эмес, ага жалпы элди тартуу керек. Өкмөт дагы өзүнүн программасын киргизүүсү абзел. Башка өнүккөн мамлекеттер программаларын алып жакшы жакка пайдаланып жатат. Бул жерде да жалпы элдин кызыкчылыгы жатат. Биздин илимпоздор илим жагынан иштегенге бардык жагынан төп келишет, акыл жагынан да, ойлоп табуу жагынан да. Бирок аларга эң биринчиден колдоо керек, мамлекеттик деңгээлдеби же болбосо кандайдыр бир гранттын негизиндеби, сөзсүз түрдө колдоо керек.

**-Техника илимдеринин кандидаты, милициянын ардактуу полковниги Маматибраим Самиев Кыргыз тарыхын да изилдеп келет. Бул багытта «Кыргыз эли улуу, түптүү эл» аттуу Хакас, Алтай элдеринин маалыматтарына таянып чыгарган китеби да бар. Манасты кыргыз элинин тарыхынан бөлүп кароого мүмкүн эмес деп айткан илимий адам, тарыхыбыз айрым учурда бурмаланып жазылып калганына да тынчсызданууда. Дегеним кыргыз элин караңгы,**

**тарыхы жок, түпсүз эл деп айткан жазылмалар да жок эмес. Тарыхты изилдеп калууңуздун себебине токтолсоңуз?**

-Кыргыздар биздин заманга чейин 201-жылы эле кытай жазмаларында “гегунь” деген аталыш менен белгилүү болгон. Ар кайсы жылдарда мамлекет куруу идеялары көтөрүлгөн. Тарыхый булактар тарыхый маалыматты алып жүргөн, же андай маалымат сакталган оозеки иретиндеги, буюм же жазуу жүзүндөгү предмет. Мындай булактарсыз тарых жазылбайт жана тарыхта жаңы ачылыштар жаралбайт.

Албетте булактар ар кандай шартта, ар кандай көз караштагы авторлор тарабынан жаралышы мүмкүн. Изилдөөчүлөрдүн милдети-алынган булактарды чечмелеп, илимге киргизүү болуп саналат. Кыргызстандын, анын ичинде кыргыздардын жана коңшу мамлекеттердин аймагында жашаган элдер жөнүндөгү жазма булактар байыркы кытай тилдеринде кездешет.

Тарыхый изилдөөлөргө жоопкерчилик менен мамиле жасалып, обьективдүүлүк жана тарыхыйлуулук принциби жетекчиликке алынышы керек. Андыктан мезгил талабына жараша айрым тарыхый жагдайлар кайрадан каралып чыгышы мыйзам ченемдүү. Окумуштуулардын арасындагы кайчы пикирлердин болушу демейдеги көрүнүш. Бирок, тигил же бул маселелерге келгенде орток пикир болушу шарт, өзгөчө окуу китептериндеги маалыматтар көпчүлүк изилдөөчүлөр ынанган пикирлерге негизделиши керек. Кыргыз тарыхын бир жылда изилдеп-иликтеп, тастыктап чыгуу албетте, мүмкүн эмес.

Ар бир тарыхчынын өзү изилдеген багыты, көтөргөн проблемасы бар. Ошондон улам кээ бирлери саясий, тарых, айрымдары маданияттын тарыхы,

социалдык-экономикалык тарых, же инсандардын тарыхы менен алектенишет.

Мен жеке изилдөөчү катары кыргыздын улуу мурасы болгон Манасты изилдөө багытында жүрөм. Анткени биздин тарыхтын тамыры Манаска барып такалары шексиз. Ошонун катарында эле кыргыз-хакас, якут, алтай байланыштарын да изилдеп иликтеп жүргөн кезим. Тарыхты изилдедим, себеби тарыхты бурмалагандар аябай эле көп. Ошонун катарында саясатчылар да тарыхты өзгөртүүгө көп аракет кылышат. Кээде ал жазылмалар туура болуп элге жеткирген учурлар да кездешип калат, ошонун негизинде тарыхты жекече изилдөөгө туура келди. Тарыхты Кытайга, Түркияга, Россияга (Алтай) чейин барып изилдегенге туура келген. Тарыхты тактоо үчүн биринчиден жазма тарыхтарга, тарыхый эстеликтерге, таш жазууларга таянып гана жазуу керек. Себеби ал жазуулар тарыхтын кандай кырдаалда болгонунун так далили десек болот. Тарых дегенде кандайдыр бир жерге, же нерсеге из калтырылган жазуубу же эстелик сыяктуу далилдерге таянып, иш туткан адамдар гана тарыхтын түп тамырына жетээри шексиз. Анткени өткөн кылымдын адамдары басып өткөн жолун жазып, чийип, из калтыруу максатында далил катары таштап кетишкен.

Кыргызстан таш жазууларга өтө бай. Анын далили катары Саймалуу-Ташты айтсак болот. **Саймалуу-Таш** Фергана тоо кыркаларынын эң бийик чокуларында биздин заманга чейинки миңинчи жана эки миңинчи жылдар аралыгында аскадагы таштарга чегилген сүрөттөр, чиймелер, жазуулар. Болжолу 10 гектардай аянтта сызуу-чийүүлөр ачык асман алдында жатат. Жетүүгө абдан кыйын, тоо башында болгондуктан бул жерди кыргызстандыктардын да көбү көргөн эмес. Таш

бетинде жаа тартып жаткан, ат минип бараткан жана ар кандай белгилерди түшүндүргөн адам сөлөкөттөрү, жаныбарлар: аттар, тоо аркар, эчки-теке, бугу, төө, илбирс, карышкыр, каман, ит, жылан жана башка нерселер түшүрүлгөн.

Кээ бир таш беттеринде күндүн сүрөтү чегилген. Күндү кармаган, күндү башына кийген адамдардын сөлөкөтү түшүрүлгөн. Ошондой эле Саймалуу-Таштан кош өгүз чегилген сокону кармаган адамды көргөндө коло доорунда эле байыркы уруулар жер айдоону, эгин эккенди билгенине ынанасың. Көбү символдор. Көпчүлүгүнүн маанисин түшүнүү кыйын. Кээ бир таштар бөлүнүп калган. Бул жерлер дагы көп изилденген эмес.

Ал жердеги таш жазуулар Алтайдагы таш жазууларга абдан эле окшош. Себеби элдердин бири-бири менен болгон карым-катыштары болгон дегендин далили десек болот. Алтайда (Хакасия) азыркы күнгө чейин тээ илгери ата-бабаларыбыз колдонгон салдар (кеме) бар, алар дагы да сакталып келе жатат. Ошол жерде эски там үйлөр, мүрзөлөр бар. Ошондой эле кыргыздар жасаган канжар кылычтар да болгон, ошол убакта ал кылычтар тээ алыскы Аравияга чейин соодаланган. Кыргыздар ошол кездери эле ширетип иштегенди билген, ошол себептен аларга метроид дегенди беришкен. Метроидден жасалган металды миз кылып туруп болоттун мизине беришкен. Ал жада калса болотто дагы из калтырган, себеби ошончолук катуу темир болгону белгилүү болгон.

**-Мындай фактылар кыргыздын улуу, түптүү, байыркы эл экенинен кабар берет. Түптүүлүгүбүздү, улуулугубузду Кытай жазылмаларынан да тапса**

**болот. Жусуп Мамай менен кантип жолугуп калдыңыз эле?**

-Жусуп Мамай атабызга жолугуунун өзү биз үчүн чоң сыймык болду. Анткени Манасты дүйнө элине таанытып, кыргыздын улуу тарыхын кылымдарга калтырып, урпактарга жеткирүүнүн өзү чоң түйшүк. Жусуп Мамай атабыздын өмүр таржымалына кайрылып өтсөк.

Жусуп Мамай 1918-жылы 4-майда Чыгыш Түркстандагы (азыркы Кытай Эл Республикасынын Шинжаң-Уйгур автоном районундагы) Ак-Чий ооданынын Меркеч (айрым маалыматтарда Кара-Булак) айылынын Ат-Жайлоо конушунда туулган.

Жусуп Мамай динди катуу карманган такыба үй-бүлөдө туулгандыктан 7 жашынан эле кат тааныган. Демек, анын коомго болгон көз карашы диний идеологиянын мазмуну менен чагылып берилген. Демек, бул өзгөчөлүк анын манасчылыгына таасирин тийгизбей койгон эмес.

Жусуп Мамай кыргыздын черик уруусунан болот, анын ата-бабалары Кыргызстандан барып калгандыгын өзү айтып берип жатты. Жусуптун атасы Мамай колунда бар, эл аралаган, көптү көргөн адам болгон. Ал көркөм сөз өнөр ээлери менен тааныш, атүгүл тыгыз байланышта болуп жүргөн. Башка манасчылардай эле Жусуп Мамайдын да «Манас» айтып калышына аян берүү себеп болгондугун белгилейт. Ал 10 жашар кезинде түш көрөт. Түшүндө күүгүм кирип бараткан кез болуп, алдында жайдак тору ат минген, өңү кара тору келген, калың эриндүү киши пайда болот. Ал Жусуп Мамайга карап алдыда турган боз атчандарды көрсөтөт. Алардын бири Манас, бири Бакай, Чубак, дагы бири Алманбет болот. Ошентип түшүнө аян берген соң

Жусуптун атасы Мамай козу союп, айылдагыларга түлөө берген экен.

Бул окуядан кийин Жусуптун атасы Мамай менен агасы Балбай Жусупка 40 жашка чыкмайын ашкере Манас айтпа деп табыштайт. Себеби, ал кездеги кырдаалдан чочулаган агасы Балбай «Манас бул бир тирүү олуя. Адам жаш кезде түркүн-түстүү иштерге жолугат, жеңилдик кылып кээ бир иштерден сактануу керек, жашың кырктан ашмайынча «Манас» айтып жүрбө, болбосо олуянын ойлогонуна кайчы өзүң балээ таап аласың» деп айткан экен. Атасы менен агасынын сөзүнөн чыкпай, «Манасты» эл алдында айтпай жүргөнү менен, Жусуп уктап жатканда түнү бою Манас айтып чыккан учурлары да болгон дешет.

Жусуп Мамай 1940-жылы 22 жаш курагында «Манасты» эл алдында биринчи жолу айткан. Бедел ашуусунда жол салып жаткан 500 киши күндүзү оор эмгек кылып, кечте чарчаганда, ошол кездеги манасчы Жумакун Мамбетакун менен Жунус Алыбайга манас айттырышчу экен. Буулугуп жүргөн Жусуп күндө эле бир мазмунду кайталаган бул манасчылардын айтканын угуп толкундап манас айтып кирет да, токтоно албай 3 түн айтат. Ошондон тарта элге чоң манасчы катары белгилүү болот.

Ошентип Жусуп Мамай алгач Ак-Чий Какшаалда, кийинчерээк бүтүндөй Кызыл-Суу, Шиң-Жанда манасчы катары белгилүү болуп, эл оозуна гана эмес, Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнө да байкоого алынган.

Ал Кыргызстанга биринчи ирет 1992-жылы манасчы Сагымбай Орозбаковдун 125 жылдык маарекесине, экинчи жолу 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине ардактуу конок катары чакыртылган.

Жусуп Мамай Кызыл-Суулук кытай кыргыздарынын гана эмес, бүтүндөй аалам кыргыздарынын улуу манасчыларынын бири, коомдук ишмер. Кыргыз Республикасынын эл артисти, биринчи даражадагы «Манас» орденинин ээси.

Жусуп Мамайдан «Манас» эпосун жазып алуу 1961-жылы жазда башталган. Ошол жылы Шинжаң Уйгур автономиялык районунун борборунда адабият көркөм өнөрчүлөр бирикмеси уюштурулуп, Жусуп Мамайдын айткан «Манас» вариантын жаздыруу үчүн атайын топ түзүлгөн болучу. 6 айга жакын убакыт ичинде Манастын беш урпагынан 110000 сапка жакын айтып берип, жыйноочулар кагазга түшүрө башташкан. Андан соң экинчи, үчүнчү жазылмалары жазылып алынган. Албетте мындай дүйнөгө бир келүүчү Жусуп Мамайдай манасчынын айткандарын сөзмө сөз жазып албасак анда биз улуу тарыхыбызды, улуу мурасыбыз Манасты жоготконго барабар болмок.

Ошентип, Жусуп Мамайдын 230000 сап ашуун варианты Кытайда жашаган улуттардын оозеки чыгармачылыгындагы эң көлөмдүү чыгарма болуп эсептелет.

«Манас» эпосу бир гана адамдын чыгармасы эмес, бүтүндөй кыргыз элинин чыгармасы экендиги талашсыз. Ошондуктан, андагы ар бир мыкты табылга жалпыга, бүт элге таандык деп эсептелген.

Үч улуу манасчылар - Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев жана Жусуп Мамайдын варианттары «Манастын» бүгүн колдо болгон варианттарынын ичиндеги эң толук жана жогорку деңгээлдеги үлгүлөрүнөн десек жаңылышпайбыз.

Дегеле «Манас» эпосун жайылтуу жагында көп тармактуу, перспективалуу иш чаралардын планы кабыл

алынышы керек. Көркөм тасма тартуудан баштап, анимациялык фильмдерге чейин, салмактуу театрдан кичи сахна сюжеттерине чейин, иллюстрациялык сүрөттөргө чейин, деги азыркы заманбап каражаттарынын бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен Манас ааламын дүйнө элине таанытуу зарыл.

Ал эми тарыхты бурмалоо боюнча чынында эле чындыкка жатпаган нерселер арбын. Биздин тарыхтын аябай чоң жыйындысы Кытайда сакталган. Алар өз пикирлеринде ошол убакта териге жазылган жазууларды эч качан өчүрүүгө болбостугун белгилешкен. Тарыхты болгонун болгондой айтуу кажет.

«Манас» тууралуу элдер биринчи укканда муну жөн эле эпос деп коюшкан. Эпос деген бул чындыгында жомоктон айырмасы жок чыгарма дегендик эмеспи. Манасты миф катары да, легенда катары да карап, анан акыр аягында бул тарых деп койгон. Ошонун айынан Манас тууралуу айтылган маалыматтарды изилдөөнү чечтим. Эң эле биринчи муну тактоо үчүн Жусуп Мамай атабызга бардык. Булардын баарынын негизинде алып караганда Манас жөнүндө 3 түркүн божомолдор айтылган экен. 1995-жылы Манастын 1000 жылдыгы белгиленгени баарыбызга белгилүү. Биз кыргыз эли өзүбүздүн тарыхый эпосубузду баалай албай турганда, кытайлар «Манас» эпосун кыргыз элинин тарыхый эпосу деп кабыл алып, ЮНЕСКОго каттатып коюшкан. Ал эми Кыргызстан эпикалык эпос деп гана кабыл алды. Бул деген чындыкка алып караганда кыргыз эли үчүн өтө эле уят деп эсептесек болот, кытай эли тарыхый эпос деп кабыл алып жатканда биздин кыргыздардын кылган бул кылыгы чындыкка жатпайт.

**-Илимпоздордун саясатка аралашуусу, илимий изилдөөсүн токтотуп баш аягы менен саясат артын**

**кубалап жүргөндөр, ошондой эле жаштарга эч кандай мамлекет тарабынан колдоонун жоктугу жан кейитет. Кандидаттык даражасын жактаса айлык акысына 3000 сом, ал эми доктордук диссертациясын жактаса анда 6000 сом акча каражаты кошулары белгилүү. Бирок бул наамдарды жактоонун өзү бир түйшүк, мунун баары акчага келип такалат. Ошондуктан Кыргызстандын келечеги болгон жаштарга колдоо көрсөтүп, мамлекетибиздин өнүгүшүнө салым кошолу демекчибиз. Жыйынтыктоочу сөзүңүз?**

-Азыр жаштар убактысын билим алууга, өз тажрыйбасын өркүндөтүүгө, чыгармачылыгын өстүрүүгө, дүйнө таанымын кеңейтүүгө коротуусу керек эмеспи.

Бүгүн Кыргызстандагы эң бир боор ооруй турган көрүнүштөрдүн бири да дал ушул жаштар маселеси. Улуу муундун өкүлдөрү жаштарды билимдүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялагандын ордуна үнсүз же болбосо сындап гана отургандыгы буга себеп болууда. Элибизде башкы көч кайда барса, кийинкиси аны улайт деген жакшы сөз бар. Ага таяна турган болсок, келечегибиз деп жаткан жаштардын бүгүнкү абалынын оорлошуна улуу муундун түздөн-түз тиешеси бар экендиги көрүнүп турат. Келечек ээси болгон жаштарыбызга бардык тараптан колдоо көрсөтүп, кайдыгерликтен алыс болсок гана Кыргызстандын өнүгүшүнө салым кошо алабыз.

***Маектешкен: Өмүрзак Азимкулов,***
***ЭлТР мамлекеттик телерадио компаниясынын***
***«Илим ааламы» телекөрсөтүүсүнүн редактору***

# Мазмуну

Редактордон........................................................ 3

ОшТВ телерадио компаниясынын «Манас тарыхый инсан» аттуу темада Манас изилдөөчү, милициянын ардагери Маматибраим Самиев менен болгон маеги........................................................ 6

Самиев Мирбектин ОшТВ жана КТРК телерадио компаниясына берген интервьюсу. Атайын репортаж........................................................ 15

Правительственный вестник КТРК................................ 18

КТРК студиясы........................................................ 23

ЭлТР телерадиокомпаниясынын ТЕЛЕ КЛИНИКА долбоорунун алып баруучусу Зинагүл Термечикованын КУРГАК УЧУК (туберкулез) оорусуна арналган телеберүүсүндө дарыгер-фтизиатр Назгүл Самиева менен болгон маеги................................ 28

Милициянын ардагери, Манас изилдөөчү Маматибраи Самиевдин КТРК мамлекеттик телерадиокомпаниясынын «Замана» студиясынын журналистине берген маеги.................................... 42

Милициянын отставкадагы полковниги, жазуучу жана Манас таануучу Маматибраим Самиевдин “Эң башкысы” теле көрсөтүүсүнүн автору, журналист Тургунбай Алдакулов менен “Ош Пирим” телерадио компаниясында болгон маеги........................................ 48

"Мен Кыргызстандыкмын" телекөрсөтүү долбоорунун редактору, акын, котормочу Мураталиев Алишердин Маматибраим Самиев менен болгон маеги................... 63

ЭлТР мамлекеттик телерадио компаниясынын редактору, журналист, алып баруучу Зульфия Кожоеванын «ЫРЫСКЫ» ток-шоусунун 2016-ЖЫЛ ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЖЫЛЫНА КАРАТА арналган көрсөтүүсүндөгү ОшМУнун профессору, тарых илимдеринин кандидаты Турдумамат Кадыров, ОшМУнун тарых факультетинин деканы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Сыдык Смадияров жана коомдук ишмер, Манас таануучу Маматибраим Самиев менен болгон баарлашуусу......................... 78

ЭлТР мамлекеттик телерадио компаниясынын журналисти, алып баруучу, "КҮН МАЕК" теледолбоорунун редактору Тургунбай Алдакулов менен 2016-ЖЫЛ ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЖЫЛЫНА КАРАТА арналган телемаек................ 90

ЭлТР мамлекеттик телерадио компаниясынын «Илим ааламы» телекөрсөтүүсүнүн редактору Өмүрзак Азимкуловдун Маматибраим Самиев менен болгон маеги……………………………………………………………. 109

САМИЕВ МАМАТИБРАИМ

# ТЕЛЕВИДЕНИЕДЕ ЖАРЫК КӨРГӨН ИНТЕРВЬЮЛАР ЖЫЙЫНДЫСЫ

Редактор: Т. Жороев
Корректор: М.Турсунбекова
Техредактору: Тойчубаев Акылбек
Жыйнаган жана компьютерге салган: Имитова Махабат

Терүүгө берилди 20.03.2017-ж. Басууга 11.06 2017-ж.
Кагаздын форматы 60х84. 1/16 8 б.т. Буйрутма №18. Нускасы 200.
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.
Тел.: моб +996 779 77 77 89, 0778 50 04 88